Б.М. Акматов, А.С. Мукамбетова



# КЫРГЫЗ ТИЛИ

# 5

ББК 373.167.1
УДК 81.2 Ки-922
А 40

Бул окуу китеби Бүткүл дүйнөлүк Банктын каржылоосу менен ишке ашырылып жаткан КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Айылдык билим берүү» долбоорунун алкагында басылып чыгарылды.

**Акматов Б., Мукамбетова А.**
А-40 **Кыргыз тили.** Орто мектептин 5-классы үчүн окуу китеби. – Б.: «Билим-компьютер», 2009. –176 б..
ISBN 987-99-67-426-96-2

Шарттуу белгилер:



— окуучуларга аныктаманын же теманын тегерегинде ойлонуусун берет.



— окуучуларга ойлонуп аныктама чыгаруусун же көнүгүүдөн өз алдынча жыйынтыктоосун туюндурат.



— окуучуларга даяр аныктаманы билдирет.



— окуучулардын интерактивдүү формада көнүгүү иштөөсүн билдирет.

А 4306020200-09

УДК 373. 167.1
ББК 81. 2 Ки-922

© Акматов Б., Мукамбетова А., 2009
© «Билим-компьютер», 2009
© КР ББжИМ, 2009

ISBN 987-99-67-426-96-2

## КИРИШҮҮ



Урматтуу досум, сен эми башталгыч класстарды аяктап, жогорку класстын окуучусу болдуң. Мындан бир жыл мурда кыргыз тилинин ички сырын жаңыдан үйрөнө баштагандардын катарына кирсең, бул окуу жылынан баштап, ошол тилде ээн-эркин ойлонуп, ал ойду кыйналбай башкаларга жеткире билүү милдети сенин алдыңда турат. Ал үчүн эмне кылышым керек деп ойлонуп жатасыңбы? Туура, өз алдынча ойлонуп көрсөң эми сага башталгыч класстардан алган билимиң аздык кыларын байкайсың. Сен эне тилиң тууралуу дагы көптү билип, билимиңди толукташың керек.

Эне тилиңде так, түшүнүктүү жана көркөм сүйлөө жана орфографиялык жактан туура жаза билүү милдети турат.

Ага жетишүү үчүн ар бир тыбышты, тыбыш аркылуу куралган сөздү туура, кыраатын келтирүү менен көрктүү сүйлөөгө жана аны ошондой деңгээлде жазууну үйрөнүүгө тийишсиң. Бул чынында оңой жумуш эмес, бирок эрежелерди үйрөнүп, туура сүйлөөгө жана жазууга жетишүү сенин колуңдан келет.

Мына эми эрежелерди үйрөнүүгө, туура жазууга, сүйлөшүүгө киришели, жаш досум. Жол алыс, кана эмесе, сапарга чыгалы.

*1-көнүгүү.*

**Өнөр алды – кызыл тил.**





***Жеке суроолор:***

Бул макалдын маанисин сен кандайча түшүндүң?

Мааниси ушуга жакын тил жөнүндө дагы кандай мисалдарды билесиң?

Эмне үчүн кыргыздар тилге терең маани беришкен? Анын себеби эмнеде деп ойлойсуң?

**Топтор үчүн тапшырмалар:**

**1-топко:** «Баш кесмек бар, тил кесмек жок». Макалдын маанисин айтып бергиле.

**2-топко:** «Жаакташкан дос болбойт» деген макалдын маанисин түшүндүргүлө.

**3-топко:** «Тилден уу да тамат, бал да тамат». Эмне үчүн ушинтип айтылып калган?

**Жалпы тапшырмалар:**

Кана, балдар, силер мына бул макалдардан сөздүн кандай маанилери бар экендигин байкадыңар?

Бул айтылган сүйлөмдөрдөн сен кандай элестүүлүктү көрүп жатасыңар?

Макал кандай сүйлөмдөрдөн турду, ал эми сүйлөм эмнеден турат?

**Өз алдынча иштөө:**

Төмөнкү макалдын маанисин ачып бергиле.

«Тилди кордосоң – сөзгө зыян,
Чөптү кордосоң – көзгө зыян».

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

*2-көнүгүү.* Балдар, буга чейин силер кыргыз тилинде сүйлөм сөздөрдөн курула тургандыгын билгенсиңер, сөздөр кандай жолдор менен жасала тургандыгын өздөштүргөнсүңөр, эми ошону эсиңерге түшүрүп, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.

1) «сөз» дегенди сен азыр кандай түшүнүп турасың?

2) сөздүн маанисинен тышкары түзүлүшү жөнүндө эмне айта аласың?

3) аны өз ара кантип ажыратууга болот?

4) сөздү ошол турушунда «майдалап», бөлүктөргө бөлүүгө мүмкүнбү?

5) эгер аны майда бөлүктөргө бөлсөң, аны кантип атай тургандыгын айтып бере аласыңбы?

6) «унгу» деген сөз сага бир нерсени түшүндүрүп жатабы?

7) «мүчө» деген сөз эмнени туюндура тургандыгын эсине түшүрчү.

**Сөздөрдүн маанилик жактан ажыратууга мүмкүн эмес болгон бөлүгү *уңгу* деп аталат.**

*3-көнүгүү.* Сүрөттү карап, өзүңдүн бардык чыгармачылыгыңды пайдаланып, текст түз. Ага тема коюп, эмне үчүн мындай тема койгонуңду түшүндүр.



*4-көнүгүү.* Эмне себептен кыргыздар сөзгө маани берип, аны айрыкча кадырлап келишкен? Төмөнкү текстти окуп, маанисин түшүндүрүп бер. Акыркы сүйлөмдү көчүрүп жазып, уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

### Чечен – сөз баккан өнөр

Кыргыз эли өз тилине абдан маани берип, ар бир сөзүн багып келген. Сөз бакканы ушул, ар бир сөздү орду менен колдонуп, ыгы келген жерде айтпаса, «сөздүн атасы өлөт»

дешкен. Сөздү ыксыз колдоно берүү аны кор туткандык деп билишкен. Эзелтен кыргыз элинде сөздү орду менен сүйлөгөн, чукугандай сөз тапкан адамдарга урмат көрсөтүлгөн жана андай адамдарды «чечендер» дешкен.

Чечендер бийлик башында турган хандарга, падышаларга, кол башчыларга да акыл кошуп, кеңеш беришкен. Ал тургай алар бийлик башындагыларга эл алдында кантип сүйлөө керектигин да үйрөтүшкөн.



? Кыргыз элинде тилге карата мына ушундай мамиле азыр сакталып калганбы же жоголуп баратабы? Кыргыз тилин сыйлабагандарга кандай карайсың?

*5-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр туура жазылганбы, окуп текшер жана ката кетирилген сөздөрдү оңдоп, аларды катыштырып, өзүң жашаган чөйрө жөнүндө чакан аңгеме жаз.

Ата, апа, чоң апа, чоң ата, үй-бүлө, ата-бала, мектеп, кагаз, аянт, калемсап, китепкап, терезе, эшик, гүлзар, алмабак, биздин.

## ТИЛ ЖАНА КЕП

*6-көнүгүү.* Төмөнкү макалды окуп чык да, ал турмушта кандай учурда колдонула тургандыгын айтып бер.

Кеп чынынан бузулбайт!





**Жеке суроолор:**

Бул макалдын маанисин ким кандай түшүндү? Өз пикирлериңерди айткыла.

«Кеп» жөнүндө дагы кандай макал билесиң?

Кыргыздар эмне себептен туура айтылган кепти баалашкан?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** «Кеп кыйшыгын жүйөчү билет». Макалдын маанисин ачып түшүндүргүлө.

**2-топко:** «Кеп жакшысын кулак билет». Макалдын маанисин түшүндүргүлө.

**3-топко:** «Кеп кутулбайт чеченден, мээнет кетпейт бечелден». Эмне себептен ушинтип айтылып калган?

**Жалпы тапшырмалар:**

Кана, балдар, силер мына бул макалдардын бирөөнү тема кылып, текст түзгүлө.

Анда белгилүү бир окуяны абдан жакшы көркөмдөп берүүгө аракеттенгиле.

Ал эми өзүң айтайын деген ойду бир сүйлөм менен берүүгө аракеттен.

***Өз алдынча иштөө:***

Төмөнкү макалдын маанисин ачып бергидей текст түз.

«Керегем сага айтам, келиним сен ук»!

«Угум сага айтам, уулум сен ук!»

? Мына бул макалдардан «кеп» деген эмне түшүндүрөрүн байкадыңбы? Кыргыздар «кеп» деген сөз менен кандай маанини туюндурарын айта аласыңбы?

## КЕП ДЕГЕН ЭМНЕ?

Көпчүлүк адамдар кепке маани бербейт. Аны күнүгө колдонуп жатса да, кеп тилден эмнеси менен айырмалана тургандыгына анча көңүл бурушпайт. Чынында кеп – бул тилдин кимдир бирөө тарабынан колдонулушу же тигил же бул адам тарабынан оозеки же жазуу түрүндө ишке аша турганы чындык. Кеп адамдардын өз ара пикир алышуусунда, кырдаалдын жагдай-шартына, чөйрөсүнө, максат-маанисине, мүдөө-талабына ылайык тилди пайдалануу болуп саналат.

Кеп ар бир адам тарабынан аткарылган жеке мүнөзгө ээ кубулуш экендигин билебиз. Кеп адамдардын өз ара байланышуу учурунда ал жердеги адамдардын психологиялык алабалына, сүйлөшүү процессинин конкреттүү жагдай-шартына, кырдаал-чөйрөсүнө көз каранды. Анда ошол адамдын сүйлөө манерасы, айтуу чеберчилиги, жазуу маданияты, ойду жеткире билүү ишмердиги чагылдырылат.

Кептин пикир алышууну тейлөө мүмкүнчүлүгү ар түрдүү. Кеп жеке айтып берүү (монолог) мүнөзүндө ишке ашат. Маектешүү (диалог) мүнөзүндө аткарылат. Ошондой эле оозеки жана жазуу түрүндө болот. Алардын ар биринин өзгөчөлүгүнө жараша кеп белгилүү бир ыргакка ээ. Ал үндүн тонуна, темпине, сүйлөөчүнүн интонациясына, сүйлөө басымына, ал эми жазуу кепте болсо графикалык белгилерге, тексттин түзүлүшүнө карата айырмаланат.

*7-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, анда кептин кандай түрлөрү колдонулганын аныктагыла. Калыгул ата Балбай баатырдын кыймыл-аракетинен кандай маанилерди тапкандыгын айтып бергиле.

### Калыгул олуя эмнени айтты?

Ормон Калыгулдун айтуусу менен Боромбайды чакыртып, Балбайды ордон чыгарат. Балбайды Боромбай алып

кеткенден кийин Калыгул келип, кандай кетти, кантип кетти деп кайталап сурайт.

– Эшиктен кирип салам айттыбы? Кандай келип отурду?

– Киргенде салам айткан жок. Жөөлөп келип, Ормондун жанына отурду.

– Чай ичип жатканда кандай отурду?

– Киргенден чыкканга чейин түнөрүп отурду.

Мына ушуларга жооп алган соң, Калыгул Ормон ханга карап:

Эшиктен кирип салам айтпаса,
Адамдыгынын пастыгы.
Жөөлөп келип сол жагыңа отурса,
Жөөлөп өч алам деген кастыгы.
Чай ичип жатканда түнөрүп отурса,
Сыр бербесем деген сактыгы – деп түшүндүрөт, жанынан азылуу каман кетпейт, колунан жакшылык келбейт, – деген экен.

*«Акылман Калыгул» деген китептен*

? Калыгул олуя Балбай баатырдын аракетин туура түшүндүрүп бере алдыбы? Эгер туура айткан болсо, Калыгул олуя аны кантип билди? Чын эле ошол жерде ушундай маани болгонбу?

*8-көнүгүү.* Турмушта кездешкен, өзүң баамдаган ушул сыяктуу бир окуяны айтып бер. Анда кептин түрлөрү (монолог, диалог) болсун.

## ТИЛ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Тил – адамзат коомунун туундусу, белгилүү бир эл калыптандырган жалпы элдик байлык. Ал – ошол элдин сөз каражаттарынын жыйындысы, сөз берметтери. Тил – ошол улуттагы адамдар бири-бирине өз ойлорун жеткире турган сөз байлыгы, сөздөрдүн казына-кенчи. Эгерде тилди элдин казына-кенчи десек, ал бир эле күндө, кимдир бирөөнүн каалоосу менен түзүлө калбайт. Ал адамзаттын тарыхында нечендеген кылымдарды басып, доорлорду алмаштырып, анан келип улутка таандык асыл кенч катары жаралган.

*9-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүнүп, ал жерде айтылган ойдун чындык экендигин далилдей турган текст түз. Ырас аны башка бирөөнүн чыгармаларынан да алсаң болот, бирок ал текст төмөнкү ойдун тууралыгын далилдегендей болсун.

Ар бир тилдин өзгөчөлүгү бар. Кыргыз тили да – миң түрдүү жылаажын болуп дилдиреп, миң дилдүү болуп шаңкылдаган, кубулуп-кулпурган, ыргагы менен куюлушуп, өзүнөн-өзү күүгө келип турган, уккандын кулак курчун кандырган мукам тил.

*Б. Исаков*

## ТЕКСТ ЖАНА АНЫН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ

*10-көнүгүү.* Макалдын маанисин тапкыла.

«Сөзгө жараша сөз айтпаса,
Сөздүн атасы өлөт».

**Жеке суроолор:**

Макалдын маанисин кандай түшүндүрүп бере аласың?
«Сүйлөшүү» жөнүндө дагы кандай макалдарды билесиң?
Бул макалдын негизинде кандай текст түзүүгө болот?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** «Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок». Макалдын мазмунун ачып бергидей текст түзгүлө.

**2-топко:** «Миң кишинин атын билгиче, бир кишинин сырын бил». Текст түзгүлө, анда макалдын мазмуну берилсин.

**3-топко:** «Сыйга – сый, сыр аякка – бал». Макалдын маанисин түшүнүп, ал маани чагылдырылгандай текст түзгүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текст түзүүдө кандай кыйынчылыктар болду? Ошол тууралуу айтып бергиле.

Азыр текст түзүп жатып, текст деген кандай болорун элестете алдыңбы? Сенин оюңча текст кандай болуш керек?

Тексттин сүйлөмдөн, татаал сүйлөмдөн жана абзацтан айырмасы барбы?

***Өз алдынча иштөө***: Төмөнкү макалдын маанисин ачып бергидей текст түзгүлө. Текст түзүүдө кандай кыйынчылыктар болгондугун, түзгөн текст ага коюлган талаптарга кандай жооп бере тургандыгын айтып бергиле.

«Жакшы – жанына жолдош,
Жаман – малыңа жолдош».

Өзүң түзгөн текстти окуп чыгып, башкалардыкын угуп, андан соң «текст» дегенге түшүнүк бере аласыңбы? Өз оюңду айтып көр. «Текст» дегенди кандай элестеткениңди толук баяндап бер да, анан өз пикириңди окумуштуулардын төмөнкү ойлору менен салыштыр.

## ТЕКСТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Сен кимдир бирөөгө өз оюңду белгилүү бир темада айткың келип турат, кана эмне кыласың?

1. Айта турган оюңду топтойсуң, бир саамга кандай айтсаң кызыктуу жана жеткиликтүү болорун тактайсың. Демек, сен кеп боло турган тексттин темасын аныктайсың, мисалы, мектеп жөнүндө, өзүң жөнүндө ж. б.

2. Кеп боло турган тема кандай сөздөрдү, сүйлөмдөрдү колдонгондо ой түшүнүктүү болорун тактайсың. Демек кыргыз ти-

линдеги лексикалык жана грамматикалык эрежелерди туура колдонуу зарылдыгы турат.

3. Сүйлөмдөр аркылуу ой так жана жеткиликтүү айтылыш керек. Ансыз текст түзүлбөй калышы мүмкүн.

4. Ар бир адам пикирлешүүдө же кепте, текст түзүп жатканда, ойду кантип баштап, кантип өнүктүрүп жана кантип жыйынтыкташты ойлойт. Эгер текстте ушул үчөөнүн бирөө жок болсо, ал текст болбой калат. Аны тексттин логикалык бүтүндүгү дейбиз.

*11-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, анын текст жана текст эмес экендигин аныктагыла.

### Кыргыздардагы кызыктар

Кыргызстандагы эң узун кырка тоо – Какшаал тоо тизмеги. Анын узундугу 582 чакырым.

Эң узун дарыя – Чүй. Узундугу 1030 чакырым.

Эң узун кыргызча сөз – **Тегирменчиникиндегилерденсиздерби?** деген суроолуу сүйлөм. Ал 33 тамгадан турат.

Варианты көп жана эң көлөмдүү чыгарма – «Манас» эпосу. Анын 70тен ашык варианты бар.

? Туура, бул текст эмес. Эми эмне себептен текст болбой калгандыгын аныктагыла. Эгер текст түзүүгө мүмкүнчүлүгүңөр жетсе, аракеттенип көргүлө.

*12-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, текст же текст эмес экендигин аныктагыла.

### Үч улуу табып

Бир табып катуу кесел болуп жатып калды. Анын шакирттери жыйылып, устатын дабалоого киришти. Кеселман устат аларга:

– Сүйүктүү шакирттерим, мени дабалаш үчүн ашыкча азап чекпегиле, мен эми түзөлүүдөн үмүт үзгөнмүн, өлүм катары жакын калганга окшойт. Көзүм өткөндөн кийин өтө эле кокуй-наалат кыла бербегиле. Мен өз ордума үч улуу табып калтырып кетемин. Ушул зор үч табыптын кеңештерине баарыңар көңүл буруп, башкаларды дагы ошого моюн сундургула, – деди.

Шакирттердин бири:

– Биздин азиз устатыбыз. Сизден кийин ордуңузда кала турган үч табып кимдер? – деп сурады. Устат көздөрүн ачты, жанындагы шакирттерине мындай деп жооп берди:

– Силерге айткан үч зор табыптын бириси – *тазалык*, экинчиси – *тамакты кылдат ичүү*, үчүнчүсү – *дене тарбиясы*. Дайыма таза абада болуу, ашыкча жебестен, өз өлчөмүндө тамактануу, ичимдикти тыюу, дене мүчөлөрүн аракетсиз калтырбастан, дене тарбия менен машыгуу – мына ушулардын бардыгы адам ден соолугун чыңдоочу эң улуу табыптар эмеспи.

? Туура, бул – текст. Эмне үчүн текст деген жыйынтыкка келдиң, далилде. Бул китептен жогоруда биз белгилеген критерийлерди таап, аны атап көрсөт.

## ТЕКСТ КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ?

*13-көнүгүү.* Төмөнкү макалды тема кылып текст түзгүлө.

Ырыс алды – ынтымак.

**Жеке суроолор:**

Макалдын маанисин азыркы турмуш менен кантип байланыштырууга болот?

Макал азыркы учур үчүн маанисин жоготкон жокпу?

Башкалардыкына окшоштурбай, бирок азыркы турмуш менен байланыштырып, текст түз жана аны айтып бер.

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Макалдын маанисин мектеп турмушуна байланыштырууга болобу, болсо кандай? Ага карата текст түзгүлө.

**2-топко:** Макалдын берген маанисин үй-бүлөгө байланыштырууга болобу? Ушул мазмунду ачып берүүгө аракеттенип, текст түзгүлө.

**3-топко:** Макалды өзүңөрдүн чөйрөгө байланыштырып, текст түзгүлө. Өз көз караштарыңарды далилдөөгө аракеттенгиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

Тексттеги сүйлөмдөрдү кантип байланыштырдыңар?

Силер түзгөн тексттин ички бүтүндүгү болобу? Аны кантип далилдейсиңер?

Силер түзгөн текстте маанилик бүтүндүк барбы? «Маанилик бүтүндүк» дегенди сен кандай түшүнөсүң?

***Өз алдынча иштөө:*** Төмөнкү макалдын мазмунун камтыган текст түз. Тексттин маанилик бүтүндүгүн кантип сактаганыңды айтып бер.

«Улууга урмат, кичүүгө ызаат».

*14-көнүгүү.* Төмөнкү ырды окуп, мында берилген үзүндүлөр текстке киреби же жокпу, аныктагыла. Себептерин өз алдынча далилдегиле.

Табышмак ыр

Тоолорго барсак аралай,
Өтпөйбүз көркүн карабай.
Чайнайбыз алып сагызын,
Ал эмне?

*А. Кыдыров*

? Бул куплеттерде текстке мүнөздүү кандай маанилик бүтүндүк бар. Негизги ой кайсы экендигин аныктагыла?

## ТЕКСТ КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ, АНЫН ТЕМАСЫН КИМ КОЁТ?

*15-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, ага ар бириң өз алдынарча тема койгула. Эмне үчүн текстти ушундай атаганыңарды түшүндүрүп бергиле. Себептерин көрсөткүлө.

Жылына бир жолу дүйнөдөгү мыкты фильмдерге сыйлык тапшыруу тууралуу алгачкы долбоор 1927-жылы май айында пайда болгон. Идея ошол кездеги эң белгилүү «Метро-Голдвин-Мейер» киностудиясынын президенти Луис Мейерге таандык. Ал жыл сайын мыкты фильмдерди эл берген добуштардын жардамы менен тандоонун системасын иштеп чыккан. Ошол эле убакта скульптор Жорж Стенли сыйлыктын символун – «Оскар» статуэткаларын куюп баштаган. Эң алгачкы 15 «Оскар» 1929-жылдын 16-майында 270 адам катышкан чакан кечеде ошол жылдары жарык көргөн тасмалардын ээлерине тапшырылган.

? Тексттеги ойдун башталышын, негизги ойду жана ойдун жыйынтыкталышын топ-топко бөлүнүп тапкыла. Ушул жерде айтылган ойду пайдаланып, ар бир топ өз алдынча текст түзгүлө. Ал текстке коюлган талаптарга жана темага жооп бергендей болсун.

**Жеке суроолор:**
Тексттин аталышын эмнеге таянып койдуң?
«Тема» деген сөздү кандай түшүнөсүң, анын текстке кандай тиешеси бар деп ойлойсуң?
Өзүң түзгөн текстте кандай артыкчылык бар деп эсептейсиң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текстке кошумча маалыматтарды киргизгиле. Силер кошкон маалыматтар тексттин кайсы бөлүгүнө кире тургандыгын аныктап бергиле. Эмне үчүн ушул маалыматтар керек деп эсептегенинер жөнүндө айткыла.

**2-топко:** Берилген текстте кандай маалыматтар жетишсиз экендигин тапкыла. Эмне себептен текстке силер сунуштаган маалыматтар жетишсиз деп эсептейсиңер, далилдегиле.

**3-топко:** Текстке акылдашып тема койгула. Эмне үчүн ушундай тема койгонунарды далилдегиле. Силер сунуштаган тема тексттин мазмунун канчалык деңгээлде ачып бергенин айткыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текст менен теманы кантип байланыштырганыңарды айтып бергиле.

Силер түзгөн тексттин ички бүтүндүгү болдубу? Тема тексттин мазмунуна шайкеш келдиби?

Сүйлөмдөрдүн маанилик ырааттуулугуна көңүл бургула. Эмне үчүн ушул сүйлөмдөрдү колдонгонуңарды айтып бергиле.

***Өз алдынча иштөө:*** Төмөнкү макалды тема кылып, текст түзгүлө. Тексттин жалпы мазмуну теманы чагылдырып турууга тийиш.

«Эл – мазар, элден чыккан – азар»!

## ООЗЕКИ ЖАНА ЖАЗУУ ТЕКСТТЕРИ



Урматтуу досум! Байкадыңбы, текст ар кандай сүйлөшүүдө, же ойду кимдир бирөөгө билдирүү зарылдыгынан жаралат. Ырас, ой белгилүү бир тилдин лексикалык (сөз) каражаттары менен ишке ашырылат. Эгерде ой кыргыз тилине таандык болгон сөз каражаттары, ошол тилге тиешелүү сүйлөө жана сүйлөм куруу эрежелери аркылуу ишке ашырылса, «кыргызча сүйлөшүү», «кыргызча текст түзүү» болуп саналат.

Ошентип, текст сүйлөшүүдө аткарган кызматына жараша баяндоо же окуяны бере билүү ыкмасында аныкталат. Баяндоо ыкмасына ылайык *автордук* же *кейипкердик* болот. Эгер айтуучу же текст түзүүчү өз атынан текст түзсө автордук болот. Ал эми айтуучу же текст түзүүчү башка бирөөнүн атынан текст түзсө, анда *кейипкердик* деп аталат.

*16-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, тема койгула. Эмне үчүн ушундай тема койгонуңарды түшүндүрүп бергиле.

– Түндө уурулар ийин жол казып, жер асты менен казынага киришиптир. Баарынан кызыгы, уурдалган кымбат баалуу нерселерди кайра жай-жайына коюп чыгып кетишиптир, – деп арызданды.

Падыша буга аябай таңданып:

– Жер астын оюп жол салып, казынама кирип, казынадагы кымбат баалуу нерселерден бирөөнү дагы албай чыгып кеткен уурулар келип, анын себебин айтышсын. Мен аларга эч кандай жаза бербеймин, – деп жарлык кылды. Казынага кирген ууру падышанын жарлыгын угуп, анын кашына келди дагы таазим кылып, тартынбай туруп муну айтты:

– Сиздин казынаңызга жер астын оюп, ийин жол салып жеке эле өзүм кирдим. Буга башкалардын кенедей дагы тиешеси жок.

Падыша уурудан:

– Макул дейли, сен ушунчалык эмгек менен жер астын оюп, ийин жол чукуп, казынама кирипсиң дагы, эч нерсе албастан кайра чыгып кетипсиң. Ушунун себеби эмнеде? – деп сурады.

Анда ууру мындай деп айтты:

– Мен падышанын тузун татып көрдүм. Туз акыга башымды ийип, эч нерсе албай кайтып кеттим. Туз акыга баш ийбөө – акмак адамдардын иши, – деп окуяны баян кылды. Падыша ууруга көптөгөн тартууларды берип, үйүнө кетүүгө уруксат берди.

*«Ой гүлдөрү» китебинен*

**? Текстке талдоо жүргүзгүлө да кандай идея берилип жаткандыгын айтып бергиле.**

## ТЕКСТКЕ ПЛАН ТҮЗҮҮГӨ БОЛОБУ?

*17-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, анда кандай ой берилгендигин айтып бергиле. Ал ойду кантип аныктаганыңар жөнүндө аңгемелешкиле. Анан китепти жаап коюп, текст эмне жөнүндө экендигин кыскача дептериңерге жазгыла. Силер жазган сүйлөм тексттин планына окшошобу же окшошпойбу, далилдеп айтып бергиле. Тексттин планы кандай боло тургандыгына карата ойлоруңарды айткыла. Башкалардын пикирин уккан соң, текстке план түзгүлө. Эмне себептен ушундай план түзгөнүңөрдү түшүндүргүлө.

### Үч уул

Илгери заманда кадырлуу бир адамдын үч уулу бар эле. Бул адамдын кичүү уулу ата-энесинин дегенинен чыкпай, ар дайым аларды ызааттап, урматтоо менен күн кечирип, өтө адептүү, тарбиялуу болуп өстү. Эки уулу жаман адамдарга кошулуп, беймаани жолго түшүп кетишти. Ал экөө ар дайым ата-энесинин көңүлүн иренжитип, насааттарына кулак

салышчу эмес. Бир күнү энеси катуу ооруга чалдыгып, каза болду. Арадан көп убакыт өтпөй атасы дагы оор кеселге чалдыкты. Оорулуу ата өзүнүн өлүмү жакын калганын сезип, үч уулун кашына чакырып мындай деди:

– Балдарым, ажалым жетип калган сыяктуу. Мен өлгөн соң артымда үчөөңөрдүн бирөөңөр гана мураскор болуп каласыңар.

? Текстти улап, аягына чыгаргыла, ага өз алдыңарча план түзүп көргүлө. Мугалимдин жардамы менен бир нече окуучунун планын окуп чыккыла. Алардын кайсынысы жакшы экендигин биргелешип аныктагыла.

*18-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

Планды эмнеге негиздеп түздүң?

«План» дегенди кандай түшүнөсүң, аны тексттеги негизги ой менен кандайча байланыштырасың?

Өзүң түзгөн планда кандай артыкчылык бар деп ойлойсуң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текстке планды биргелешип түзгүлө, анда тексттеги бардык ой толук камтылууга тийиш. Силер түзгөн план текстте берилген ойду ырааты менен чагылдыра алдыбы? Түзгөн планыңарды коргогула.

**2-топко:** Түзгөн планыңарды салыштырып, жалпылап бир план чыгаргыла. Ал тексттеги ойду толук камтыгандай болсун. Силер түзгөн пландын артыкчылыгын көрсөткүлө, өз пикириңерди коргогула.

**3-топко:** Тексттин планы боюнча акылдашкыла. Эң жакшы деген планды ортого алып чыккыла. Анын эмне үчүн эң жакшы экендигин далилдегиле жана ал көз караштарды коргогула.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текст менен планды кантип байланыштыргандыгыңарды айтып бергиле.

Силер түзгөн план менен тексттин ички бүтүндүгү болдубу?

План менен тексттеги ойдун ырааттуулугуна көңүл бургула. Планда кайсы ойлорду жетекчиликке алганыңды айтып бергиле.

***Өз алдынча иштөө:*** Төмөнкү макалды тема катары кабылдап, ал жерде айтылган ойду жетекчиликке алып, текст түзгүлө. Текст макалда айтылган ойду ачып тургандай болсун.

«Жаш кезде берсин мээнетти,
Карыганда берсин дөөлөттү».

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
ИНН 03107201210188
СРЕДНЯЯ ШКОЛА №15 ИМЕНИ К.ТОКТОМАМАТА
____ 20__ г.
№ 3355

*19-көнүгүү.* Өзүнөр түзгөн тексти окуп чыккыла. Тексттеги бардык сүйлөмдөрдү бириктирип турган ойду аныктагыла. Ал ой ар бир сүйлөмдө кандай чагылдырылганын белгилеп, негизги ойго катышы жок сүйлөмдөрдү чийип салгыла. Эмне себептен ал сүйлөмдөрдү сызып салганыңарды түшүндүргүлө жана төмөнкү аныктама менен өз ойлоруңарды салыштыргыла.

**Текст дайыма маанилердин биримдигин берет. Тексттин өзөгүн түзүп турган ой кептин маңызын жаратат. Маңыздуу ой көлөмүнө жараша бөлүмдөрдү, главаларды пайда кылат. Андай ойлорду берүүдө колдонулган тилдик каражаттар маанилүү роль ойнойт.**

**Ой алгач адамдын аң-сезиминде пайда болот. Адам ал ойду башка бирөөгө жеткирүү үчүн ар кандай кубулуштарды, окуяларды жана көрүнүштөрдү акыл-сезими менен талдоодон өткөрөт. Натыйжада аң-сезиминде бышып жетилген ойду сөз, сөз айкашы жана сүйлөм аркылуу берүүгө аракеттенет. Бул бир эле көрүнүштү, кубулушту, окуяны баарыбыз бирдей көрүп турганыбыз менен, аны айтып берүү мүмкүнчүлүгүбүз ар кандай болушун шарттайт.**

*20-көнүгүү.* Төмөнкү сүрөттөр боюнча иштегиле. Алгач тема коюп, анан план түзүп, андан соң текст жазгыла. Текстте силер айтайын деген ойго маани бергиле, ал канчалык деңгээлде ачылганын мугалим менен бирдикте талкуулагыла.





**Сүрөткө карата план түзүүдө топ менен иштегиле. Биринчи топтогулар биринчи сүрөткө, ал эми калган топтогулар өздөрүнө тиешелүү сүрөттөргө план түзүүдө артыкчылык бергиле. Сүрөттүн мазмунун толук ачып берүүгө аракеттенгиле. Сүрөт менен иштөөдө кандай айырмачылык бар экендигин аныктагыла.**

*21-көнүгүү.* Төмөнкү маалыматтарды пайдаланып, текст түзгүлө. Ал текстте берилүүчү ойдун башталышы, негизги ой жана ойду жыйынтыктоочу бөлүгү болууга тийиш. Текст түзгөн соң, аны оозеки түрүндө кенири айтып берүүгө аракеттенгиле. Оозеки жана жазуу жүзүндөгү тексттеги фразалардын айырмачылыктарын аныктоого аракеттенгиле.

### 2000 жылдан кийин адамдын көрүнүшү кандай болот?

АКШнын окумуштуулары 2000 жылдан кийинки адамдын портретин тартышты.

**Түк, чач.** Абдан жылуу климаттын айынан чач таптакыр жоголуп, адамдын денесинде түк деген болбойт.

**Көз.** Абанын булганышынан көрүүгө күч келгендиктен, көз кичирейип, чочконун көзүнө окшоп калышы мүмкүн.

**Мурун.** Көлөмү чоңоюп, абаны тазалоо үчүн атайын тосмолор жана көңдөйлөр менен жабдылат. Ушул эле себеп менен мурун ичиндеги түктөр коюу, узун болот.

**Сөөктүн түзүлүшү.** Д витамининин жетишсиздигинен адамдын бою кыска болот. Бул күндүн жарыгы азайып, айлана-чөйрөнүн булганышынан эт жегенге жарабай, тамак-аш рационунун жарды болгонунан улам келип чыгат.

**? Текст түзүүгө кандай сүйлөмдөрдү кошумча пайдаландыңар, аларды пайдаланууга эмне түрткү болду? Тексттин оозеки жана жазуу формаларынан силер кандай өзгөчөлүктөрдү байкай алдыңар?**

*22-көнүгүү.* Төмөнкү маалыматтарды колдонуп, бир бүтүн текст түзүүгө аракеттенгиле. Ал текстке тема койгула, анда бул маалыматтарды жакындаштырууга басым койгула. Эгер байланышпаса себебин түшүндүргүлө. Чыгармачылыгыңарды толук пайдалангыла.

Эң жаш музыкант – Эмил Атагелдиев. Ал 5 жашынан эле пианинодо ойноп, Париж, Италия, Израилдеги конкурстарда жогорку сыйлыктарды алган.

Республикадагы эң узун жол Бишкек–Ош автожолу. Анын узундугу 620 чакырым. Анын 300 чакырымы тоо аркылуу өтөт. Ага 100дөн ашуун көпүрө курулган.

Эң көп жер-суу аттары жолуккан чыгарма – «Манас» эпосу. Мында 500дөн ашуун географиялык аталыштар кездешет.

**? Текст түзүүдө топ менен иштегиле. Ар бир топтун түзгөн тексттери менен толук таанышкыла. Тексттерден кандай кемчиликтер кеткендигин аныктагыла.**

*23-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

Текст түзүүдө эмнелерге айрыкча басым койдуң?

Оозеки жана жазуу түрүндөгү тексттерде кандай айырмачылыктар боло тургандыгын айта аласыңбы?

Өзүң түзгөн текстте кандай жакшы көрүнүш бар экендигин белгилей аласыңбы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Өзүңөр түзгөн текстти кайра оозеки айтып көргүлө. Оозеки айтканда кандай өзгөчөлүк боло тургандыгына көңүл бургула. Оозеки тексттин жазуу тексттен айырмасын аныктап, белгилерин жазгыла.

**2-топко:** Өзүңөр жараткан тексттин мазмунун оозеки айтып бергиле. Айтып жатканда башкаларыңар оозеки текстте болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кагазга белгилеп, өзгөчөлүгүн көрсөткүлө.

**3-топко:** Жазылган тексттин негизинде анын оозеки вариантын иштеп чыккыла. Экөөнүн ортосундагы айырмачылыкты көрсөткүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

Жазуу жана оозеки тексттин ортосундагы айырмачылыкты белгилегиле.

Оозеки текстте кандай өзгөчөлүктөр бар экендигин айтып бергиле.

Жазуу жүзүндөгү тексттеги тыныш белгилерге көңүл бургула. Алар кандай маани бере тургандыгын аныктагыла.

***Өз алдынча иштөө:*** Төмөнкү тексттин ар бир сүйлөмүнө көңүл бургула. Ал жазуу түрүндө кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин, коюлган тыныш белгилер кандай маани туюндура тургандыгын аныктагыла. Текстти көркөм окуп чыккыла, эки адам сүйлөшүп жатканын элестеткиле. Кыймыл-аракетте, жүзүндө, үнүндө кандай өзгөрүүлөр боло тургандыгын айтып бергиле.

## Жамандык кылып, жакшылык күтпө

Улукман аким бир байга малай болуп кызмат кылган эле. Бир күнү бай ага жерге буудай сепкин деп буюрду. Улукман аким буудай ордуна арпа септи. Муну көргөн бай капаланып:

– Мен сага буудай сепкин деген элем, эмне арпа септиң? – деди. Улукман аким ага мындай деди:

– Арпа сепсем буудай өнбөйбү? – деди.

Бай каарданып:

– Эсиң барбы, эч качан арпадан буудай өнмөк беле? – деди эле, анда Улукман аким:

– Андай болсо, эмнеге сиз калайыкка зулумдук менен жабыр тарттырасыз дагы, алардан жакшылык үмүт кыласыз. Жакшылык кылсаңыз – жакшылык, жамандык кыл-

саңыз, албетте, жамандык кайтат. Арпадан буудай өнбөгөн сыяктуу, калкка азар берип, анан дагы жакшылык үмүт кылбаңыз, – деп жооп берди.

*«Ой гүлдөрү» китебинен*

*24-көнүгүү.* Оозеки жана жазуу тексттеги өзүнөр тапкан айырмачылыктарды кагаз бетине жазып, түшүндүргүлө. Оозеки текстте айтылган сүйлөмдү кандай белгилер коштой тургандыгын айтып бергиле. Мугалимдин жардамы менен жазуу текстинде кездешкен өзгөчөлүктөрдү тапкыла. Тыныш белгилерге мүнөздөмө бергиле. Аны төмөндө берилген ойлор менен салыштыргыла.

## ООЗЕКИ ЖАНА ЖАЗУУ КЕБИ. АНЫ КОЛДОНУУ ФОРМАЛАРЫ

Оозеки жана жазуу жүзүндөгү тексттер пикирлешүүнү жүзөгө ашыруу үчүн түзүлөт. Ал оозеки же жазуу түрүндө болобу, баары бир маалымат берүү багытын көздөйт. Текст пикирлешүүдө аткарган кызматына, берген маалыматына жараша ар түрдүү көлөмдө болот. Оозеки да, жазуу түрүндөгү текст да тилдик каражаттар менен уюштурулат. Ал тилдеги жана сүйлөшүүдөгү тилдик жана кептик каражаттарды пайдалануу менен бир канча майда маанилүү бөлүктөрдү бириктирип ойду берүүдөгү бүтүндүктү түзөт.



Урматтуу досум! Ар бир адамда кимдир бирөөгө маалымат берүү зарылдыгы пайда болот. Аны кантип ошол адамга жеткирүү керек? Ал эки түрдө, оозеки жана жазуу жүзүндө ишке ашат, ошондуктан тексттер оозеки жана жазуу тексттери болуп бөлүнөт. Маалымат берүүдө эки форманын кайсынысына да болбосун, кандайдыр бир маалыматты туюндуруу үчүн сүйлөмдөр белгилүү бир темага бириктирилет да, бир максатка багытталган маанилик жана түзүлүшү боюнча биримдикке ээ бир бүтүндүктү түзөт. Кепте сүйлөмдөр өз ара маанилик тутумга ээ болуу менен төмөнкүдөй белгилердин сөзсүз болуусун талап кылат:

1. Оозеки жана жазуу түрүндө болбосун текст пикирлешүү максатын көздөйт.
2. Кимдир бирөөгө маалымат жеткирүүгө багытталат.
3. Ойду берүүдө логикалык жыйынтыкка – ойдун башталышына, негизги ойго жана ойдун жыйынтыкталышына ээ болот.
4. Баары биригип белгилүү бир теманы чагылдырууну көздөйт.
5. Мааниси жана түзүлүшү боюнча бир бүтүндүктү түзөт.

Урматтуу досум! Мына бул белгилердин бири аткарылбай калса, жазуубу же оозекиби, кайсы түрүнө карабай, текст болуудан калат. Ошондуктан текст түзгөн учурда мына бул белгилерди толук сактоого аракеттенүү зарыл.

*25-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, анын оозеки же жазуу текст экендигин аныктагыла. Эмне себептен мындай пикирге келгенинерди айтып бергиле. Оозеки жаралган тексттин өзгөчөлүгүн мугалим менен бирдикте тапкыла. Оозеки текстке аныктама берүүгө аракеттенгиле. Оозеки текстти айырмалап турган белгилерди дептеринерге жазгыла.

### Дөөтү уста жөнүндө

Дөөтү – өнөрдүн ээси, темирчилик, зергерчиликтин пири. Дөөтү кыпкызыл ысык темирди кармаса да колу күйбөйт. Темирди камырдай жууруйт экен.

Дөөтү устанын өнөрүнө, чеберчилигине куш баатыры Ителги анча маани бербей жүрөт. Бир күнү Дөөтү устага Ителги келип: «Сиз менен мелдешейин дедим эле, эгерим, мен тегирмендин ташын жара тээп, жүрүүгө жаратпай койсом, мага алтын текөөр салып бересизби?» – дейт. Ага Дөөтү уста анча маани бербей коёт, бул анын «кой» дегени болчу. Дөөтүнүн мындай мамилесине капа болгон Ителги асманга атырылып чыгып, типтик куушурулуп келип, тегирмендин ташын жара тээп, кайра асманга көкөлөп чыгып кетет.

Дөөтү уста Ителги кайра имерилгенче тегирмен ташка кадоо салып, тегирменди жүргүзө коёт. Ителги чуркап турган ташты кылчайып көрүп, Дөөтүнүн чебердигине тан берип, катуу уялып, кайрылбай кетет.

*Кыргыз эл жомогунан*

? Ырас, бул оозеки текст дейли, силер аны кантип аныктадынар? Аны айтып берип жатканда силер эмнени байкадынар? Бул текстте кандай маани берилиптир?

*26-көнүгүү.* Оозеки тексттин өзүнөр тапкан өзгөчөлүгү менен төмөндө берилген оозеки текстке таандык критерийлерди салыштыргыла. Өз көз карашынарды коргоого аракет кылгыла. Ал эми жаңылыштыктарынар кандайча кеткендигин өзүнөр түшүндүргүлө.

### ООЗЕКИ ТЕКСТТИН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ ЭМНЕДЕ?

Биздин оозеки сүйлөшүүбүздө маалыматты берүү, жеткире түшүндүрүү оозеки тексттик формада жана мазмунда ишке ашат. Тактап айтканда, биз оозеки пикирлешүүдө өз оюбузду оозеки тексттер аркылуу айтып жеткиребиз, бири-бирибиз менен маалымат алмашабыз. Ошондуктан *оозеки текст* – сүйлөшүүнү ишке ашыра турган бирдик. Чындыгында маалыматты туюндуруу зарылчылыгы оозеки тексттин өзүн жараткан, аны калыптандырган жана өнүктүргөн.

Оозеки текст адамдардын өз ара пикирлешүүсүн канааттандыруу үчүн коомдук зарылдыктан пайда болгон. Адамдардын оозеки сүйлөшүүсү, оозеки түрдө маалымат алмашуусу, кандайдыр бир нерсеге, көрүнүшкө жана кубулушка карата оозеки түрүндө өз пикирин билдирүүсү – оозеки текстти жараткан. Анткени адамдар бул жашоо-тиричиликте өзүнүн көргөн-билгендерин, байкоолорун, ар кандай иш-аракеттен келип чыккан натыйжаларын башкаларга айтып жеткирүү үчүн оозеки текстти колдонот. Оозеки текст төмөнкү маалыматтарды камтууга жана пикирлешүүдө маалымат алмашуу жүзөгө ашырылууга тийиш:

– фактыларды, көрүнүштөрдү баяндаган маалымат;
– ички сезимди туюндурган маалымат;
– апыртмалуу же күчөтүлгөн (экспрессиялуу) маалымат;
– жалган маалымат (калп);
– подтексттүү маалымат.

Оозеки текст пикирлешүүдө мына бул маалыматтардын бирин же бир нечесин берүүгө жетишет. Ал сүйлөшүүнүн талаптарын толук аткарууну көздөйт.

*27-көнүгүү.* Топко бөлүнгүлө. Ар бир топ сунуш кылынган тексттин бирөөнү алууга тийиш. Ал тексттин оозеки текст экендигин далилдегиле. Текстте кандай маалыматтар берилгендигин аныктагыла.

***1-топко:*** – Сөз атасы эмне?
– Сөз атасы – кулак.
– Суу атасы эмне?
– Суу атасы – булак.
– Жол атасы эмне?
– Жол атасы – туяк.

***2-топко:*** Кагаз жок кезде.

Байыркы заманда адамдар кагаздын жоктугуна байланыштуу темирге, сөөккө, жыгачка, чийиле турган нерселерге жазышкан. Шумерлер чоподон жасалган тактайчаларды колдонушкан. Бул максат үчүн египеттиктер узундугу ондогон метрге жеткен жука кесилген жол-жол чүпүрөктөрдү пайдаланышкан. Бул жол-жолдорду алар сууда өскөн папирустан жасашкан.

Биздин доорго чейин 300-жылдары гректер пергаментти ойлоп табышкан. Бүгүнкү күндө биз колдонуп жаткан кагаздар Кытайда ойлонулуп чыгарылган. Аны биздин эрага чейин, 105-жылы багбан Тсай Луань ойлоп тапкан. Бул ачылыш өтө чоң мааниге ээ болгон. Анткени, буга чейин өтө кымбат турган түрмөк-түрмөк жибектерди жазуу ишине колдонуп келишкен.

*3-топко:* Кыргыз туура жаза албаганды сабатсыз дейт.

Кыргыз эли дайыма туура, түшүнүктүү кылып сүйлөгөндөрдү жакшы көрүшкөн. Алар бардык мезгилде адамдын сүйлөгөн сөзүнө карап баа берип келишкен. Эгер адам кыраатты менен жана маанисин ийине келтирип сүйлөсө, анда мындай адамды «жөн билги», «түшүнүктүү» деген терминдер менен сыпаттап, анын адамдык сапаттарын ачып берүүгө аракет кылышкан. Ошондой эле сүйлөгөн сөзүнүн орду жок болсо, андай адамдарды «маңыз», ал эми сүйлөгөн сөзү түшүнүксүз болсо, аны «тантык» же «тили келегей» деп жактырбагандыгын билебиз.

? Оозеки тексттин өзгөчөлүгүн аныктагыла. Оозеки текстти коштоп турган сүйлөшүүнүн кандай касиетин байкадыңар?

*28-көнүгүү.* Оозеки текстте тилдик каражаттардан тышкары кандай белгилер колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

Ымдоо, жаңсоо, баш ийкөө, баш чайкоо, мимика ж. б. кыймыл-аракеттердин оозеки текст менен кандай байланышта тургандыгына карата өз пикириңерди билдиргиле.

*29-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, анда оозеки текстти кандай кыймыл-аракеттер коштоп жүргөнүн айтып бергиле. Текстти окуп жатканда ошол кошумча кыймыл-аракетти колдонууга аракеттенгиле.

### Аксак Темир жана кыйшык Баязет

Туткун болгон кыйшык Баязетти чынжырга матап келатканын көргөн аксак Темир Ак сарай алдындагы тагынан тура калып, кыйралаңдап үч-төрт кадам аттап, сөөмөйү менен көрсөтөт:

– Хэ-хэ-хэ! Баязат деген ушубу?..

Буга чейин Темирдин аксактыгын байкабаган нөкөрлөрү колдорун бооруна алып, жер алдынан таңкала карашат. Алар Темирди аттан такка отургузуп, тактан атка атказып гана турушкан.

– Хы-хы-хы!.. Дүйнөнү бир кыйшык, бир аксак чапкан тура! – деп Темир санын чаап каткырат. – Ха-ха-ха! Аскери чабылса, казынасы алынса, шаары кыйраса, калкы тараса, мунун эмнесин чынжырлап алгансыңар? Чечкиле да коё бергиле, кайда барса анда барсын!..

Анда кыйшык Баязет олбурлуу бурулуп:

– Мен ханмын. Сен мага татыктуу өкүм чыгар. Чыгарбасаң, өзүмө-өзүм өкүм чыгарам!.. Мен да далай жерди чапкам,

далай шаарларды кыйраткам, далай өкүмдарды суракка алгам. Баарынан кол жууган соң менин өкүмдар атка конуп, тирүү калганымдын мааниси жок. Мага өлүм керек! – деп, тулкусу чынжырдан бошогон соң, мунарага чыгып барып, боюн жерге таштайт.

– Мен жөн эле бир кыйшыкты чапкан эмес экенмин. Селдей каптаган сельжуктардын чыныгы өкүмдарын туткундапмын! Жанкечти өжөр экен. Жүрөгүндө жалы бар экен! – деп барлас тукуму, күркүрөгөн аксак Темир кас душманына баа берген.

**? Текстти ролдоштуруп окугула. Ролдо ким көркөм жана жеткиликтүү айтып бергенин аныктагыла. Албетте, оозеки текстте колдонулуучу белгилерди мында канчалык туура пайдаланылганына карап баа бергиле.**

*30-көнүгүү.* Жогорку текстти өз алдынча дагы бир жолу окуп чыккыла да, оозеки тексттеги кошумча белгилер, жазган учурда кандай тыныш белгилер менен белгилене тургандыгына көңүл бургула. Бул жердеги тыныш белгилердин кандай маанини туюнтканын айтып бер.

## ЖАЗУУ ТЕКСТИ ДЕГЕН ЭМНЕ, АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ КАЙСЫ?

Маалыматты, айтылуучу ойдун маңызын, кепке алынуучу кубулуштун, көрүнүштүн жана окуянын маанилик биримдигин жазуу түрүндө берүү формасы – жазуу тексти болот. Жазуу тексти айтылуучу ойдун мазмунуна көз каранды болуп саналат. Жазуу текстинде андай ойду берүү тилдик каражаттардын белгилүү бир системасы аркылуу ишке ашырылат.

Ал эми бир бүтүн системага ээ, майда, мурдатан иштелип чыккан, аныкталган, баарыга түшүнүктүү структуралык түзүлүштөр жазуу текстинин түзүлүшүн, курулушун камсыз кылат. Ырас, жазуу текстинде ар бири өз алдынча турган тамга, сөз, сөз айкашы, сүйлөмдүн өз ара байланыштык катышта турган тиби аркылуу биригишет. Натыйжада, жазуу текстинде ойду берүү иши грамматикалык эрежелер аркылуу ишке ашырылат.

*31-көнүгүү.* Текстте маалымат кандай кызмат аткара тургандыгын аныктагыла. Мугалим менен бирдикте текстте тилдик каражаттардын ордун белгилегиле. Кара менен басылган сөздөрдүн кандай мааниде колдонулганын айтып бергиле.

### Учуучу ит

**Учуучу ит** – Түркияны, Египетти, Африканы мекендейт. Бузулган дарактардын **көңдөйлөрүндө,** чытырман **токойлордо** топ-топ болуп жашашат. Бир караганда **кебетеси** жарганатка окшош болсо да, **башы, кулагы иттикине** окшош. Ошондуктан, учуучу ит деп аталат. Учпай турганда **буттары** менен жыгачка жармашып, башын ылдый саландаткан абалда болот. Денесинин **узундугу 13 сантиметрге, салмагы 81–171** граммга жетет. Үнү адамдын **жөтөлгөнүнө** окшош. Түнкүсүн гана активдүү кыймыл-аракетте болот. Кырк чакырымга чейин **тамак издеп учуп бара алат. Мөмө-жемиштердин** ширесин, гүлдөрдүн **нектарын** соруп тамактанат.

*«Супер инфо» гезитинен*

*32-көнүгүү.* Текстти окуп чыгып, анын сүйлөшүүдө же кепте кандайча колдонулганын айтып бергиле. Кеп бул жерде кандай милдет аткарганын аныктоого аракеттенгиле. Текст аркылуу сөз, сөз айкашы жана сүйлөмдүн аткарган кызматын түшүндүргүлө. Текстте ойдун берилишине көңүл бургула. Сүйлөшүү чөйрөсүн аныктагыла.

### Ишеним, Сүйүү жана Мекен

– Кудайдан эмнени сурасам болот?
– Үч нерсени: ден соолукту, кубаттуулукту, коопсуздукту.
– Кимден чочулабаш керек?
– Сага көз артпаган досуңдан.
– Жаш кезде эмне жасоо керек, а карыгандачы?
– Жашында билим алып, карыганда аны колдонуу керек.
– Эл алдында кишини эмне чүнчүтөт?
– Мактанчаактык, өзүнүн жөндөмдүүлүгү жөнүндө сөз кылуу.
– Татыксыз достон кантип кол үзүш керек?
– Анын үч жолу бар. Ага басып барбай, акыбалын сурабай жана жардамга чакырбай койсоң кутуласың.
– Жаштарга жана карыяларга кандай адеп керек?
– Жаштарга тайманбастык менен уяттуулук, карыларга билим менен токтоолук керек.
– Кандай адамдарды берешен, жоомарт десек болот?
– Кимдир бирөөгө белек берип, ошонусуна кубангандарды.
– Адам үчүн өмүрдөн артык эмне бар?
– Ишеним, сүйүү жана мекен.

*Ибн Синанын айтканы*

**? Биздин сүйлөшүүбүз белгилүү бир максатка, максат логикага негизделери анык. Бул жерде кандай максат жана кандай логика берилип жаткандыгын аныктагыла. Логика менен сүйлөшүү чөйрөсүнүн ортосунда кандай жакындык боло тургандыгын айтып бере аласыңарбы?**

*33-көнүгүү.* Ибн Синанын айткандарын кандай учурда колдонсо болот деп ойлойсуңар? Бул жерде айтылган ойлорду бардык жерде эле колдоно берүүгө болобу? Эгер колдоно берүүгө мүмкүн эмес болсо, аны кантип аныктайсыңар?

*34-көнүгүү.* Төмөнкү макалдын негизинде, анын маанисин ачып бергидей текст түзгүлө, эмне себептен ушундай мазмунда түзгөнүн жөнүндө айтып бер.

«Жашында ылжың болсо,
Карыганда мылжың болот».

**? Текст чөйрөгө көз каранды болорун байкадыңбы? Ошондуктан сүйлөп жатканда кепти чөйрөгө карап, ошол чөйрөгө керек жагын гана сүйлө. Ар кайсыны, оюңа келгенин сүйлөй берсең сени «жашыңан кылжың» дешет.**

## КЕП ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ ФОРМАЛАРЫ (СТИЛДЕР)

*35-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, бул жерде мазмундун бар же жок экендигин аныктагыла. Бул текст кимдерге арналган деп ойлойсуңар? Тексттин силерге тиешелүү жагы бар бекен, болсо кандай?

### Тазалыкка үйрөнгөн өрдөк

Аламоюн аттуу кичинекей өрдөк өтө тентек, анан да ашынган жалкоо болучу. Күндө эртең менен бетин жуучу эмес. Анткени, аябай эринчү. Анысы аз келгенсип, качан болбосун тентектик кылчу.

Күндөрдүн биринде ал көк чөптүн үстүнө топтой болуп ары-бери тоголоно берет. Акыры денеси шалтактап кирдеп калат. Апасы аны арыктагы агып жаткан сууга эле эмес, көчөдөгү кичинекей көлчүккө да алып барып жуунта албай убара болот.

– Эмне үчүн тил албайсың? Карачы кебетеңди. Дайыма кир болуп жүрөсүң. Уят да ушунуң, уулум, – дейт апасы ачууланып.

– Жуунгум келбейт. Мага ушинтип жүргөн деле жагат, – деп жооп берет Аламоюн.

Сары Жөжө менен Мойнок деген күчүк өрдөктүн достору эле. Бир күнү ал экөө амал таап, өрдөктү тазалыкка үйрөтмөй болушат да, жанына келишет.

– Саламатсыңарбы? – дейт бети-башы кир Аламоюн досторуна.

– Саламатчылык. А сен кимсиң? Мен сени тааныбайт экенмин, – дейт Сары калп эле таң калымыш болуп.

*«Супер инфо» гезитинен*

? Бул жердеги айтылган ойдун мазмуну, кимге арналып жатканы сага түшүнүктүү болду го деп ойлойм. Өрдөктүн баласы деп коюп, тил албаган, кир болуп жүргөн балдарды сындап, шылдыңдап жатканын сен эчак эле түшүнүп алдың, туурабы?

*36-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

Сүйлөшүүдө кептин кандай өзгөчөлүктөрүн байкай алдың?

Сүйлөшүү колдонулган сөздүн баары кеп болобу же анын өзүнө таандык өзгөчөлүгү барбы?

«Кеп» дегенди кандай түшүндүң? Ушул тууралуу айтып берсең.

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Биргелешип текст түзгүлө да, анын кайсы чөйрөгө арнап түзгөнүңөр тууралуу айткыла. Чөйрөнү кантип аныктаганыңар жөнүндө түшүндүрмө бергиле.

**2-топко:** Текстти акылдашып түзгүлө. Ал текстти кимдерге таандык деп эсептейсиңер, эмне үчүн? Түшүндүрмө берип, өз пикириңерди далилдегиле.

**3-топко:** Белгилүү бир чөйрөгө арнап текст түзгүлө. Эмне себептен текст ошол чөйрөгө арналат деп эсептей турганыңарды түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

Чөйрө менен текстти кантип байланыштырганыңарды айтып бергиле.

Кеп сүйлөшүүгө, пикирлешүүгө көз каранды болобу же чөйрөгө көз карандыбы?

Кептин текстти колдонуу формаларын аныктай алдыңбы? Болсо кандай деп эсептейсиң?

***Өз алдынча иштөө:*** Өз чөйрөңө ылайыктап текст түз, тема кой. Аны эмне себептен өз чөйрөңө ылайык келе тургандыгын далилде.

*37-көнүгүү.* Өзүңөр түзгөн тексттердин айрымдарын окуп чыккыла. Алардын арасынан силердин чөйрөгө туура келет деген эң мык-

тысын тапкыла. Эмне үчүн эң мыкты деп эсептегенинерди түшүндүргүлө.

## КЕП ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ ФОРМАЛАРЫ



Урматтуу досум! Байкап карасак, ар бир чөйрөнүн пикирлешүүдө өзүнө таандык текст түзүү өзгөчөлүгү бар. Ал сүйлөмдөрдү же текстти кепте колдонууда ачык көрүнөт. Анткени кеп текстти пайдалануунун формаларын сүйлөшүү чөйрөсүнө карай аныктайт да, анан коом тарабынан кабыл алынган, чөйрөгө, коомчулукка кызмат көрсөтүү жагынан аныкталган жол-жобосу стиль катары белгиленип жүрөт.

Коомчулукта чөйрөгө карата кеп ишмердүүлүгүнүн ыңгайлашуусу текстте ойду же маалыматты берүүнүн стилин калыптандырууда. Ал стилдерди чөйрөгө ылайык жалпылаштырып келип окумуштуулар бешке бөлүштүрүшөт:

- турмуш-тиричиликте сүйлөө стили;
- расмий иш стили;
- илимий стиль;
- публицистикалык стиль;
- көркөм стиль.

Чөйрөгө жараша стиль калыптанса, кепте сүйлөөнүн, маалымат берүүнүн же алмашуунун өзүнө гана таандык максаты, милдеттери, текст түзүү өзгөчөлүктөрү, маалымат туюндуруу жана кабылдоо шарттары иштелип чыккан болуп саналат. Текст аркылуу кепте ар бир стилдин кызмат көрсөтүүсү тилдик каражаттарды колдонуунун өзүнчө талаптарын аткарат. Натыйжада текст кептин тигил же бул чөйрөгө мүнөздүү мыйзам ченемине баш иет.

*38-көнүгүү.* Төмөнкү тексттин стилин аныктап, кайсы чөйрөгө таандык экендигин айткыла. Эмнеге ушундай көз карашка келгенинди түшүндүр.

### Эң баалуу зыянкеч

Аялзатынын ажайып сулуулугуна сулуулук кошуп, ажарын ачып, чырайына чыгарып турган көркөмдүктөрдүн бири – табигый жол менен пайда болгон берметтер болуп эсептелет. Атына жараша заты да, баасы да төп келишкен берметтердин пайда болушу да кызык.

Берметтин пайда болуусунун баштапкы этабы – моллюсканын раковинасына кум же башка зыяндуу организмдин кирип кетүүсү менен башталат. Бул «чакырылбаган конок» жараткан ыңгайсыздыктан кутулуу максатында аны ошол замат акактын жука катмары менен каптоого киришет. Ошентип ал бөтөн орга-

низм келечектеги берметтин ядросу болуп калат. Көптөгөн жылдар бою бор сымал жука катмар менен каптала берип, андан бир нече ар түрдүү көлөмдөгү берметтер пайда болот. Бул да болсо табияттын көп сырларынын бири.

**? Эки текстти салыштыргыла. Кайсынысы илимий стилге кире тургандыгын аныктагыла. Эмне себептен илимий стилге копконуңарды түшүндүргүлө. Кептин илимий стилге мүнөздүү белгилерин аныктоого аракеттенгиле.**

*39-көнүгүү.* Текстти окуп чыгып, көркөм стилдин өзгөчөлүгүн аныктагыла.

### Тумаш мерген

Илгери, илгери көгөргөн көктүн алдында, көк майсаң чөптүн үстүндө жан-жаныбарлар үркпөй, коркпой бирине-бири жанаша жашап турганда Тумаш аттуу мерген чыгыптыр.

Тумаш мерген туяксыз калам деп Жаратканга жалбарып жүрүп жалгыз уулдуу болот. Уулунун атын Карагул коёт.

Тумаш мерген таң аткандан түн киргенче тоо арасында мергенчилик кылчу экен. Өзү тойсо да көзү тойбоптур. Бөрүнү атып кыйратып, бөлтүрүгүн ыйлатып, түлкүнү атып кыйратып, бачкилерин ыйлатып, аюу атып кыйратып, мамалагын ыйлатып, маралды атып кыйратып, музоолорун ыйлатып, нечен мүшкүл иш кылат.

Байыркы өткөн заманда кийиктен миңди атканда, миңинчи аткан кийиги оңко болуп турчу дейт. Ошондон кийин мергенчи аңчылыгын койчу дейт. Эгер андай болбосо, өзү же жакын адамы майып болуп тынчу экен.

Көзү тойбос Тумаш мерген миңди атып, оңко тургузгандан кийин да мергенчилигин койбоптур. Ошондо кийиктин пири Кайберен адам болуп кубулуп, мергендин алдынан тороптур:

– Текелерди терип аттың, эчкилерди эпсиз аттың, кана Тумаш эмне кызыкка баттың? Токто, ушунчаңда! Убал-сообу кимге алардын? Энесиз калган улактын, улаксыз калган эчкинин убал-сообу кимге? Убалдан корк, Тумаш! – деп кийик пири Кайберен эскертип, көздөн кайым болуптур.

Тумаш аңчылыгын уланта берет. Андан кийин он жолу оңко тургузган дейт. Демек, он миң жаныбарды атат. Ошондо кийик пири Кайберен чындап каарданыптыр, адам болуп кубулуп, Тумаштын алдына тайманбай басып барыптыр.

– Кой дегенге болбодуң. Чекесинен аз-аздан, ченеп атсаң мейли эле. Чектен чыгып кеткен соң, өз убалың өзүңө, көрүнсүн кара көзүңө. Мен деле эчки тукуму, эр болсоң мени атып ал, эки кадам турайын, мергендигиң сынайын, – деп кийик пири Кайберен какайып туруп бериптир. Тумаш мерген атса, Кайберенге ок тийбейт.

– Жалгыз калып, кордук тартып өт. Ботосу өлгөн ингендей боздоп жүрүп өт! – деп Кайберен көздөн кайым болот.

Тумаш мерген шылкыя басып келатса бадалдын түбүндө эликтин чаарчыгы жатат. Үйүмө куру барбайын, – деп Тумаш чаарчыкты атат. Сүйүнүп чуркап келип караса, өз баласын атып алыптыр.

? Көркөм текстте тил каражаттарынын колдонулушуна көңүл бургула. «Тил каражаттарынын» колдонулушунда кандай өзгөчөлүктөр бар экендигине көңүл коюп, баа бергиле.

*40-көнүгүү.* Тексттерди кайрадан окуп чыгып, тил каражаттары кандай эмоциялуу-сезимдик маалымат берип жаткандыгын аныктагыла. Кептик милдетти аткарууда кайсы текстте эмоциялуу сөздөр көбүрөөк экендигин тапкыла. Ал кайсы сүйлөмдөрдө берилгендигин алдын сызып көрсөткүлө, негиздүүлөрүн дептерилерге көчүрүп жазып, кандай эмоцияны туюндуруп жатканын айтып бергиле.

*41-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөр көркөм текстте кандай эмоциялуу маани бергенин түшүндүргүлө. Топ менен иштегиле:

1) – Текелерди терип аттың, эчкилерди эпсиз аттың, кан Тумаш. Эмне кызыкка баттың? Токто, ушунчаңда! Убал-сообу кимге алардын! Энесиз калган улактын, улаксыз калган эчкинин убал-сообу кимге? Убалдан корк, Тумаш! – деп кийик пири Кайберен эскертип, көздөн кайым болуптур.

2) – Кой дегенге болбодуң. Чекесинен аз-аздан, ченеп атсаң мейли эле. Чектен чыгып кеткен соң, өз убалың өзүңө, көрүнсүн кара көзүңө! Мен деле эчки тукуму, эр болсоң мени атып ал, эки кадам турайын, мергендигин сынайын!

3) – Жалгыз калып, кордук көрүп өт! Ботосу өлгөн ингендей боздоп жүрүп өт! – деп Кайберен көздөн кайым болот.

? Текстти окуп чыктыңар, көнүгүүлөрдү иштедиңер. Тексттен бөлүнүп алынган сүйлөмдөр кандай маани берип жатат? Элестетип көрчү, сен Кайберендин Тумаш мергенди тилдеп жатканын, ошону менен бирге суранып жатканын, бирок жалдыра-

бастан, тескерисинче алдыда боло турган коркунучту эскертип жатканын байкадың. Кантип байкадың? Ырас, сен аны ушул колдонулуп жаткан сөздөрдүн сүйлөм ичинде, текст ичиндеги маанилеринен таптың, туурабы?

Эми сен көнүгүүдө берилген ар бир сөзгө токтолуп, ал сүйлөм ичинде же текстте кандай маани берип жатканын айтып көрчү. Жаңылам деп коркпо.

*42-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

Текстти окуп жатканда айрым сөздөр сага катуу таасир кылды, туурабы? Сен ошолордун айрымдарын бөлүп көрсөтө аласыңбы?

Текстте ошол өзүң бөлүп көрсөткөн сөздөр кандай милдет аткарып жатат деп ойлойсуң?

Сен бөлүп чыккан сөздөр кыргыз тилине таандык, аларды жалпылаштырып келип, эмне деп атайт элең?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текстте Тумаш мергенге карата Кайберендин биринчи эскертүүсүн мындан да таасирдүүрөөк кылып түзүүгө болот беле? Анткени, эскертүү жеткиликтүү болбогон соң, Тумаш мерген ага көңүл бурган жок да. Силер сүйлөмдөрдү Тумаш мергенге түшүнүктүү кылып, анын сезимине жеткендей мазмунда кайрадан түзүп чыккыла.

**2-топко:** Кайберен Тумаш мергенди коркутуп жатканын, кекеткенин байкадыңар. Бирок Тумаш мерген мында да токтоп калган жок. Силер Тумаш мерген түшүнгөндөй, анын сезимине таасир кылган сүйлөмдү таап, текст түзүүгө аракеттенгиле.

**3-топко:** Кайберен Тумаш мергенди коргоп жатканын байкадыңар, аны башкача формада Тумаш мергенге түшүнүктүү кылып түзүп чыккыла. Эмнеге, өзүңөр түзгөн тексттин формасы мергенге жеткиликтүү болот деп эсептейсиңер, түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текстте жана кепте тил каражаттарын кантип колдонгонуңарды айтып бергиле.

Сүйлөм түзүүдө силер сөздүн, тилдин эмоциялуулугун, сезимге жеткиликтүү болорун кандайча аныктадыңар?

Тилдин сезимге жете турган мааниси жөнүндө айтып бергиле. Өз көз карашыңарды коргогула.

***Өз алдынча иштөө:*** Өзүңчө текст түз, баласын атып алгандан кийинки Тумаш мергендин кайгысын толук жана жеткиликтүү ачып бергендей бол. Өзүң түзгөн сүйлөмдөр Тумаш мергендин кайгысын түшүндүрөт деп эсептегениң жөнүндө түшүндүрмө бар.

*43-көнүгүү.* Жакшы тексттерди талкууга койгула. Алардын арасынан эң жакшысын аныктагыла. Эмне себептен эң мыкты деп

эсептегениңерди айтып бергиле. Тил каражаттары кандай маани бергенин, сезимге жете турган кандай түшүнүккө ээ болгондугуна карата өз көз карашыңарды айткыла.

## ТИЛ КАРАЖАТТАРЫ КЕПТЕ КАНДАЙ КОЛДОНУЛАТ?



Кепте адамдар өздөрүнүн ойлорун так жана түшүнүктүү берүүгө аракеттенишет. Алар башкаларга оюн элестүү жеткирүү үчүн тилди, анын образдуу айтуу каражаттарын толук пайдаланууга умтулушат. Мында адамдын сүйлөө, өз пикирин жеткирүү мүмкүнчүлүгү көрүнөт. Айрым адамдардын тили бай, ойлоосу терең болгондуктан, алардын айткан кеби башкаларга таасирдүү келсе, кээ бир адамдар кыска ойлонгондуктан, тили орой келет. Алар көңүлгө карабай, оюна эмне келсе ошону айтып кала берет.

Тил каражаттарын сүйлөшүүдө, текстте туура колдонуу ал адамдын акылдуулугун да көрсөтөт. Ошондой эле тилди туура пайдалануу маданияттуулук да болуп саналат. Кана эмесе, аныктап көрөлү.

*44-көнүгүү.* Төмөнкү текстке көңүл бургула. Ар ким өз сөзү менен өзүнүн ким экендигин аныктап жаткандыгын көрөсүңөр. Алар сүйлөшүүдө тил каражаттарын кандайча колдонуп жатканына маани бергиле.

### Искендер жана илимпоз

Искендер Зулкарнайын байыркы гүлдөгөн шаарды жылан сыйпагандай жылас кылып аянтка кирсе, катуудан мору, жумшактан күлү калган китепкананын урандысында сакалы көкүрөгүн жапкан абышка баш көтөрбөй жазып отурат. Жоокерлердин чуусуна, аттардын дүбүртүнө кулак салбайт. Аргымагын алкынтып келген Искендерди карап койбойт. Искендер найзанын учу менен абышканы ээктен көтөрүп:

– Тирүү киши калбасын дедим эле, сен кандайча тирүүсүң? – дейт.

– Турчу мындай, күндү тоспой! Мен челекте жашайм. Дүйнөнү кыйрысын ургандай кылган зулумдугуңду жазып отурам. Мен жазбасам, ааламды мүлдө чапканың менен тарыхтан дайның табылбайт.

– Ооба, жортуулдарымды жазып калтырчу киши керек! Жакшылап жаз! Мен ааламды чапкан Кошмүйүз Искендер Зулкарнайын болом!

– Сен канкор Искендер Зулкарнайынсың.



? Текстте Искендердин каардуу жана канкор экендиги кандай сүрөттөлөт. Аны сүрөттөө үчүн айтуучу тил каражаттарын кандай пайдаланды. Илимпоз акылдуу, туурабы? Анын акылдуу экендигин айтуучу кайсы сөздөр менен туюндуруп жатат? Текстте кайсы сөздө же сүйлөмдө элестүүлүк бар экендигин айтып бергиле. «Тил каражаттары» дегенди кандай түшүнгөнүңдү да айта кет.

*45-көнүгүү.* Ар бириң «Искендер жана илимпоз» деген темада, ушул окуяны пайдаланып, бирок андан айырмаланып турган текст түз. Тексттер бири-бирине окшош болбосун.

## КЕП ЖАНА СТИЛЬ



Урматтуу досум! Байкадыңбы, сыртынан алганда жөнөкөй эле сөздөр болуп көрүнгөнү менен, алар бири-бирине кошулуп, сүйлөмгө айланып, андан абзацка өтүп, акыры текст жаралган мезгилде элестүү бир окуя жарыкка чыга келди. Бир караганда жөнөкөй эле ооз учуна айтылып жаткан сөздөр кепке айланганда Искендердин катаал заманын, эл башына түшкөн мүшкүлдү, кыйраган шаарды, ураган китепкананы, өрттөлгөн китептерди, сакалы көкүрөгүнө жеткен карыган илимпозду, каардуу Искендерди көз алдыга тартат. Ошондой эле сөздөр сүйлөмгө биригип, андан маанилик жактан бир бүтүн, чулу текстке өтүп, мазмунунда эл башына түшкөн алааматты, ага туш болгон элдин азап-тозогун сездирип турат. Мына бул сөздөр керектүү маалыматты чагылдырып жатканы менен аны ар ким ар түрдүү түшүнөт, ар кандай элестетип, ошого жараша кабыл алат.

Мына досум, окуя окшош көрүнгөнү менен сенин элестөөң башкалардыкына окшобогондуктан, сен түзгөн текст да башкалардыкынан айырмаланып чыга келди. Ар бир кишинин өз алдынча элестөөсү менен кабылданган жана ошол элестөө менен башкаларга сунушталган ойду берүү формасы бар экендигин байкадың. Ошол форма – **стиль** деп аталат. Стиль ойду берүү, өзгөчөлүгүн көрсөтүү менен дайыма кепке көз каранды болуп саналат.

Маселен, элдин баары күлүп-жайнап, бирин-бири тамашалашып, күлкүлүү окуяларды айтып отурган жерде кайгылуу нерсени айтууга болбойт. Ошондой эле элдин баары кайгырып жатса, күлкүлүү кепти айтуу жарабайт. Көрдүңбү, адамдардын кеби кырдаалга көз каранды болсо, стиль кептин ыңгайына баш иет. Анткени стиль сүйлөшүүдө, пикирлешүүдө кептин, маалымат алмашуунун бир ыкмасы катары көрүнөт да, коомчулук тарабынан кабыл алынган шартта ишке ашат.

*46-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыккыла, анда кандай кырдаал берилгенин аныктагыла. Бул текст кандай максат менен түзүлгөнүн

айтып бергиле. Кепте кандай милдет аткара тургандыгын тапкыла. Бул текстте стиль барбы, болсо кандай түшүндүргүлө.

### Кымызды суусаганга бер

**Кымыз – элибиздин улуттук суусундуктарынын бири. Аны сабага, арча челекке ачытышат. Кымызда оңой сиңүүчү белоктор, майлар, углеводдор, сүт кислотасы, минералдык туздар, витаминдер, ферменттер жана антибиотик заттар бар. Ал тамак сиңирүүнү жакшыртып, кандын көбөйүшүнө жардам берет. Организмдеги зат алмашуу процессин жакшыртат. Кыргыздар байыркы замандарда эле кымызды суусундук катары пайдалануу менен бирге, анын дарылык касиетин билип, кымыздын бир нече түрүн жасашкан.**

*«Шоокум» журналынан*



**? Текст сүйлөшүүдөн таптакыр алыс тургандай көрүнөт. Эгер текстти үн чыгарып окуй турган болсок, анда мындагы маалыматты сени кимдир бирөөгө айтып берип жаткандай туюлат. Ошондой эле бул жерде кайгылуу да, күлкүлүү да кырдаал билинбейт. Тексттин стили кандай деп ойлойсуң?**

*47-көнүгүү.* Текстти эки киши сүйлөшүп жаткан абалга келтиргиле. Өзүңөр түзгөн текстти жогорку текст менен салыштыргыла, айырмачылыгын айтып бергиле.

*48-көнүгүү.* Кыргыздын кымызын оозеки түрдө аябай мактап көргүлөчү. Аны топ менен мелдешип иштегиле. Адам сүйлөп жатканда кандай кыймыл-аракеттерди жасай турганына көңүл бургула. Адамдын өңү-башына, колдоруна көңүл коюп карап, сүйлөөдө же оозеки кепте адамдын сүйлөгөнүн кандай кыймыл-аракеттер коштой тургандыгын аныктагыла. Кайсы топ сүйлөөдө өзгөчөлүктү көп тапса, ошол жеңүүчү болуп эсептелет.

## ООЗЕКИ СҮЙЛӨШҮҮГӨ ТААНДЫК СТИЛДЕР



**Урматтуу досум! Тексттен жана көнүгүүлөрдөн өзүң аныктагандай сүйлөшүүдө же пикирлешүүдө кептин оозеки жана жазуу түрлөрүнүн ортосунда айырмачылыктар кездешет. Жазуу тексттери адамдын кубанганын, мактанганын, коркконун жана кайгырганын кабыл алынган тилдик нормалар – тыныш белгилер, баяндоо формалары, күчөтмө сөз каражаттары аркылуу туюндурушат.**

Адамдардын ортосундагы сүйлөшүүдө же пикир алышууда кептик маалымат алмашуу тилдик каражаттардан башка белгилер менен коштолуу аркылуу ишке ашат. Сүйлөшүү учурунда адамдар анын бир нече түрүн колдонушат. Алар: мимика, пантомима, ымдоо, жаңсоо, баш ийкөө, баш чайкоо, ачуу үн чыгаруу, ж. б. болуп саналат.

Байкадыңбы досум! Сүйлөшүү учурунда сөзгө эле эмес, ага көрк берип турган ар түрдүү кыймыл-аракетке баа берүү, ага түшүнгөндүк менен мамиле кылуу – акылдуулуктун белгиси.

*49-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, ал жердеги Жээренче чечен менен Алдар Көсөөнүн сүйлөшкөнүнө көңүл бургула. Алардын өз ара сүйлөшкөнүнө эмне үчүн Азиз Жаныбек хан баш болуп башкалар түшүнө алган жок? Жээренче чечендин берген суроосун Алдар Көсөө кантип түшүнө калды. Ушул кырдаалды аныктап айтып берчи.

### Балээ башка кайдан келет?

Күндөрдүн биринде Жээренче чечен жана Азиз Жаныбек вазирлери болуп ордонун ичинде отурганда Алдар Көсөө эшиктен кирип: «Ассалоом алейкум, кан ордосу», – дейт. Жээренче чечен: «Алекима ассалам, эл жоргосу», – дейт. Алдар Көсөө отургандан кийин Алдар Көсөөгө Жээренче чечен ишарат кылып колу менен башын кагат. Алдар Көсөө колунун учу менен тилин кагат да, эшикке чыгып кетет.

Ал чыгып кеткенден кийин Жээренче чечен Жаныбек ханга: «Мени эч ким сөзгө жыга алуучу эмес эле, ушул кирген Көсөө жыгып кетти», – деди эле, хан: «Жээренче чечен сени Көсөө кантип жыкты? – деди. – Көсөө эшиктен кирип «хан ордосу» деп салам айтты, сен «эл жоргосу» деп жооп бердиң. Андан башка эч кандай сөз болгон жок го», – деди.

Анда Жээренче чечен: «Көсөө эшиктен салам айтып кирип отурганда колум менен башымды кагып, «балээ башка кайдан келет?» деп сурадым эле, Көсөө колу менен тилин кагып, «балээ башка тилден келет», – деп жеңип кетти дептир.

? Текстти окуп чыктыңар, сүйлөшүүдө тилдик каражаттардан тышкары ар түрдүү белгилер терең маани берé тургандыгын байкадыңар? Реалдуу турмушта силер деле айрым учурда сүйлөбөй туруп эле, ар кандай жоопторду бересиңер. Мисалы, баш ийкеп же баш чайкап. Алардан тышкары кандай белгилер колдонула тургандыгын эске түшүрүп, айтып бергиле.

Ырас, силер айткан белгилер сүйлөшүүдө оозеки кепке таандык боло тургандыгын байкадыңар, ошондуктан оозеки сүйлөшүү стили өзгөрүлмөлүү жана жандуу аракети менен айырмаланып турат. Мындай кошумча белгилер менен коштолгон, оозеки пикирлешүүдө колдонулган стиль – турмуш-тиричиликтеги *сүйлөө стили* деп аталат.

*50-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

Текстти окуп, Алдар Көсөөнүн тапкычтыгына абдан ыраазы болдуң, туурабы? Эгерде сага бирөө кокусунан ушинтип башын көрсөтсө, эмне деп жооп берет элең?

Өзүң турмушта ушундай белгилерди түшүнгөн учурларың болду беле, ошол окуяны айтып бер.

Өзүң түшүнгөн, маанисин аныктап колдонгон белгини эмне деп атайсың?

**Топко карата тапшырмалар:**

Өзүңдүн ымдоо же жаңсоо аракеттериңди катыштырып текст түз. Аларды топтогулар менен салыштыр. Кимдики образдуу болгондугун аныктагыла да, аны класска окуп бергиле?

Элестүү аракеттер чагылдырылгандай текст түз. Аны топтогулар менен бирдикте талкууга алып, жакшы текстти бөлүп чыгып, аны башка топтогуларга тааныштыргыла.

Адамдын ар кандай мимикасы катышкыдай текст даярда. Андай тексттерди талкуулап, жакшысын бөлүп чыккыла. Ал жердеги кошумча белгилер кызыктуу элестүүлүктү бергидей болсун. Анын кызыктуу экендигин башкаларга далилдегиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

Оозеки сүйлөшүүдө жана кагазга түшкөн текстте кошумча белгилерди кантип колдонулганын айтып бергиле.

Текст түзүүдө ошол кошумча каражаттын (ымдоо, жаңсоо ж. б.) элестүүлүгүн кантип аныктадыңар?

Сүйлөө же оозеки пикирлешүүдө колдонулган кошумча белгинин маанисин айтып бергиле. Өз көз карашыңардын тууралыгын далилдегиле.

***Өз алдынча иштөө:*** Текст түз, анда оозеки сүйлөшүүдө колдонулуучу белгилердин бир нечеси колдонулгандай болсун. Ошол колдонулган белгилерге түшүндүрмө бер.

*51-көнүгүү.* Оозеки түзгөн текстинерди кагаз бетине түшүргүлө. Жазганда же кагаз бетине түшүргөндө кандай өзгөчөлүккө ээ болгондугун аныктагыла. Өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткүлө. Тыныш белгилерге көңүл бургула.

## ЖАЗУУ КЕПКЕ ТААНДЫК СТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Оозеки айтылып жаткан кептин кагазга түшүп, жазылышы өтө татаал экендигин байкадыңар. Анткени, жанында турган угуучуга же пикирлешүүчүгө ойду айтып жеткирүү оңой. Себеби оозеки кепте тил каражатынан тышкары, ар кандай кошумча аракеттер да коштоп, айтылуучу ойдун жеткиликтүү болушун шарттайт. Ал эми ошол оозеки айтылган тексттин кагазга түшүшүндө дал ошондой эле баарыга бирдей түшүнүктүүлүктүн болушу, ар кандай кошумча аракеттер берип турган маани-мазмундун толук сакталышы сөзсүз зарыл. Демек, текст кагазга түшкөн мезгилде баарыга түшүнүктүү тилдик нормаларга баш ийүүгө тийиш. Ансыз ал баарыга түшүнүктүү касиетинен калат, б. а. эгерде жазуу кепте адабий тилдин ченемдери сакталбаса, сүйлөшүүгө таандык логика бузулат да, башкаларга ошол маанисинде жетпей, тексттин таасирдүүлүгү начарлайт. Жазууда кеп башкаларга түшүнүктүү болуш үчүн төмөнкүдөй талаптар коюлат:

*Жазуу кебинде текст кандайдыр бир маалыматты берүүгө тийиш.*

*Ал белгилүү бир темада ишке ашырылышы зарыл.*

*Текст белгилүү бир чөйрөнүн кызыкчылыгын көздөп, пикирлешүүдө кандайдыр бир максатты ишке ашырат.*

*Жазуу тексти башка бирөө үчүн, окурманга арналып түзүлөт да, белгилүү бир логикага, тилдик ченемдүү системага ээ болот.*

*Жазуу текстинде автордук технологиянын, аң-сезимдин жана ойлоо өзгөчөлүктөрүнүн чагылышы зарыл.*

Текстти кагаз бетине түшүргөндө же жазуу текстин уюштурганда ушул жана мындан башка да талаптар аткарылууга тийиш. Ал талаптардын жазуу учурунда аткарылышы ар түрдүү болот да, ал жазуу текстинин стилин аныктайт.

## ЖАЗУУ ТЕКСТИНИН УЮШУЛУШУ ЖАНА АГА КАРАТА СТИЛДИК ТҮЗҮЛҮШҮ

Жазуу тексти жөн гана түзүлө калбайт. Ага коомчулук талап кылган түрткү болушу керек. Ошол түрткү жаза турган адамда ойду же идеяны пайда кылат. Анан автор (жазуу текстин түзүүчү) ошол пайда болгон ойду башкаларга жеткирүү үчүн текст түзүүгө максаттанат. Ал максат турмуш чындыгына негизденип, маалыматты берүү жол-жоболорун из-

дейт да, белгилүү бир форманы тандайт. Анан аны сөздөрдү айкаштырып, сүйлөм куруу аркылуу ишке ашырат. Натыйжада текст түзүлөт да, ал аныкталган мазмунга, аны чагылдырган формага ээ болот.

*52-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыккыла. Бул тексттин уюшулушуна эмне себеп болгондугун таап, текст эмне максат менен түзүлгөнүн аныктагыла. Ал максатты ишке ашыруу үчүн текст түзүүчү кандай стилди колдонгонун айтып бергиле. Топ менен иштеп, өз пикирлеринердин башкалардан артыкчылыгын көрсөткүлө. Өз пикиринерди коргогула.

### Акылдуу улак

Бир улак, токту жана музоо эл жайлоого көчкөндө журтта калыптыр. Үчөөлөп булактын боюна алачык тургузуп алышыптыр. Ошол булактын аркы бетине чоң байтерекке көлөкөлөгөнү келген аюу тигил үчөөнү көрүп, азуу тишке салып, курсакты тойгузмак болуп, аңдып келет. Улак аюуну көрүп калып, алдына чуркап барып, алачыкка ээрчитип келет. Үйгө киргенден кийин:

– Конокко эмне беребиз, – дейт токту.

Анда улак:

– Башкы аюунун башын сал, ортоңку аюунун төшүн сал, ал аз келсе, алдагы турган аюунун башын кесип сал!

– «Булар аюу жей турган немелер го», – дейт да аюу ордунан тура калып качып жөнөйт. Алдынан карышкыр чыгат да:

– Эмнеден качып келе жатасың? – деп сурайт.

– Качпаганда кантем. Булактын боюна улак, токту, музоо конушкан экен. Аларды жейин деп барсам, үчөө мени жемек болгондо, арандан зорго качып чыктым –дейт.

? Чынын алганда бул жерде берилип жаткан жаныбарлардын бири да адам сыяктуу сүйлөбөйт. Ал эми аларга тил берип, аларды сүйлөтүп жаткан ким? Албетте, бизбиз. Аларга минтип тил киргизип, сүйлөтүүгө эмне зарылдык болду? Силердин пикиринер кандай? Адамга жомоктордо мына ушундай жан-жаныбарларды сүйлөтүү муктаждыгы кайдан жаралды?

*53-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

Текстти окуп чыктың, ал сага кандай таасир калтырды?

Автор же айтып жаткан адам жан-жаныбарлардын окуясын айтып берүү менен кандай ойду айткысы келген деп ойлойсуң? Бул жерде кандай маани берилип жатат?

Эгер сен түзсөң текстте ушул ойду кандай берет элең?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** «Акылдуу улактагы» жан-жаныбарларды катыштырып, текст түзгүлө. Топ менен иштеп, идеяны сактап, текстти көркөмдөп түзгүлө. Аны класска окуп бергиле.

**2-топко:** Фантазияңарды көрсөтүп, ар бириң текст түз. Жакшы, образдуу деген сүйлөмдөрдү алып, жалпылаштырылган бир текст даярдагыла. Аны башка топтогуларга окуп берип, алардын пикирин уккула.

**3-топко:** Текст түзүп, анда көркөм сөз каражаттарын кеңири колдонгула. Топ менен биргелешип иштеп, ар бириңер түзгөн тексттен бир текст жараткыла. Аны класста талкуулагыла жакшы жана начар жактарын тапкыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текст түзүүдө кандай көркөм сөз каражаттарын кантип колдонгонуңарды айтып бергиле.

Өзүңөр тапкан сөздүн элестүүлүгүн, образдуулугун кандайча аныктадыңар? Ал сөздөрдү кайдан үйрөндүңөр эле?

Элестүүлүк сөздөбү же сүйлөмдөбү, же тексттеби?

***Өз алдынча иштөө:*** Көркөм сөз каражаттарын кеңири пайдаланып, текст түз. Өзүң колдонгон элестүү сөздөрдүн алдын сызып, ал сөздөргө түшүндүрмө бер. Эне тилинде көп сөз биле турганыңды далилде.

*54-көнүгүү.* Өзүңөр түзгөн текстти дагы бир ирет окуп чыгып, андан оозеки сүйлөшүүдө колдонулган жана жазуу текстте гана колдонулуучу сөздөрдү бөлүп жазгыла. Эмне себептен мына ушундай аныктама бергениңерди түшүндүргүлө.

*55-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, ал жерде берилген ой жүгүртүүгө көңүл бургула. Силер бул жерде айтылган ойго ишендиңерби? Ишенбесеңер эмне үчүн ишенбедиңер? Бул тексттеги кайсы ойлор же кайсы сүйлөмдөр силерди ынандыра алган жок? Алардын алдын сызып көрсөткүлө. Ал сүйлөмдөрдөгү ойлордун жалган экендигин силер кантип таптыңар? Ар бириң жеке көз карашыңарды айткыла.

## Кара кулак

Бир өрөөндө ашкан чебер Мергенбай аттуу эр жүрөк мерген болуптур, жеткен аяр, амалдуу, кандай аң болбосун изине карап, түшкөн жүнүн, суу ичкенин, жуушаганын билчү экен. Ошол Мергенбай жалбырактуу бийик даракка чыгып, жаныбарлардын сууга келе турган жолун аңдып отурат. Бир таман жол менен коркок коён, топ-топ кийик, куйругун кубулткан түлкү, карсак, карышкырлар өттү. Эч бири жашынып отурган мергенди сезген жок. Бир кезде эки кулагы капкара, куйругунун учу түпкүчтөй ийилген жалпак бир нерсе көрүндү. Мындай айбанды Мергенбай өмүр бою көрө элек эле. Ал айбан келе жатып жерге, айга, асманга карап коёт. Мерген да сыр бербей отура берди. Айбан мергенге жакын келип, адамдын жытын сезип, дарактын түбүнө тикесинен тура калды: «Апаке!» деп кыйкырып жиберди да, терс айланып, куйругу менен мергенди мээлеп атып калды. Мерген да, атышка үлгүрдү. Кара кулактын аткан огу Мергенбайга бир карыштай жетпей, бактын бутагына тийип, күйгүзүп кетти. Кара кулактын куйругунан атканы заар экен.

Мергенбай Кара кулакты жүрөккө атыптыр. Союп көрүшсө, териси кымбат, куйругу чылк жез экен дейт.

*Кыргыз эл жомокторунан*

? Бул текстте карандай калп айтылып жатканын байкадыңар. Анын калп экендигин берилген ойлорду турмушка салыштыруу менен аныктадык, туурабы? Экинчиден, бул жерде бизди кызыктырган идеянын жетишсиздиги же тексттин эмне максат менен түзүлгөндүгүнүн аныкталбагандыгы мына ушундай ойго алып келүүдө.

Текст дайыма кандай формада түзүлбөсүн, эмне максатты көздөбөсүн, баары бир турмуш чындыгына негизделиши керек. Эгерде түзүлгөн тексттин турмушка керектүү эч нерсеси жок болсо, ошондой эле чындыкка негизделген ой болбосо, анда андай тексттер калп катары кабылданып, ишенимден кетет. Ошол себептен текст түзүп жатканда чындыкты ишенимдүү айтууга аракеттен.

*56-көнүгүү.* Ушул эле текстти башкалар ишенгидей кылып кайра түзүп чык. Кайсы сүйлөмдөрдү калтырып, кайсы сүйлөмдөрдү алмаштырганыңды, анын алмаштыруу себептерин айтып бер. Эмне үчүн өзүң түзгөн текст чындыкка жакын деп эсептей турганыңды түшүндүр.

## ЖАЗУУ КЕБИНИН РАСМИЙ КОЛДОНУЛУШУ

*57-көнүгүү.* Расмий иш кагаздарынын бири болгон төмөнкү текстке көңүл бур. Ал кандай учурда колдонула тургандыгына карата пикириңди билдир.

**№ 85 орто мектептин деректири**
**Карамолдоев Нурланга**
**5-класстын окуучусу**
**Бейшекеев Нурдинден**

### Түшүнүк кат

**Мен шаардан алыс жашаганыма байланыштуу, транспорт өз убагында каттабагандыктан, 2004-жылдын 29-сентябрында дене тарбия сабагына кечигип келдим.**

**Мындай иш мындан ары кайталанбайт деп ишендирем.**

*(колу)* *Н. Бейшекеев*

**Күн, ай, жыл.**

**? Мына ушундай түшүнүк кат жазып көрдүң беле? Жок, жазган эмессиң. Расмий иш кагаздарын колдонуу үчүн аларга карата турмуштук зарылдык болуш керек. Албетте, ушундай зарылдык сенде боло элек. Бирок эртеби-кечпи мындай расмий жазуу кебин же текстти пайдаланууга туура келет, ошондо башты тырмап, билбей калуу сабатсыздыктын белгиси болот. Ошондуктан иш кагаздарын жазууну классташтарың менен эмитен үйрөн.**

*58-көнүгүү.* Түшүнүк кат кантип жазыла турганына көңүл бур. Түшүнүк каттын текстинин өзгөчөлүгүн аныкта. Сен тапкан өзгөчөлүктөрдү дептериңе түшүр.

*59-көнүгүү.* Түшүнүк катта эмне түшүнүктөр камтылыш керектигин байкадыңарбы. Ошол түшүнүктөрдү пайдаланып, жогоруда сунушталган үлгүгө салып, кандайдыр бир кырдаалга карата түшүнүк кат жазгыла.

*60-көнүгүү.* Топ менен иштеп, жазган түшүнүк катыңарды талкуулагыла. Түшүнүк каттардын эң жакшы деген үлгүсүн класска окуп бергиле. Ал түшүнүк каттын жакшы жактарын белгилегиле.

## КӨРКӨМ СТИЛЬ ЖАНА АГА КАРАТА МУКТАЖДЫКТАР

Өзүң айрым нерселерди түшүнүп калдың досум, өзүң ойлонуп турган ойду башкаларга түшүндүрүү кыйын. Бардык учурда эле баяндай берүү – угуп жаткан адамды тажатып жиберет. Ошондуктан адамдар башкалар элестетип кабыл алышы үчүн образдуулукка негизделген көркөм стилди тандап алышат.

### Мээ менен тил

Мээге малай тил болот,
Мээ кир болсо, кир болот.
Тилиң тикен болсо да,
Мээ тим десе тим болот.

Дайым сылык көнгөн тил,
Тунук мээни көргөн тил.
Ыш татытат сөздөрүн
Мээ түтүнү көмгөн тил.
Кимдин кандай экенин
Сөздөрүнөн сеземин.

*Какен Алмазбеков*



**? Туура эле түшүндүң, досум! Бул жерде сылыктык жөнүндө айтып жатат.**

*61-көнүгүү.* Текстти ролдоштуруп окугула. Көркөм окууга, башкаларга жеткиликтүү түшүндүрүүгө аракеттенгиле.

*62-көнүгүү.* Образдуу, элестүү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, эмне үчүн ушул сүйлөмдөрдү образдуу деп бөлүп алганыңды далилде.

*63-көнүгүү.* Төмөнкү саптар текст ичинде кандай милдет, кандай идея аткарып жатканын түшүндүр.

Кимдин кандай экенин
Сөздөрүнөн сеземин.

*64-көнүгүү.* Топ менен иштегиле да, жогорку эки саптын мазмунун ачып бергидей текст түзгүлө. Образдуулук өтө жогору болуп, жалкоо балдардын жаман сапаттары толук ачылсын. Эң жакшы түзүлгөн текстти мугалим менен бирдикте аныктагыла.

## КЕП ЖАНА ОЙДУ БЕРЕ БИЛҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

*65-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыккыла. Кандай көркөмдүүлүктө экендигин аныктагыла. Силерге таасир эткен сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп жазгыла. Эмнеге ушул сүйлөмдөргө көңүл буруп калганыңарды түшүндүргүлө.

### Арстан менен түлкү

Арстан картайды. Мурункудай жортуулга чыгып, жениш менен кайтчу күндөр артта калды. Эми оокатты башка амал менен табууга өттү.

– Ооруп калдым, басууга жарабайм, – деген кабар таратты айбандарга. Ошентип үңкүрүнөн чыкпай жатып алды.

Айбанаттар арстанга кезек менен барып турушту. Өзүнө келген айбандардын бирөөн да сыртка чыгарган жок. Бардыгы анын жеми болду.

Күндөрдүн биринде түлкү келди.

– Алыңыз кандай? – деп сурады ал бир топ алыс жерде туруп.

– Өтө жаман, эмнеге алыс туруп алдың? Жакын кел, Түкө, аркы-беркини сүйлөшөлү, – деди арстан.

– Жакын барар элем, бирок сенин үңкүрүңө кирген из көп, бирок чыккан из көрүнбөйт, – деди да, түлкү баса берди.

*«Кыргыз эл жомокторунан»*

? Ырас, жан-жаныбарлар адам катары ойлонбойт да сүйлөбөйт да. Аны баарыбыз тең жакшы билебиз. Бирок, ошол адамдар бул жерде арстанды да, түлкүнү да ойлондуруп, сүйлөттүрүп жатат. Алардын сүйлөп калуусуна эмне себеп болду деп ойлойсуң?

Албетте туура, ар бир текст кандайдыр бир ой, идея менен жарала тургандыгын билебиз. Анда жомокту ойлоп тапкан кыргыз эли бул текст менен эмне идеяны бергиси келди экен? Туура баамдап турасың, жан-жаныбарлардын сапаты менен адам мүнөзүн, адамга таандык түюндуруп жатат. Арстанды карап отуруп эмнени сездиң? Ал эми түлкүдөнчү?..

*66-көнүгүү.* Текстте кандай ой айтылгандыгына карата өз пикириңди билдир. Арстан менен түлкүнүн кандай сапаттары жөнүндө кеп болгондугун айта аласыңбы?

*67-көнүгүү.* Арстандын каардуу, эч кимди аябаган канкор экендигин, башка жаныбарлардын ишенчээк, ал эми түлкүнүн куу жана байкагыч экендигин катыштырып текст түз. Аны мүмкүнчүлүгүңдүн жетишинче көркөмдө.

*68-көнүгүү.* Үч топ, өздөрүнүн тексттерин талкууга койсун. Алардын арасынан эң мыкты текстти аныктагыла. Сүйлөмдө ойдун элестүүлүгүн, тексттеги образдуулукка карап, айрым сүйлөмдөрдү дептеринерге көчүргүлө.



**Көрдүңбү досум! Маалыматтарды ар кандай түрдө берсе болот, бирок көркөм, элестүү сүйлөмдөр менен берилген текст эч качан адамдын эсинен чыкпай калат. Ошондуктан адамдар дайыма көркөм айтуу же көркөм жазуу стилине муктаж болуп келишет. Эгерде текстте образдуулук канчалык күчтүү болсо, ал ошончолук адамга таасирдүү болот. Кана эмесе, төмөнкү текстти окуп, чогуу талдайлы.**

## ОБРАЗДУУЛУК ЖАНА КЕП

*69-көнүгүү.* Текстти окуп чыгып, окуя эмне жөнүндө экендигин айтып бергиле. Ошондой эле тексттеги негизги ой эмнени айтып жатканын тапкыла.

### Алтын көл баяны

Илгери, илгери ушул Алтын көлдү жердеген бай киши жашайт. Адегенде анын койдун корголундай гана алтыны болот. Анан анысы көбөйүп отуруп, ат башындай алтынга айланат. Бай байыган сайын тегерегиндегилер жакырлана берет. Жарды-жалчылар, кедей-кембагалдар, таштандыдан тамак издегендер күн санап арбыйт. Аргасы кеткендер алакан сунуп, байдан жардам сурайт. Бай жардам кылмак тургай аларды кайра ит-кушка талатып, кууп чыгат. Байдан кордук көргөндөр башка жактарга көчө баштайт. Бай баймanасы ташып, көлдү жеке менчигине басат. Малы жайыtka, маралы токойго батпайт.

Анан күндөрдүн бир күндөрүндө Алтын көлгө карагай бою кар түшөт. Катуу жут болот. Байдын малы бүт кырылып, тарпка айланат. Катын-баласы ооруп жыгылат. Бир чымчым талкан, бир сындырым нан дарыга айланат. Бай анан баягы ат башындай алтынын көтөрүнүп алып бир кап талканга алмашуу үчүн Алтайды аралап жөнөйт. Эч ким байга ырайым кылбайт.

– Бизди иттериңе талаткан күндөрдү эстечи! Биз да сага эчтеке бербейбиз. Алтының өзүңө буюрсун, – дешет байдан кордук көргөндөр.

Ыза болгон бай үйүнө кайтат. Келсе ачкачылык менен оорудан катын-баласы эбак өлүп калган болот. Ошондо ат башындай алтынын мойнуна байланган бойдон көлгө боюн таштайт. Көл ошондон тарта «Алтын көл» аталып калат.

*70-көнүгүү.* Балким турмушта мындай окуя болуп өтпөй эле, жөн гана «Алтын көл» аталып калгандыр. Бирок акылдуу адамдар «Алтын көл» жөнүндө мына ушул аңызды ойлоп чыгарышкан. Эмне себептен? Алар өздөрүнүн балдары акылдуу, ыймандуу жана башкаларга кайрымдуу, дайыма адамкерчилик менен мамиле кылуусу үчүн. Сенин жеке пикириң кандай? Оозеки жооп бер.

*71-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

Текстти окуп чыктың, сен кандай идеялар берилип жатканын байкадың?

Автор бул окуяны баяндап берүү менен кандай ойду айткысы келген деп ойлойсуң?

Эгер сен жазган ушул окуяны кандай баяндап берет элең?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Топ менен иштеп, «Алтын көл» текстиндеги идеяны сактап, бирок мүмкүнчүлүгүңөрдүн жетишинче көркөмдөп, текст түзгүлө. Аны жалпы класска тааныштыргыла.

**2-топко:** Ар бириң чыгармачылыгыңарды көрсөтүп, текст түзгүлө. Топ боюнча жана образдуу сүйлөмдөрдөн жөнөкөй текст даярдагыла. Аны башка топтогуларга окуп берип, алардын пикирин уккула.

**3-топко:** Текст түзүп, анда көркөм сөз каражаттарын кеңири колдонуп, образдуу көрүнүштү берүүгө аракеттенгиле. Топ менен биргелешип иштеп, ар бириңер түзгөн тексттен бир текст жараткыла. Аны класстык талкууга алып, жакшы жана начар жактарын тапкыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

Текст түзүүдө кандай көркөм сөз каражаттарын кантип колдонгонуңарды айтып бергиле.

Өзүңөр тапкан сөздүн элестүүлүгүн, образдуулугун кандайча аныктадыңар? Ал сөздөрдү кайдан үйрөндүңөр эле?

Элестүүлүк сөздөбү же сүйлөмдөбү, же тексттеби?

***Өз алдынча иштөө:*** Көркөм сөз каражаттарын кеңири пайдаланып текст түз. Өзүң колдонгон элестүү сөздөрдүн алдын сызып, ал сөздөргө түшүндүрмө бер. Эне тилинде көп сөз биле турганыңды далилде.

*72-көнүгүү.* Төмөнкү сүрөт менен иштегиле. Аны образдуу кылып ачып берүүгө аракеттенип, текст түзгүлө.



*73-көнүгүү.* Төмөнкү текст кандай мазмунга ээ экендигин айтып бергиле.

– Атты мээнет чырмаса, эмне болот?
– Астыңкы буттан басынат.
– Төөнү мээнет чырмасачы?
– Котур болуп кашынат.
– Барды мээнет чырмасачы?
– Ашканага жашынат.
– Ырксызды мээнет чырмасачы?
– Бири-бирине асылат.

*Элдик ырлардан*

*74-көнүгүү.* Топ менен иштеп, суроо-жоопту андан ары уланткыла. Суроону да, жоопту да турмуш чындыгынан алгыла. Өзүңөрдүн тапкыч экенинерди көрсөткүлө.

*75-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, анда негизги ой кандай берилип жатканына көңүл бургула. Жогоруда келтирилген тексттердин айырмачылыгын табууга аракеттенгиле.

### Жарым тонна киши

Мексикалык Монтеррей шаарынын тургуну Мануэль Урибенин ысымы ушул жылы «Гиннес рекоддор китебине» дүйнөдөгү эң семиз адам деп жазылды. Акыркы беш жылдан бери Урибе төшөктөн туруп көргөн эмес. Себеби, ал өз алдынча бутунда турууга шайы жок эле.

Мануэль тууралуу телебаянды көрүп, италиялык врачтар оорулууга акысыз операция жасоого макул болушкан. Алардын айтымында башка семиз адамдардан айырмаланып, Мануэлдин канындагы глюкоза менен холестерин орточо деңгээлде. Анын жүрөгү жакшы иштейт. Мануэлдин сөзүнө караганда, ал 22 жашына чейин 130 килограмм болчу. Кийин белгисиз себептерден улам тез семирип баштаган да, төшөктөн тура албай калган абалга чейин барган.

Эки жыл мурун 41 жаштагы Урибенин салмагы 550 килограмм болду.

*«Гиннес рекорддор китебинен»*

*76-көнүгүү.* Өз алдынча текст түз. Аны түзүүдө ойду берүү ыкмасын танда. Сага болгонун болгондой айтып берген жагабы же ойду көркөмдөгүң келеби? Балким өзүң көргөн чындыкты гана айтып берерсиң. Оюңду туура жана так жеткирүүгө аракеттен.

*77-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү жакшылап талда, элестүүлүк кандай берилгенин аныкта да, элестүү айтып бер.

«Бир жаман чапаным бар,
Тоо-ташка сүйрөсөм да жыртылбайт» *(көлөкө).*

*78-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык, анда элестүүлүктүн кандай түрү берилгендиги жөнүндө өз пикириңди билдир.

### Шахмат легендасын билесиңби?


Байыркы индия легендасы боюнча, Сесса аттуу киши шахматты ойлоп чыгарган. Шахматты королго тапшырышканда, ал кубанганынан ойлоп табуучуга эң чоң сыйлык берүүгө убада кылган.

– Сесса, эмне кааласаң ошону сура. Сен каалаган нерсенин баарын берүүгө даярмын.

– Менин улуу урматтуу төрөм, – деди ал шахматтын тактасын көрсөтүп, – шахматтын биринчи клеткасы үчүн буудайдын бир данын, экинчиси үчүн эки данын, үчүнчүсүнө төрт данды, төртүнчүсү үчүн сегиз данды, бешинчисине он алты, ошентип бардык шахмат тактасы үчүн 64 буудайдын данын бериңиз. Жалпысынан ар бир жолку сан мурункусуна салыштырмалуу эки эсеге көбөйүп турсун.

Король Сессанын каалоосу өтө эле жөнөкөй экен деп чечти жана ага бир чоң мүшөк буудай берүүнү буйрук кылды. Сесса королго кайра ойлонуп көрүүнү сунуштады. Сарайда кызмат кылуучу математиктердин бири эсептеп чыгып:

– Улуу урматтуум! Сиздин убадаңызды аткаруу үчүн казынадагы буудай жетишсиздик кылат экен.



Урматтуу досум! Сага текст түзүүдө колдонулуучу ойлоонун үч түрүн сунуш кылдык. Байкадыңбы, тексттин биринчисинде ашыкча көркөмдүүлүк, өтө таасирдүү образдуулук жок болгону менен, ой жүгүртүү саптардын өз ара уйкаштыгында элестүүлүгү боюнча башкалардан айырмаланып турат. Ыр менен берген элестүүлүктү кара сөзгө айландыра турган болсок, анда текст мынчалык таасирдүү болбой тургандыгы анык.

Эми силерге сунушталган экинчи текстке келели. Мында образдуулук биринчи текстке караганда күчтүү. Өзүң элестетип көрчү, «жаман чапанды тоо-ташка сүйрөп жүрсөң да жыртылбайт». Элестетип, анын чүпүрөктөн эмес экендигин сезип турасың. Анткени чүпүрөк болсо, кичине эле сүйрөгөндө, жерден ар кандай нерселерге илинип калмак. Муну сен билесиң, себеби ар кандай караган бутакка, казык, зымдарга илип, далай шым-көйнөктү айырган-

сын. Демек, элестетип көрүп, анын чапан эместигин толук сездиң. Анан бул табышмак аркылуу аны айткан адамдын ой жүгүртүүсүндө эмне бар экендигин ойлоно баштайсың. Ырас, образдуу ой жүгүртүүң күчтүү болсо, элестетип табасың. Ал эми ой жүгүртүүңдө образдуулук жетишсиз болсо, таба албайсың. Жеңилгениң ошо, анда сага образдуу ойлоону кеңейтишиң керек экендиги ачык көрүнөт.

Өзүң баамдагандай үчүнчү тексттен образдуулук таптакыр башка. Аны акыл менен эсептеп чыгыш керек. Ага башкача мазмундагы образдуулук керек. Сесса баарын ойлонуп, эсептеп чыгып, анан шахматтын бетиндеги чатырашка туура келе турган буудайды сурады. Король эмне кылды? Анын элестетүүсү начар, образдуу ой жүгүртүүсү математикалык болбогондуктан улам, ал оюнда шахматтын 64 чатырашына толгон буудай берем деп ойлоду да, Сессанын каалоосу жөнөкөй деп эсептеп, ага бир мүшөк буудай берүүнү буйрук кылды. Ал эми Сесса Королго кайра ойлонуп көрүүнү сунуштады. Мына ошондо хан сарайда кызмат кылган математиктердин бирөө эсептеп чыгып, өлкөнүн казынасындагы буудай жетишсиздик кыла тургандыгын билдирди.

*79-көнүгүү.* Текст түз, анда кандайдыр бир образдуулукту камтыганга аракет кыл. Кандай образдуулукту бергениң жөнүндө билдир.

*80-көнүгүү.* Текст түзүп жатып, образдуулуктун кандай түрлөрүн байкадың. Эгер байкаган болсоң ошол тууралуу өз пикириңди билдир.

**Кептеги же тексттеги образдуулук – мазмунун жөнөкөй сөз менен эле бир айтып берүүгө мүмкүн болбогон нерсенин кыска жана элестүү сүйлөмдөр менен берүү. Ал сөз, сөз айкашы, сүйлөм, айрым учурда тексттин өзү аркылуу ишке ашырылат.**

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ЖАНА КЕП

*81-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, ал жерде ой кандайча жүзөгө ашып жатканын айтып бер. Негизги ойду табууга аракеттен.

**Эң бат жүрүүчү сериялык автомобиль.** Эң жогорку ылдамдыгы саатына 325 км Ламборгини-Дьябло сериялык автомобилинен такталган. Анчалык ылдамдыкты V түрүндөгү көлөмү 5729 куб см, 12 цилиндрлик автомобиль көрсөткөн.

**Эң оор жылан.** Жыландын бардык түрүнөн эң оор деп Түштүк Американын жана Тринидаддын тропигинде жашаган кадимки анакондaны эсептешет. Анын узундугу чаар ала питондой болгону менен, салмагы андан эки эсе оор. 1960-ж. Бразилияда өлтүрүлгөн ургаачы анакондaны таразага тартышкан эмес, бирок

анын узундугу 8,45 м; туурасы – 111 см болгон, демек, эсеп боюнча анын салмагы 227 кг га барабар. Анаконданын узундугу орто эсеп менен 5,48–6,09 м жетет.

**Эң кымбат картина.** Леонардо да Винчинин «Моно Лиза» (Джоконда) картинасы 100 млн долларга бааланган. Картинаны Париждөн Вашингтонго 1962-ж. 14-декабрдан 1963-ж. мартына чейин көргөзмөгө жөнөткөндө камсыздандыруу максатында баалашкан.

? Бул жердеги сүйлөмдөрдү текст деп айтууга болобу? Албетте, болбойт. Бирок ой жүгүртүүдө маанилүү орунду ээлеген маалымат берүү кызматын аткарып жатат. Көрсө, адамдардын өз ара пикирлешүүсүндө, оозеки жана жазуу кебинде тексттердей эле сүйлөмдөр да таасирдүү болуп саналат. Сүйлөмдөр текст кудуретине жетпегени менен, адамдын ой жүгүртүүсүн жеткирүүгө жөндөмдүү келишет. Ошондуктан адамдар кепте текстке караганда сүйлөмгө артыкчылык беришет. Анткени, ар бир сүйлөм өзүнчө бүткөн ойду билдирет да, ал аркылуу сүйлөшүүдөгү адамдын ой жүгүртүүнү аныктай алышат.

*82-көнүгүү.*

**Жекече суроолор:**

1. Буга чейин текст түзүп жатканда ой жүгүртүүгө маани берчү белең?
2. Ой жүгүртүү сүйлөмдөрдү башкарып турат деп ойлойсуңбу?
3. Оозеки жана жазуу кебинде ой жүгүртүүнүн ролу кандай? Ой жүгүртүүсүз түзүлгөн сүйлөмдөр болушу мүмкүнбү?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Оозеки же жазуу кебинин бирин тандап алгыла да, анда сүйлөмдөр аркылуу терең маанилүү ой жүгүртүүнү бергендей болгула. Кепте ой жүгүртүүнүн кандай түрүн бергенинерди түшүндүргүлө.

**2-топко:** Кептин өзүңөргө жакын түрүн алып, анда терең мазмундагы оюу бар сүйлөмдөрдү бергиле. Кандай ой жүгүртүү экендигин туюндургула.

**3-топко:** Сүйлөмдөр аркылуу өтө маанилүү бир нече маалымат бергиле. Ал кептин кайсы түрүнө кире тургандыгын аныктап, анда кандай ой жүгүртүү берилгендигин далилдегиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

Кайсы сүйлөмдөрдө терең ой жүгүртүү берилди деп эсептейсиңер? Эмнеге?

Сүйлөмдө берилген ой жүгүртүүнүн кандай формада экендигин аныктай алдыңбы? Эгер аныктай алсаң, кантип аныктаганыңды түшүндүр.

Ой жүгүртүү сөздө берилеби же сүйлөмдөбү?

***Өз алдынча иштөө:*** **Ар бир сүйлөмдө терең ой берүүгө аракеттен. Анда ар бир сөздүн кызматын таап колдон, сүйлөмгө ашык сөз колдонбогонго умтул. Сөзгө чебер экениңди көрсөт.**

*83-көнүгүү.* Түзгөн сүйлөмдөрдү класс боюнча окуп чыгып, арасынан терең ой жүгүртүү берилген сүйлөмдөрдү тапкыла. Эң мыкты деген бир сүйлөмдү аныктагыла.

*84-көнүгүү.* Терең ой жүгүртүү камтыган сүйлөмдөрдү дептерге көчүргүлө. Эмне үчүн ал сүйлөмдөрдө терең ой жүгүртүү берилген деп эсептей турганыңарды түшүндүргүлө.

## КЕПТЕ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ КАНДАЙ БОЛОТ?



**Урматтуу досум! Кеп же сүйлөшүү ой жүгүртүүнү берүү зарылдыгынан улам жарала тургандыгын көрдүң. Оозеки сүйлөшүүдө сүйлөөчү тарабынан жаралган ой жүгүртүүнү башка бирөөгө билдирүү муктаждыгы сүйлөмдү же текстти пайда кылат. Пикирлешүүдө ой айтуу угуучунун ой жүгүртүү даражетине жараша сүйлөмдү же текстти тандайт.**

**Байкадыңбы, досум, оозеки сүйлөшүү учурунда адамдын ой жүгүртүүсү тилдин базасында сөз каражаттары аркылуу иштелип чыгып, сүйлөшүү ишмердүүлүгүн же кепти түзөт. Ой жүгүртүү сүйлөшүү ишмердүүлүгүндө алгач сүйлөмгө айланып, андан соң текст пайда кылуу менен, ар дайым ойдун көркөм жана элестүү берилишин шарттайт. Мындай көркөм каражаттар менен берилген ой жүгүртүү, кепте *экспрессиялуулук* деп аталат.**

**Ой жүгүртүү сүйлөшүүдө канчалык терең мааниге ээ болсо, сүйлөм ошончолук көркөм болот.**

*85-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, анда сүйлөмдөр кандай ой жүгүртүүдө берилгенин айтып бер. Мында ар бир сүйлөмдө берилген ой жүгүртүүгө көңүл бур.

### Ата Журттун бир ууч топурагы

Бир ууч топурактын эмне деген касиети, күчү бар?

Чабалекей кең ааламдан күнүгө таруудай топуракты мээнет менен ташып келет. Бир ууч топуракка уя салат. Мекенин жат көздөн коргойт, балапан чыгарып, анысын кайдадыр алыска учуруп кетет. Акыры ааламды кыдырып, тоолордун, талаалардын, булуттардын үстүнөн учуп жүрүп, келерки жылы да жыт сиңген эски уясын таап, аны караан тутуп кайра келет.

Бир ууч топурактан куштардын мекени курулат экен. «Бир ууч топурак» дегендин алдына «Ата Мекен» деген сөздү кошолу. Эмелеки шылдыр сөз, кыргызга аземи күчтүү ыйык сөз болуп чыга келет: «Ата Журттун бир ууч топурагы». Санжырачы акылман карыялардын сөзүн тындасак: көл бир тамчы суудан толот. Күү болсо, бир кайрыктан чертилет. Токой бир талдан курулат. Кылым бир күндөн түзүлөт. Ал эми Ата Журттун тулку денеси кымындай бир ууч топурактан курулат да.

*К. Жусупов*

? Бир караганда, бир ууч топурак жөнүндө айтып жаткандай болгону менен ой жүгүртүү текстте бир кыйла тереңге кетет. Ой жүгүртүп көрчү, адам үчүн эле эмес, томуктай чабалекейге бир ууч топурак канчага туруп жатат. Ал таруудай топуракты жыйнап, бир ууч кылып үй салат. Анда балапан чыгарып, тукумун улайт. Бир ууч топурактан куштардын мекени курулууда.

*86-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, сүйлөмдөрдө ой жүгүртүү кандай берилгенин айтып бер.

Тил – ойдун сандыгы.
Тил – акыйкатты табат.
Тил – акыл таразасы.

*87-көнүгүү.* Жогоруда келтирилген макалдардын бирөөнү тандап ал да, аны өзүңдүн ой жүгүртүүң аркылуу чечмелеп түшүндүр. Ал ой жүгүртүүңдүн терең экендигин далилдегендей болсун.

*88-көнүгүү.* Ой жүгүртүүңдү дептерге жаз. Башкалардыкы менен салыштыр да, өзүңдүн ой жүгүртүүңдү аныкта.

Демек, адамдын ой жүгүртүүсү канчалык эркин көрүнгөнү менен тилдин базасында, сөз каражаттары аркылуу иштелип чыгып, сүйлөшүүдө, кеп ишмердүүлүгүндө түптөлөт. Кепте ой жүгүртүү ар кандай формада ишке ашырылат. Ой жүгүртүүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша текст же сүйлөм көркөм боёкчолор менен жабдылып, адамдардын сүйлөшүүсүндө, жазма тилдин колдонулушунда кубануу, ачуулануу, кайгыруу сыяктуу абалын көрсөтүүгө да жетишет.



Урматтуу досум! Сүйлөм жөнүндө алгачкы маалыматты баштапгыч класстан эле алганыңды эсте. Сүйлөм сага аба менен суудай кызмат кылып жатканын элестете аласыңбы? Албетте, жок.

Аба менен суу жок жашай албастыгыңды сезип турасың. Ал эми сөз же сүйлөмү жок жашоочудай сезилет. Бирок терең ойлонгон адам өз жашоосуна аба менен суу, от менен жер кандай керек болсо, сөз да, сүйлөм да ошондой керек экендигин сезет. Кантип дейсиңби?

Маселен, өзүңдүн дүр-дүйүм тамак толтура ээн аралда калдым деп элестет. Эс алам десең баары бар, бирок жалгызсың. Бир күн аралды кыдырып суктанасың, керемет дүйнөсүнө ашык болосуң. Эртеси баягынын баарын кимдир бирөөгө айтып бергиң келет, бирок аны уга турган жан жок. Алгач тоо-таш, токой менен сүйлөшөсүң, ырас алар сага сүйлөбөйт. Сүйлөшкөнгө киши жок, бук болосуң. Сөз кадырын ошондо билесиң. Сөз кудуретин ошондо түшүнөсүң.

Байкасаң, анча этибар албаганың менен күнүгө далай киши менен сүйлөшөсүң. Алар менен пикирлешип жатып, көп маалымат аласың, билимиң артат. Турмушту түшүнүп, көзүң каныгат. Көрдүңбү досум, ушунун баары сөз менен болот, сүйлөм менен чечилет. Анда эмесе, сүйлөм деген эмне экенин билели.

Сыртынан караганда сүйлөм кандайдыр бир сөздөрдүн жыйындысы катары көрүнөт. Айрым сүйлөмдөр бир сөздөн турса, кээ бир сүйлөмдөр ондон ашык сөздөрдөн тургандыгын байкайбыз. Алар кантип биригет, кантип бири-бири менен байланышат? Адам сөздөрдү бир сөздөн же он сөздө болсун деп жасайт. Анын бере турган мааниси сүйлөмдүн курамын аныктайт.

Сүйлөм түзүп көрчү. Адам сүйлөп жатканда же сүйлөмдү куруп, анда кандайдыр бир маанини туюндуруп жаткан маалда сөздү санап отурбай тургандыгын көрдүң го. Сүйлөм бере турган ойго карата сөздөрдү иргеп алат. Демек, сүйлөмдө сөздөр маанилик жактан тутумдашат же бере турган маанисине ылайык сөздөр куралат.

Ойлогон ойду берүүдө сөз биринчи орунда турабы же сүйлөмбү? Ойлонуп көрчү, кайсынысы башкы орунда турат? Туура таптың, ойду берүүдө сөзгө караганда сүйлөм башкы орунда турат. Анткени сөз менен ойду толук берүүгө болбойт.

Байкап карасаң, сөздөр структуралык жактан биригип, логикалык мыйзам ченемдүүлүктө кандайдыр бир ойду берүүгө багыт алып, өз ара сүйлөм куруу системасына ээ болуп түзүлөт. Бул көз караштарды аныктоо үчүн төмөнкү көнүгүүлөрдү иштейли.

*89-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн курамын сүйлөм деп айтууга болобу? Болбосо сен аны эмнеден байкадың?

**Асан . Мурда айылдан буюмдарды Бишкекке көрбөгөндүктөн келди. Ал . Бирок Бишкектен мектепке Ош базарын кыйналды. Аралап өзүнө кийим, мектепке түртүшмөй керектүү алды шаар аралап ага жаккан жок ал базардын ал мындай ичинен абдан өзгөчө өзүнүн шаардын, Бул базарындагы досторуна керектүү кыйынчылыкка буюмдар чыдады. айылда болгондуктан жетишсиз жөнүндө айтып берди.**

*90-көнүгүү.* Жогорку сөздөрдүн курамынын туура уюштурулуп сүйлөм болгонун кара. Ал эми жогорку курамында турган сөздөрдү эмнеге сүйлөм деп айтууга болбойт, түшүндүрө аласыңбы?

**Асан айылдан Бишкекке келди. Ал Бишкектен Ош базарын аралап өзүнө кийим, мектепке керектүү буюмдарды алды. Мурда шаар аралап көрбөгөндүктөн, ал базардын ичинен абдан кыйналды. Өзгөчө шаардын базарындагы түртүшмөй ага жаккан жок. Бирок мектепке керектүү буюмдар айылда жетишсиз болгондуктан, ал мындай кыйынчылыкка чыдады. Бул жөнүндө өзүнүн досторуна айтып берди.**

*91-көнүгүү.* Жогорку сөздөрдүн курамын туура уюштуруп, сүйлөм түз. Анда сөздөрдү кантип байланыштырганың жөнүндө айтып бер.



Урматтуу досум, көрдүңбү?! Сыртынан билинбегени менен мааниси терең сүйлөм куруу бир кыйла кыйын. Сүйлөм дайыма айта турган ойду так берүүсү менен бааланат.

Сүйлөмдө сөздөрдүн ордун катышын аныктап, тилчи-окумуштуулар изилдеп келет. Бул маселени чечүүдө алар бир кыйла иш жүргүзгөнү талашсыз. Маселен, тил жана сүйлөшүүнүн ар бирине тиешелүү бирдиктерин аныктоо менен алар сөз жана сүйлөмдүн ордун аныктап көрсөтүүгө аракеттенишүүдө.

Тилчи-окумуштуулар бул маселени чечүүдө тилдин бирдиги *сөз жана сүйлөм*, ал эми сүйлөшүүнүн бирдиги – *ой жана сүйлөм* экендигин көрсөтүшүүдө.

Тил – ойлоонун да, сүйлөшүүнүн да куралы. Бул милдеттердин ар биринин жүзөгө ашырылышы тилдик материалдын бир тарабы болгон сөз менен байланышып турат.



*92-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү кураштырып, сүйлөмдөр түз. Анда жогоруда берилген эреже-түшүнүктөр толук камтылгандай болсун.

Таш бакалар, алардын, денеси, катуу, ысыкты, сөөктөн, женил, турган, ысык, көтөрүшөт, оошондуктан, алар, кабык, менен, капталган, коркунуч, 100–150 жыл, болгондо, сууктан, башын, жана, буттарын, кабыгына, катып, алат, кээ бир, аябай, узак, жашашат, орточо, коркушат, климатта, кургак, жарым чөлдө, ным, тропика токоюнда, сазда, деңиз, таш бакалары, да, бар, өмүр бою, сууда, болушат.

*93-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда же сүйлөшүп жаткан маалда анын кантип түзүлө тургандыгына маани берчү белен?
2. Сүйлөм түзүүдө ой жүгүртүү кандай мааниде экендигин аныктай алдыңбы?
3. Сүйлөмдө сөздөр кандай милдет аткара тургандыгын айтып бере аласыңбы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Он сүйлөм түзгүлө, бирок алар бири-бири менен маанилик жактан байланышып тургандай болсун. Өзүңөр түзгөн сүйлөмдөрдүн сүйлөм экендигин далилдеп бергиле.

**2-топко:** Он сүйлөм түзгүлө. Аларды эмне үчүн сүйлөм деп атап жатканыңарды өз пикириңер менен түшүндүргүлө. Алар бири-бирин маанилик жактан толуктап тургандай болсун.

**3-топко:** Бири-бирин маанилик жактан толуктап турган он сүйлөм түзгүлө. Алардын ар бирине токтолуп, эмне үчүн сүйлөм экендигин өз көз карашыңар менен далилдегиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сүйлөмдө сөздөр кантип байланышып жаткандыгына көңүл буруп, аны өзүңөр түшүнгөн деңгээлде айтып бергиле.
2. Ар бир сөздүн сүйлөм ичинде кызматын түшүндүргүлө.
3. Сүйлөм ичинде мааниси жок сөздөр болушу мүмкүн бекен, эгер болсо, анын сүйлөмгө зарылдыгын кантип түшүндүрө аласыңар?

**Өз алдынча иштөө:**

Ар бир сүйлөмдүн кантип түзүлгөнүнө көңүл бур да, анда ар бир сөздүн кызматын түшүндүр. Алардын арасынан сүйлөм үчүн зарыл болбогон сөздөрдү алып сал да, эмне себептен алып салганыңа түшүндүрмө бер.

*94-көнүгүү.* Үйдөн жана көчөдөн уккан, ой пикир начар берилген деген сүйлөмдөрдү дептерге жазып келип, мугалим менен бирдикте талкуулагыла. Ал сүйлөмдөрдүн эмнеге мааниси начар экендигин ачып көрсөткүлө.



Урматтуу досум! Сүйлөм сүйлөшүүдө же кепте ой жүгүртүүнү берүү зарылдыгынан пайда боло тургандыгын көрдүн. Анткени, оозеки сүйлөшүүдө сүйлөөчүдө пайда болгон ой жүгүртүүнү башка бирөөгө билдирүү, ойду жеткирүү муктаждыгы сөздөрдүн курамынан жаралган бүткөн бир ойду туюндурган сүйлөмдү жаратат. Өзүң көргөндөй, сүйлөм сөздөрдөн куралат. Мына байкап карачы, сөздөр жөн эле курала койбойт. Алардын өз ара бириктирип турган мыйзамы бар экендигин сезесин.

Сөздөр биригип келип сүйлөм болгондо – **ой жорутуу, суроо** жана **буйрук маанилери** сүйлөмдүн чордонун түзүп турат. Ошол себептен сүйлөм белгилүү логикалык категориялардын тилдик негизи болгондугун көрсөтөт. Ал мындай терен маани бергендигине карабастан, ал тилдик системанын бирдиги катары да каралып келет.

Бул жагынан алып караганыбызда, сүйлөмдүн тилдик бирдик катары маңызы, анын грамматикалык түзүлүшү катары аныкталарын айтсак жетиштүү болот. Демек, сүйлөмдүн эки тараптуу табигый маңызын баамдайбыз:

Бир жагынан ой жорутуунун негизи болгон тилдик форманы, экинчи жагынан сөздөр менен куралган грамматикалык түзүлүштү чагылдырып турган маанилик тутумду берип турат.

*95-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, сөздөр маанилик жактан бирин-бири менен кантип байланышканына көңүл бур.

### Коперник

Николай Коперник (1473–1543) поляк астроному болгон. XVI к. башында көптөгөн астрономдор Жер Галлактикада борбордук орунду ээлейт, Күн жана башка планеталар аны тегеректеп айланышат деп эсептешчү. Коперник, тескерисинче Күн борбордук орунду ээлейт, Жер планетасы башка планеталардай эле Күн системасына кирет жана бардык планеталар Күндү тегеректеп айланат деген теорияны коргогон. Анын идеялары кабыл алынбай, анын теориясын түшүндүргөн кол жазмаларына көп жылдар бою тыюу салынган. Бирок бир кылымдан ашуун убакыттан кийин Галилео Галилей Жер Күндү тегеренип айланарын далилдеп берген. Ошон үчүн Коперникти астрономиянын атасы деп эсептешет.



? Мына бул текстте сөздөр маанилик жактан ушунчалык терең байланышкандыктан, алардын арасынан бирин дагы алып

салууга болбойт. Ал эми сүйлөмдөр тилдик каражаттар менен түзүлүп жаткандыгын эсепке алсак, алардын түзүлүшүн, кандай жолдор менен байланышканын изилдеп көрүү зарылдыгы алдыбызда турат.

Ырас, сүйлөмдө баары бири-бири менен тыгыз байланышта тургандай болуп көрүнгөнү менен, алардын ичинде бири-бири менен өз ара жакындашып, бирин экинчиси маанилик жактан толуктап турган сөздөрдүн өз ара катышы байкалат. Алардын өз ара мындай ички мамилесине таянсак, анда сөздөр сүйлөм болгонго чейин өз ара катышта тура тургандыгын көрөбүз. Мына ушул сөздөрдүн өз ара катышына окумуштуу агай-эжейлер **СӨЗ АЙКАШЫ** деген аталыш беришкен.

*96-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдү окуп чык да, сөздөр маанилик жактан бирин-бири менен кантип байланышканына көңүл бур.

Генерал Черняев боз чаптуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду.

*Т. Касымбеков*

## СӨЗ АЙКАШЫНДА СӨЗДӨРДҮН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ



Урматтуу досум, жогорку бул сүйлөмдү бирге талдап көрөлү. Мында сүйлөмдүн эң негизги грамматикалык касиетин ойду туюндуруу, интонация, сөз айкашы түзүп турат. Мисалга, сүйлөмдүн өзүн алалы, «Генерал Черняев боз чаптуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду». Бул сүйлөмдө «генерал», «дүрбү салып турду» деген сөздөр ойдун негизин ээлеп, сүйлөм курууда негизги формалар болуп саналат. «Дөңдө» генерал Черняевдин кайда тургандыгын туюндуруу менен өз ара маанилик жактан айкашып турат. Ал эми «боз чаптуу» деген сөз формасы «дөңдө» деген сөз менен айкашып, дөңдүн кандай экендигин туюндурууда. Башкача айтканда «боз чаптуу» деген сөз менен «дөңдүн» кандай экендигин элестете алдык. Ошондой эле «жалгыз көздүү» деген сөз менен «дүрбү» өзүнчө байланышып, дүрбүнү сыпаттады. «Салып турду» деген сөз сүйлөмдө ойду жыйынтыктоо менен маанилик жактан «генерал Черняев» менен байланышууда. Ошентип, ич ара тутумдашкан бир нече сөз айкашы келип бир бүтүн сүйлөмдү жаратты.

*97-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыккыла да, арасынан бир сүйлөмгө топ менен талдоо жүргүзгүлө. Сөздөр маанилик жактан бирин-бири менен кантип байланышканын талдап көрсөткүлө.

### Эмне үчүн чөлдө жаан жаабайт?

**Чөлдөр – жердин кургак жана түшүмсүз аймагы болуп эсептелет. Ал жерде эч бир өсүмдүк өспөйт. Кээ бир чөлдөрдө жаан-чачын болсо да, өтө кыска мөөнөткө жаайт, бирок өтө ысыктан жааган жаан бат эле бууланып кетип, жаандын суусу жердин кыртышына жетпей калат.**



**? Сөз айкаштары кантип түзүлө тургандыгына карата ойлоруңарды тактап, андан соң класстын талкуусуна койгула.**

## СӨЗ АЙКАШЫ ЖАНА АНЫ АНЫКТООНУН ЗАРЫЛДЫГЫ КАНДАЙ?

**Сөз айкашы деп – маанилери менен грамматикалык формалары боюнча өз ара байланышта болгон толук маанилүү эки сөздүн айкашын айтабыз.**



Сөз айкашы эки сөздөн турат. Алардын бири **багыныңкы** жана экинчиси **багындыруучу** сөздөн турат. Мисалы: *жаңы жоолук, мээримдүү эне, сулуу кыз, чоочун киши* деген сөз айкаштарын алсак, биринчилери **багыныңкы**, экинчилери **багындыруучу** мааниге ээ экендигин көрөбүз.

Багыныңкы сөз багындыруучу сөз менен грамматикалык жактан, мааниси жактан байланышат.

*98-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыккыла да, арасынан бир сүйлөмдү бөлүп алып, топ менен талдоо жүргүзгүлө. Сөздөр маанилик жактан бири-бири менен кантип байланышканын талдап көрсөткүлө.

### Бедуиндер кантип тамактанат?

**Дүйнөдөгү эң чоң тамак куурулган төө болот. Аны бедуиндер үйлөнүү-үлпөт тоюна даярдашат. Сууга бышкан жумуртканы балыктын ичине салып, балыкты тооктун ичине салып, тоокту куурулган койдун ичине салып, ал эми койду бүтүндөй төөнүн ичине салып бышырышат.**

*99-көнүгүү.* Өзүң тапкан сөз айкаштарын дептерине эки катар кылып көчүр. Катардын бир жагына кыймыл-аракет менен аяктаган, экинчи тарабына зат менен аяктаган сөз айкаштарын жаз. Бул эки сөз айкашынын ортосунда кандай айырма бар экендигин айтып бер.

*100-көнүгүү.* Төмөнкү аныктамага көңүл бур. Сен бөлүп жазган сөз айкаштары кайсыга кире тургандыгын аныкта.

**Сөз айкашы багындыруучу түгөйдүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине байланыштуу этиштик жана атоочтук болуп, экиге бөлүнөт.**

**Этиштик сөз айкашынын багындыруучу түгөйү этиш сөз болот: *китеп окуу, машинага түшүү, ачык сүйлөө.* Ал эми атоочтук сөз айкашынын багындыруучу түгөйү атооч сөздөрдөн болот: *көпкөк асман, биздин айыл, карышкыр ичик.***

**Сүйлөмдөгү сөздөр маани жактан бир-бирине тизмектешип, грамматикалык байланышта биригип келет да, сөз айкалышына айланат. Алардын өз ара байланышын карап келгенде эки түрдүү болот.**

**1. Эркин сөз айкашы. 2. Туруктуу сөз айкашы.**



**Урматтуу досум, эркин сөз айкашы бардык учурда кездешип, ал сүйлөм арасында сөздөрдүн маанилик катышын түзүп турат. Ал эми туруктуу сөз айкашындагы сөздөр тике маанисинен ажырап, сөз тизмегинде туруп, бир гана мааниге ээ болуу менен бир сөз катары колдонулат. Албетте, сүйлөм ичинде анын бир маани берип тургандыгын билүү үчүн эне тилин жакшы билүү зарыл.**

*101-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, текстте кандай сөз айкаштары биригип, туруктуу бир маанини берип жаткандыгын аныкта. Алар эмне үчүн бир маани берип жаткандыгына түшүндүрмө бер, талдап көрсөт.

**«Калк айтса, калп айтпайт» дейт да, Жээренче чечен баласы Төлөмырзаны текшерип көргүсү келет. Өзү менен ээрчитип алыс жолго чыгат. Айылдан бир топ узагандан кийин Жээренче баласына:**

**– Төлөмырза, узун жолду кыскарт, – дейт. Аны уккан баласы минип бара жаткан атынан түшө калып, канжыгага байлаган кетменин ала коюп, жерди кетмендеп кирет. Жээренче баласынын сөздүн маанисине түшүнбөгөндүгүн сезет да:**

**– Балам, узун жолду кыскарт деген, андан-мындан кеп салып, билгениңди айтып бер дегенди түюндурат, – дейт.**

– А-аа, – деп Төлөмырза оозун ачат.

Алар бир топ жол жүрүшөт. Жээренче баласына:

– Төлөмырза баатыр, ат жалына казан ас, – дейт. Сөздүн маанисин түшүнбөгөн Төлөмырза жерге түшө калып, аттын жалын өрттөп жиберет. Жээренче чечен баласынын бул жолу да сөздүн маанисине түшүнбөгөнүнө катуу капа болот.

*Кыргыз эл жомогунан*



? Эмне үчүн Жээренче чечен баласы Төлөмырзага наарazы болду, себебин түшүндүрө аласыңбы? Сенин оюңча ал кайсы сөздөрдүн маанисин түшүнбөй койду. Ал сөздөр кандай маани бере тургандыгын сен байкадыңбы?



Урматтуу досум! Туруктуу сөз айкаштарын тап да, ага өз алдынча талдоо жүргүзүп көрчү, андан сен эмнени түшүндүн? Ырас, ал жерде катышкан бир нече сөздөр биригип келип, бир гана маанини туюндурат. Ага тил илими төмөнкүдөй аныктама берет.

Эне тилдеги туруктуу сөз айкаштарын **фразеология** дейбиз. Фразеологиялык айкаштагы сөздөрдүн тизмеги туруктуу келет да, баары биригип келип, бир маанини туюндурат.

Мисалы: кыпча бел, аскар тоо, баш катыруу, көөдөнүн көтөрүү, ала жибин аттабас, оозунан түшкөндөй, кежигесин кер тартуу, ит өлгөн жер ж. б.

*102-көнүгүү.* Жогорку тексттен өзүң тапкан туруктуу сөз айкаштарын дептерине көчүр. Алардын берген мааниси кандай экендигин айтып бер.

*103-көнүгүү.* Өзүн билген турмушта колдонгон туруктуу деп эсептеген сөз айкаштарынан мисал келтир. Аларды эмнеге туруктуу сөз айкашына кошо тургандыгыңды далилде.

## СҮЙЛӨМ ЖАНА АНЫН КООМДОГУ ОРДУ



Урматтуу досум! Сен байкагандай эркин айкашта турган сөздөр тике маанисинен ажырабай, өз ара синтаксистик байланышта туруп, сүйлөм ичинде ошол түпкү маанисине таандык болгон туюнтмасын берип турат.

Сөз айкашы сүйлөмдөй толук маани бере албайсың, сен баамдап калдың деп ойлойм, досум. Ошондуктан өз ара пикирлешкен адамдар сөз айкашына эмес, сүйлөмгө муктаждыгы арбын экендигин да байкагандырсың.

Колдонуп жатканда ачык көргөндөй, сүйлөмдөр дайыма бирин-бири толуктап турат. Алар маанилик жактан бири-бирине көз карандылыкта жашайт. Ошондуктан сүйлөмдөр бири-бирине өтмө катышта турат.

*104-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү маанилик жактан ажырат. Өзүң берген аныктаманы далилдеп бер.

### Сөөк – болоттон беш эсе бекем

Бардык жан-жаныбарлардын организминдеги негизги тирөөч сөөк болуп эсептелет. Кичинекей балдарда жалпысынан үч жүз элүүгө чейин сөөк болуп, кийинчерээк алардын айрымдары биригип кетип, эки жүз алтысы гана калары өтө кызык. Скелет сөөктөрү катуу, серпилгич, бекем болот жана баары бири-бирине тарамыш булчуңдары менен биригип турат. Мисалы, адамдын кашка жилиги тик турганда, бир тоннага чейинки жүктү көтөрө алат. Ал эми чуркаганда бул жилик кадам сайын дененин оордугунан үч эсе оор жүк көтөргөн болот.

*«Ким, эмне, кайда?» китебинен*

? Бул жерде колдонулган сүйлөмдөрдүн бардыгы тең кадимки маалыматты окурманга жай гана түшүндүрүү менен чектелүүдө. Мындагы сүйлөмдөрдөн силер кандай өзгөчөлүктөрдү байкадыңар. Туура, мында колдонулуп жаткан сүйлөмдөр болгону керектүү маалыматты жай, баяндап берүү менен чектелүүдө.

## ЖАЙ СҮЙЛӨМ ЖАНА АНЫН ТУРМУШТУК ЗАРЫЛДЫГЫ

*Жай сүйлөм* ар кандай эле жайынча маалымат берген сөздөрдүн жыйындысынан түзүлө бербейт. Ал лексикалык-семантикалык маанилери боюнча жакындыгы бар, ошонун негизинде грамматикалык жактан байланышкан сөз жана сөз айкаштары болуп эсептелет. Тактап айтканда, ал сөз айкаштары деп аталган синтаксистик чакан бирдиктерден түзүлөт. Ошентип, сүйлөмдү уюштурууда сөз айкаштары курулуш материалдары катары каралат да, алар бир бүтүн ойду жыйынтыктаган маанилик бирдик катары *сүйлөм* болуп чыга келет.

*105-көнүгүү.* Текст түз, андан турмуш чындыгынан алып, жайынча баяндаган сүйлөмдөрдү бөлүп дептериңе көчүр. Аларды эмне үчүн турмуш чындыгын жайынча баяндайт деп эсептей тургандыгыңды айтып бер.

*106-көнүгүү.* Айлана-чөйрөдөгү окуяларга таянып текст түз. Анда башкалар көңүл бурбаган көрүнүштөрдү айтып бергидей бол. Ал сенин тапкычтыгыңды көрсөтөт. Түзүлгөн сүйлөмдөрдүн арасынан жай сүйлөмдү белгиле.

*107-көнүгүү.* Туруктуу сөз айкаштарын кошуп, алардын берген мааниси толук ачылгандай жай сүйлөмдөрдү түз. Сүйлөмдөгү ойлор бир бүтүн логикалык жыйынтыкты берип турууга тийиш. Аны текст деп атоого болсо, ага тема бер. Эгер атоого болбой турган болсо, анда себебин түшүндүр.



**Урматтуу досум! Сүйлөм кандай түзүлө тургандыгын көрдүң. Азыр кыргыз тилин изилдеген окумуштуулардын баары «Бүткөн айрым бир ойду билдирген сөз же сөздөрдүн айкалышы сүйлөм» деп аташат. М.: *Түн. Ай жарык. Асманда жылдыздар жымыңдашат. Табигаттын сулуулугу кимди суктандырбайт! Бери карагылачы! Бери!***

**Бирок ойду башкаларга айтып берүү ар түрдүү формада болушу мүмкүн. Мына ошого жараша жай сүйлөмдөр да ар кандай түзүлүшкө ээ болот. Ошондуктан бардык учурда эле сүйлөмдү туруктуу бир формада карай берүү маанилүү эмес. Натыйжада сүйлөм бир сөздөн да түзүлөт. Мисалы: *Түн. Караңгылык. Жымжырттык. Тоолор. Мөңгүлөр. Жаан. Карышкыр!***

## СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ ЭМНЕГЕ КЕРЕК?



Урматтуу досум, адамдардын сүйлөшүп жаткан кырдаалын байкасаң алар бардык учурда эле бири-бирине ойлорун жайынча айтып бере албайт. Маселен. Кеп болуп жаткан учурда сага бир нерсе түшүнүксүз болуп калды, анда сен эмне кыласың? Албетте, суроо бересиң. Бир нерсени ошол турган жеринен эле тактап, билип алууга аракеттенесиң.

Суроо бербей койсоң эмне болот? Бир караганда эч нерсе болбойт, бирок сен ал жерден өзүнө тиешелүү болуп турган маалыматты толук ала албай каласың. Демек, баарлашуу учурунда сага керек болуп турган маалыматты сурап билип алууга тийиштсиң. Байкадыңбы, суроолуу сүйлөмдөр эмне үчүн керек экендигин? Албетте, билип алдың, суроолуу сүйлөмдөр турмуш-тиричиликте билбегенди билүү, түшүнбөгөндү түшүнүү үчүн зарыл болгон сүйлөмдөр болуп саналат.

Тилдин эң башкы жана эң маанилүү милдети болуп анын сүйлөшүү куралынын милдетин аткарышы болуп эсептелет. Бул милдет сүйлөшүүдө гана жүзөгө ашырылат.

Ал эми кепте сүйлөшүү бирдиги болуу менен бир нерседен кабар алууга, керектүү маалыматты толук билүүгө, ар кандай кубулуштун же көрүнүштүн касиетин ачып түшүнүүгө умтулган маанидеги сүйлөмдөр жаралат. Алар **суроолуу сүйлөмдөр** деп аталат.

*108-көнүгүү.* Төмөнкү тексттен суроолуу сүйлөмдөрдү тап, алар кандай маани берип жаткандыгын айтып бер.

– Башыңда эмнең бар?
– Башымда бак-дөөлөт бар.
– Көзүңдө эмнең бар?
– Көзүмдө шам чырак бар.
– Кулагыңда эмнең бар?
– Кулагымда уга турган үнүм бар.
– Оозуңда эмнең бар?
– Оозумда илим сабак бар.

*109-көнүгүү.* Төмөнкү ырды окуп, ал жерде берилген суроолорго чыгармачылык менен жооп бер. Бул ырда суроолор кандай түзүлгөнүн аныкта. Ал жерде берилген суроолордун бардыгын суроолуу сүйлөм деп айтууга болобу?

### Ким?

Ак шейшепке ороп сени,
Кичинеңден баккан ким?
Уйку көрбөй узун түндө,
Таптап сени жаткан ким?

Сүтүн берип сүйүп, ийип,
Эркелетип күлгөн ким?
Кечке колдон түшүрбөстөн,
«Кешигим!» – деп жүргөн ким?
Бутту шилтеп талпынганда –
Колдон кармап баскан ким?
Тилиң чыгып сүйлөгөндө –
Мээримдүү сөз айткан ким?

*Муса Жангазиев*



? Акын М. Жангазиев агайынар мына бул ырын жалаң суроолор аркылуу жазганын байкадың, анын себеби эмнеде деп ойлойсуң? Ырас, сен түшүнүп турасың бул жерде берилген суроолордун баары тең бир киши тууралуу сурап жатат. Ал – эне! Баарыбызды багып чоңойткон, эрезеге жеткирген эне экендиги сага жеткиликтүү болуп турат. Бирок бир сурап эле жөн калбай, акын агай улам эле кийинки сапта баягы суроону берип жатат. Сен бул жерден бир нерсени түшүндүңбү?



Урматтуу досум! Албетте, түшүндүң. Акын улам кийинки бир сапта «ким» деген суроону кайталап жаткандай көрүнгөнү менен ал суроолуу сүйлөмдү колдонуп, бирок бизди жарык дүйнөгө алып келген, түн уйкусун бөлүп баккан эненин кызматын кайталап эске салып, анын эмгеги чексиз экендигин туюндуруп жатат. Мына бул жерден суроолуу сүйлөмдөр көркөм чыгармаларда кадимки суроо маанисин гана билдирбестен, ойдун маанисин тереңдетүү, башкаларга жеткиликтүү болуш үчүн кайталап эске салуу менен, ойдун образдуулугун арттыруу максатын да көздөй тургандыгын көрдүң.

*110-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөргө карата суроо берип, суроолуу сүйлөм түзгүлө. Алар кантип уюшулганын айтып бергиле.



Байкадыңбы, досум! Адам баласы бардык жерде бир нерсе билүүгө ынтазар болот. Ал эми дал ошол ынтазарлык барып-келип кадимки эле суроолуу сүйлөмдү пайда кылат. Анткени, билүү үчүн кимдир бирөөгө суроо менен кайрылууга аргасыз болот. Демек, ошол сурап-билүү максатында кайрылып түзүлгөн сүйлөмдөрдүн баары суроолуу сүйлөм болуп эсептелет.

Жай сүйлөмдөн айырмаланып, суроолуу сүйлөм жоопту талап кылат. Ал оозеки кепте көтөрүңкү үн менен айтылса, жазууда сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат. Ал эми берилген суроонун мазмунуна жараша бир нече түргө бөлүнөт. Алар төмөнкүлөр:

– ачык суроолуу сүйлөм;
– катарлаш суроолуу сүйлөм;
– карама-каршы суроолуу сүйлөм;
– ойлонтмо суроолуу сүйлөм;
– тандандырма суроолуу сүйлөм.

*111-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алар аталган суроолуу сүйлөмдөрдүн кайсы түрүнө кире тургандыгын айтып бер.

Сен кыргыз элинин улуттук тамак-аштары жөнүндө эмнени билесиң? Кыргыздын беш бармагын жеп көрдүң беле? Кыргыздар шашкан конокко кара куурдак бышырат дейби? Анын даамы кандай болот? Ага эмнелер кошулат? Тузу ачуу болобу? Тез бышабы?

Кыргыздар сүт азыктарын көп колдонот деп башкалар айтышат го, сен ушуга ишенесиңби? Кыргыздын жууратын жөнүндө маалыматың барбы? Эжигей, курут, быштак жана олобо деген тамактардан кабарың барбы?

## ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ – ӨЗГӨЧӨ СҮЙЛӨМ



Урматтуу досум, сен байкадыңбы, адамдар сүйлөшүп жатканда өздөрүнүн сезимдерин толугу менен билдирип калууга аракеттенишет. Сүйлөшүү учурунда мындай пикир алышуу өтө маанилүү экендигин байкайбыз. Эгерде адамдар сүйлөшүп жаткан маалда канчалык ички сезимдерин билдирген болсо, айтылып жаткан сөз жана сүйлөм ошончолук таасирдүү болуп саналат. Ошондуктан, ар бир сүйлөмдөгү ички сезимге же башкалардын ички сезимине таасир этүүчү сүйлөмдөрдү таап сүйлөөгө баарыбыз аракет кылабыз.

Айрым учурларда *күлкүлүү окуяларды* берилүү менен айтып беребиз. Кээ бирде *капа кылуучу, кайгылуу окуяларды* айтып берүүгө туура келет. Мына ушул ички сезимди билдирген сүйлөмдөр **илептүү сүйлөмдөр** болуп саналат.

*112-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, ал жерде берилген сүйлөмдөргө маани бер. Алар кандай сезимдерди туюндуруп жатканына карата көз карашыңды билдир.

### Далдалчы

– Атты канчага аласың? Малдан айып таппайсың, байкеси. Минем десең ана, күлүктүгү буудандай, «желгенине жел жетпейт». Бүт кара-суулуктар кара кашканын тукумунан минип жүрүшөт. Канча бересиң?

Ооз ачканча далдалчы колумду силкип-силкип:

– Жети! Аласыңбы? – деп демитип ийди. Далдалчы колумду бекем кысып, жулкканынан улам, көзүмдөн от чагыла түштү.

– Албайм! – дедим ага итатайым тутулуп.

– Анда, байкеси, алты сексен! – деди далдалчы колду баягыдан бетер балта чапкансып көтөрүп таштап:

– Ак мал, накта баасы ушул. Кел! Жигит экенсиз, бол де!

Мен колумду каалгага кыпчытып алгансып, тартып ала албай, мазам кетип, көзүмдөн жаш кылгырып, тыбырчылап турдум.

– Бере албайм. Беш жүз гана сомум бар! – деп жибердим.

– Болуптур, – деди далдалчы кебелбей. – Андай болсо, алты жарым! Ал ушуга! Ал! Акыркысы! Базар наркы! Куп де!

*К. Жусупов*

*113-көнүгүү.* Ички сезимди билдирген сүйлөмдөрдү дептерге көчүргүлө да алар кандай маани берип, кайсы сезимди чагылдырып жатканын айтып түшүндүргүлө.

*114-көнүгүү.* Топтогулар биргелешип, бир темада текст түзгүлө. Текстте ички сезим толук чагылып тургандай болсун. Ал жердеги сүйлөмдүн курулушуна маани берип, ага зарыл деген тыныш белгилерди койгула. Эмне үчүн ошол тыныш белги койгонунар жөнүндө өз көз карашынарды билдиргиле.

*115-көнүгүү.* Өзүңөрдүн көз карашыңар менен төмөндө берилген аныктаманы салыштыргыла.

Сүйлөшүүдө күчтүү сезим менен айтылган сүйлөмдөр көп кездешет. Аларды ***илептүү сүйлөм*** деп аташат. Илептүү сүйлөмдү жазып, кагаз бетине түшүргөндө аягына илеп белгиси коюлат.

Мисалы: ***Бали, жигит болсо, сендей болсун!***



*116-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, ал жерде кандай ички сезимдер берилгенин айтып түшүндүр.

– Куйручук келе жатат! Сөзүн угалы! – деп эл дүрбөп чуулдап учурашып калышат. Куйручук тамашалап, Канатты «Чоң өтүк» деп эркелетип койчу экен. Экөө учурашып калышат.

– Куке! Эл тамаша сөздөрдөн айтып берсе деп жатышат. Эмне дейсиң? – дейт Канат.

– Эл кааласа кантип тамаша кылып бербейин! – деп Куйручук элдин ортосуна чыгып, кара көрпө тебетейин колуна кармап туруп:

– Агайын-туугандар! Силерге укканымды айтып берейинби же көргөнүмдү айтып берейинби? – дейт.

– Көргөнүңдү айтып бер! – дешет эл дуулдап.

Урматтуу досум, мына бул көнүгүүлөрдү иштеп чыккандан кийин илептүү сүйлөм кандай түзүлөрүн баамдап калдың окшойт. Туура баамдагансың, мисалдар аныктап тургандай, илептүү сүйлөмдүн бардык түрүндө илептүү интонация катышат. Алар төмөнкүчө түзүлөт:

1. Жек көрүү, шылдыңдоо, кубануу, ачуулануу, коркуу, өтүнүү маанилериндеги сөздөр катышып, сүйлөмдө мына ушул маанилерди берип турат. Мындай сүйлөмдөр көп учурда ошол ички сезимди туюндургандыгы менен, маанилик жактан башка сүйлөмдөрдөн айырмаланып турат. Мисал келтирсек, *Алган билимиң, окуган китебиң сени ушунча адам кылды ээ!*

2. Албетте бардык учурда эле адамдар өздөрүнүн ички сезимдерин айтып жеткирүүгө мүмкүн эмес болуп калат. Мына ошондой өзү айтып жеткире албай калган маалда эл арасында мурдатан колдонулуп жүргөн, ички сезимди билдирген сөздөрдү пайдаланышат. Андай сөздөрдү кыргыздар **сырдык сөздөр** деп аташат. Мисалы, *Бали! Бул ичип жаткан айран кымыздан кем эмес экен! Гүлдөр, гүлдөр! Карагылачы, биз кандай гана сулуубуз!*

*117-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда анда ички сезим берилиш керектигине маани берчү белең?

2. Илептүү сүйлөмдө ички сезим сүйлөмдү башкарып турат деп ойлойсуңбу?

3. Илептүү сүйлөмдөгү ички сезимдин ролу кандай? Сезимди чагылдырбай туруп эле илептүү сүйлөм боло алабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Кубануу же кайгыруу сыяктуу ички сезимди чагылдырган бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда ички сезим кайсы сүйлөмдөр аркылуу туюндурулганын айтып бергиле. Тыныш белгилеринин аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Ички сезимди билдирген көрүнүштүн өзүңөргө жакын түрүн алгыла да, текст түзгүлө. Анда ошол сезим толук чагылгандай болсун. Кайсы сүйлөмдөр менен кандай сезимди бергениңерди түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун айтып бергиле.

**3-топко:** Адамдын сезимин ойгото турган көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда сезимди толук берүүгө аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилеринин коюлушуна түшүндүрмө бергиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Кайсы сүйлөмдө ички сезим көп жана таасирдүү берилген деп ойлойсуң? Эмнеге?
2. Илептүү сүйлөмдө ички сезимдин берилишин мындан ары туура таба ала турганына ишенесиңби?
3. Ички сезим сөздө болобу же сүйлөмдөбү?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдүн ички сезимиңди сүйлөмдө туура берүүгө үйрөн. Ички сезимди башкаларга жеткире билүү – бул чоң чеберчилик, аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилде. Текст түз.

## СҮЙЛӨМДҮН КУРАМЫНА ЖАРАША БӨЛҮНҮШҮ

*118-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алар маанилик жактан кандай сүйлөм экендигин аныкта. Ошондой эле сүйлөмдүн курамына көңүл бур.

– Мына кызык тамаша! Деги биз бүгүн эмне деген укмуштарга күбө болуп турабыз? – деди Бакытнуру таңдана.

– Э, Бакытнуру! Бул сыйкырдуу машине турбайбы! – деди ички кубанычын жашыра албай Кубат.

– Бул сыйкырдуу машине менин бактым үчүн жасалгандай! Мен өзүмдү абдан бактылуу сезип турам! – Бакытнуру кыйкырып-кыйкырып алды.

– Муну бакыт дебе! Ал андан да ашыкка турат! Ырыс! – Кубат досун кучактады.

*119-көнүгүү.* Текстти кара. Андагы бир, эки жана үч сөздөн турган сүйлөмдөрдү өзүнчө бөлүп жаз. Бул сүйлөмдөрдө кандай айырмачылык бар экендигин айтып бер.

*120-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөр канча сөздөн куралганын, мааниси кандай экендигин түшүндүрүп бер.

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колунда таяк.

– Өмүр өтүп бара жатпайбы, Жер-Энем, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынуу күнүм.

– Билем. Келериңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

*Чыңгыз Айтматов*



? Текстте берилген ар бир сүйлөмгө көңүл бурдуңбу? Алардын арасында бир сөздөн да, бир нече сөздөн да турган сүйлөмдөр бар экендигин көрдүң. Аларга кандайча баа берүүгө болот? Бул жерде сүйлөмдүн курамын аныктоочу грамматикалык эрежелер бузулган жокпу? Мындай сүйлөмдүн курамы адабий нормага туура келеби, же жокпу? Бул текстте сүйлөм деп сөздөрдүн ортосуна жөн гана чекит коюп койбосун?



Урматтуу досум, текст ичинде башка сүйлөмдөрдүн курамына кирбей, өз алдынча туруп, курулушу жактан башка сүйлөмдөргө тутумдашпай, айрым бир бүткөн ойду билдирген сөз сүйлөмдүк милдетти аткарууда. Аны сүйлөм катары кабыл албай коюуга болбойт. Анткени, ал башка эки же андан ашык сөздөн турган сүйлөмдөрдөй эле толук бүткөн ойду билдирип турат. Ырас, аны маанисине карай турган болсок, анын сүйлөм милдетин аткарып жаткандыгы талашсыз. Демек, бир сөздөн турса да, аларды сүйлөм катары кабыл алууга тийишпиз.

Байкадыңбы, досум, сүйлөм болуш үчүн сөздөрдүн саны эмес, анын берген мааниси, турмушка керектүү болгон ойду бере билүүсү маанилүү экендигин көрдүк. Эгер сүйлөшүүдө же кепте ой бир эмес он сөздөн ашуун сөздөрдүн тизмегинде, өз ара катышында да бүтпөй калса, анда алар сүйлөм болуу касиетинен кала тургандыгын баамдадыңбы? Демек, сүйлөм болуш үчүн биринчи кезекте айтыла турган ой, анын жыйынтыкталышы маанилүү болуп саналат.

*121-көнүгүү.* Төмөнкүлөрдүн кайсылары сүйлөм экендигин аныкта. Кантип аныктагандыгыңды айтып бер.

Эмгексизге ырахат жок. Көп тилек көл болот. Акылым дос. Сырын билбеген аттын сыртына чыкпа. Иштен келүү. Сабакка баруу.

*122-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз. Өзүң түзгөн сүйлөмдүн сүйлөм экендигин далилде.

Иш, кызмат, саат, чарчап, кыш, маал, кар, муз, чана, хоккей, жылгаяк, өтүк, куртка, күрткү, суук.

Бир сөз же бир нече сөздөн туруп, бир ойду жыйынтыктаган сүйлөмдү түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөм дейбиз. Алар турмушка байланыштуу түркүн-түркүн кырдаалдарды баяндаган ойлорду жыйынтыктап берүүгө жетишишет. Алар турмушта колдонулуш шарты боюнча өзүнүн курамын аныктайт. Биз ошол курамына карап сүйлөмдөрдү **жалаң** жана **жайылма** сүйлөмдөр деп бөлүштүрөбүз.



Урматтуу досум, алардын эмне үчүн мындай аталып калгандыгын билесиңби? Аларга мындай аныктаманы ким бергени сени кызыктырабы? Анда эмесе аны билүүдөн мурда алар эмнени туюндура тургандыгын билип алууга аракеттенели.

*123-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөр сүйлөмдүн кайсы түрүнө кире турганына карата көз карашынарды билдиргиле. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

Жамгыр жаады. Жер көгөрдү. Эми шамал! Сен кайда?

Курулушу жактан башка сүйлөмдөр менен тутумдашпай, өз алдынча туруп, айрым бүткөн бир ойду билдирген сүйлөм **жөнөкөй сүйлөм** болору анык.

Эгер сырткы көрүнүшүнөн алып караганда жалаң сүйлөм бир же эки сөздөн гана тургандыгы ачык байкалат. Ал эмнеге негизделет?

Азыркы кыргыз тилинде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн **жалаң** жана **жайылма** болушу баш жана айкындооч мүчөлөргө жараша аныкталат. Эгерде жалаң гана баш мүчөлөрдөн куралган сүйлөм болсо, ал ***жалаң сүйлөм*** деп аталат. Ал эми сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн башка да айкындооч мүчөлөр катышса, андай сүйлөмдөрдү ***жайылма сүйлөм*** деп атап жүрүшөт.

## СҮЙЛӨМДҮН МАЙДА БӨЛҮКТӨРГӨ АЖЫРАШЫ – СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ

*124-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү майда бөлүктөргө ажырат. Анда катышкан ар бир сөздү майда бөлүк катары эсепте да, алардын ар биринин ордун таап көрсөтүүгө аракеттен.

Кыш келди. Кар жаады. Күн суук. Ызгаар катуу. Муз тоңгон.

*125-көнүгүү.* Эми төмөнкү сүйлөмдөргө көңүл бур. Жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдөн эмне айырмасы бар экендигин айтып бере аласыңбы?

Баатыр элден чыгат, байлык жерден чыгат. Эл тынчтыкты сүйөт. Жакшы бала – тил алчаак, жаман бала – уялчаак. Эмгек – адамдын өмүрү. Сен деген – сенек сөз, сиз деген – сылык сөз.

Бул эки көнүгүүнүн ортосунда айырма бар экендигин байкадың ээ, досум. Ырас, аларды сен сүйлөмдүн сырткы көрүнүшүнө карап

туруп айтып жаткандыгың да белгилүү. Эгер сыртынан алганда биринчи көнүгүүдө жалаң эки сөздөн турган сүйлөмдөр берилсе, экинчисинде үч же төрт сөздөн турган сүйлөмдөр берилген.

Мына ушул сырткы көрүнүшүнө карап туруп, эки сөздөн турган сүйлөмдөрдү **жалаң сүйлөмдөр**, ал эми үч же төрт сөздөн турган сүйлөмдөрдү **жайылма сүйлөмдөр** деп атоону чечтик.

Сен буга кандай дейсиң? Биз кабыл алган бул чечим туурабы? Эгер каршы болсоң өз оюңду айтып, далилдериң болсо келтир.

*126-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмгө айландыр. Кантип жалаң сүйлөмгө айландырганыңды айтып бер.

Эмгектин наны – таттуу, жалкоонун жаны – таттуу. Тазалык – ден соолуктун булагы. Адамды эмгек гана бактылуу кылат. Кылыч курал эмес, акыл – курал.

Күз – күрөш, жаз – жарыш. Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак.



Урматтуу досум, биз бул жерде сүйлөмдөрдү сырткы түзүлүшү боюнча гана *жалаң* же *жайылма* деп бөлүп койдук. Анткени бир же эки сөздөн турган болсо, аны жалаң деп түшүндүк. Ал эми эки сөздөн ашып кетсе, андай сүйлөмдү жайылма деп билдик. Бирок бардык учурда эле сүйлөмдөр ушундай курула бербейт. Алардын курулушунун да өздөрүнө таандык эрежелери бар.

Сыртынан алганда биз сүйлөп жаткан сүйлөмдөр эч кандай эрежеге баш ийбестен туруп эле, даяр оозго келе калгандай көрүнөт. Бирок андай эмес. Айрым учурда сен деле кимдир бирөөнүн туура эмес сүйлөп жатканын баамдап, ал тургай оңдоп да коёсуң. Ырас, айтылып жатканда ал сүйлөмдүн туура эмес экендигин баамдадың, бирок анын да колдонууда эрежеси бар экендигин этибар алган жоксуң, туурабы?

Эми ошол эрежелерге келели. Байкадыңбы же жокпу, сүйлөм курулуп жаткан маалда ойдун негизин ээлеп турган сөздөр болот. Мына ошол сөз жок сүйлөм куралбайт. Өзүң ойлоп көрсөң, башка бирөөгө бир нерсе жөнүндө айтайын деп жатсаң, анан ошол ойдун негизин түзүп турган сөздү жоготуп жиберсең, анда сен тигил адамга эмне жөнүндө айтасың.

Көрдүңбү, айта турган негизги ой жок болсо, сүйлөөнүн да, сүйлөмдүн да зарылдыгы жок болуп калат.

Эгерде сүйлөмдөгү сөздөрдү адамдын башы, колу, буту дегендей мүчөлөргө бөлүштүрсөк, анда аларды сүйлөм куруунун негизги мүчөлөрү экендигин элестет. Ал эми тилчи окумуштуулар баары биригип, ал мүчөлөрдү **сүйлөм мүчөлөрү** деп атап алышкан.

Сүйлөмдө катышып, кандайдыр бир суроого жооп берип, белгилүү милдет аткарышкан сөздөр **сүйлөм мүчөлөрү** деп аталат.

*127-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн ойдун негизин ээлеп турган сөздөрдү тапкыла. Эмне үчүн мына ушул сөздөр ойдун негизин ээлеп турат деп ойлодуңар, ошол жөнүндө айтып бергиле.

Сыртта кыш. Күн суук. Бирок күн жаркырап ачык тийип турат. Асманда тоого тийип тургандай жайгашкан булуттар каалгыйт. Батыштан соккон шамалдан дене бой чыйрыгат.

## СҮЙЛӨМ ЖАСООЧУ НЕГИЗГИ КУРАЛ – СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮ

*128-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кара менен басылган сөздөрдү алып сал да, андан соң сүйлөм кандай абалга келип калгандыгын түшүндүр.

**Нан** – ырыскы, **туз** – насип. Буларды **барктабаганың** – түркөйлүгүң. Аларды кадырлаганың болсо, анда сенин акылдуулугуң. Бардык учурда нан менен тузду сыйлай жүрүш милдетиң. Бизге ата-бабабыз ушундай тарбия берип келген.



Көрдүңбү досум, сен эң керектүү сөздөрдү же сүйлөм ичинде ойдун негизин ээлеп турган сөздөрдү алып салдың эле, сүйлөм кандай абалга келди. Сүйлөм сүйлөм болуудан калды. Ошондуктан бардык учурда сүйлөм өз касиетине ээ болуп, сүйлөмдүк милдетти аткарып туруу үчүн баш мүчөлөрү керек. Сүйлөмдө ойдун негизин ээлеп тургандыктан, тилчи-окумуштуулар аларды **баш мүчөлөр** деп аташканбы, деп да ойлоп кетесиң.

Алгач, **сүйлөмдүн баш мүчөлөрү** деген түшүнүктү тактап алалы. Анткени, сүйлөм ичинде туруп, башка сөздөргө маанилик жана түзүлүшү боюнча көз каранды болбогон сөздөр бар экендигин байкадык. Ал эми башка сөздөр ага тикелей көз каранды боло тургандыгын да сүйлөмдүн курамына токтолгон учурда көрөбүз.

Каалаган сүйлөмүндү алып, андагы сөздөрдүн маанилик ордун карап көрсөң, алардын арасында бир сөз баарын башкарып тургандыгын байкайсың. Мына ошол сөз сүйлөмдүн ээси болуп саналат.

Сүйлөмдүн ээси – сүйлөм ичинде башка мүчөлөрүнө көз каранды болбой турган мүчөсү. Болгонда атооч жөндөмөдө туруп, грамматикалык жактан баяндоочту өзүнө баш ийдирип турат.

*129-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алардын ээсин тап. Эмне үчүн ушул сөздөрдү ээ деп атаганыңа түшүндүрмө бер.

Дос табышат. Душман кагышат. Баатыр адам кол баштайт. Чечен адам жол баштайт. Куш канатсыз жашабайт. Адам эмгексиз жашабайт.

*130-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кара менен басылган сөздөргө суроо бер. Алар кандай суроолорго жооп берип жаткандыгына көңүл бур.

Элин сагынбас **эр** болбойт. Жерин сагынбас **ат** болбойт. **Күч** кетет. **Билим** кетпейт. Калптын **казаны** кайнабайт. Жашында **кылжың** болсоң, карыганда **мылжың** болосуң.

Кара менен басылган сөздөргө суроо берип көрдүңбү? Ооба, алар *ким?* жана *эмне?* деген суроолорго жооп берди.

Ээ – бул сүйлөмдүн баш мүчөсү. *Ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер?* деген атооч жөндөмөнүн суроолоруна жооп берет.

Мисалы, *Күзүндө бак-дарактар алтындан кымкап жамынды. Эмнелер? Бак-дарактар* – **ээ.**

Баяндооч да – сүйлөмдүн баш мүчөсү. Ал ээ менен байланышып, анын кыймыл-аракетин, абалын билдирет.

*Эмне болду? Эмне болуп жатат? Эмне болот?* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: **Күн ысый баштады.** *Эмне боло баштады? – Ысый баштады* – **баяндооч.**

Баяндооч көбүнчө этиш сөздөрдөн болот. Айрым учурда ошондой эле анын милдетин зат атооч, сын атооч, сан атооч ж. б. сөз түркүмдөрү аткарат.

*131-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алардын ээсин жана баяндоочун тапкыла.

### Асмандын өңү кандай болот?

Күн ачык кезде асман бизге көгүш болуп көрүнөт. Чындыгында асмандын өңү түссүз болот. Анын боёгу атмосферадагы материалдарга жана аны кесип өткөн жарыкка көз каранды болуп саналат. Күндүн нуру асан-үсөндү түзгөн көп түстүн аралашмасынан турат. Качан күндүн нуру атмосферага түшкөндө, атмосфера чаңдарынын бөлүкчөлөрү жана суунун буусу ага чачырайт да, күн нурундагы айрым түстөр көрүнбөй калат. Ал эми алардын арасынан көгүш түс баарынан тез чачырайт жана биз аны бардык жерден көрө алабыз, ошол себептен асман бизге көгүш түстө көрүнөт.

*132-көнүгүү.* Эми өз алдынча сүйлөм түз. Анда ээ менен баяндооч катышкандай болсун. Ээнин, андан соң баяндоочтун сүйлөм ичинде аткарган милдетин айтып түшүндүр.

*133-көнүгүү.* Өзүң түзгөн сүйлөмдөрдү дагы бир сыйра карап чык, андан ээ менен баяндоочту кантип тапканыңды айтып бер.

Сен сүйлөмдөн биринчи кайсыны таптың, ээниби же баяндоочтубу? Көпчүлүк окуучулар сүйлөмдөн биринчи ээни тапканды жакшы көрүшөт. Бирок алар сүйлөмдүн ээсин табууда кыйналышат. Анткени, сүйлөм ичинде атооч жөндөмөсүндө турган, ошол эле мезгилде *ким?* же *эмне?* деген суроого жооп берген сөздөр бир эмес, экөө болуп калышы мүмкүн. Мисал келтирейин, «Баатыр кол баштайт, чечен жол баштайт». Бул сүйлөмдө кайсы сөз ээ болот?

Сенин көпчүлүк классташтарың «кол» жана «жол» деген сөздөрдү ээ дейт. Сен ушуга ишенесиңби? Албетте, жок. Анткени, бул эки сөз тең атооч жөндөмөсүндө турганы менен ал сүйлөмдө ойдун негизин ээлеген жок, сен муну туура баамдагансың.

Аны кантип таптың? Башкаларга айтсаң. Туура, мындай учурда биринчи баяндоочко суроо берүү керек. Башка классташтарыңа түшүнүктүү болуш үчүн суроо берели. Баатыр *эмне кылат?* – Баатыр кол баштайт. Ал эми чечен *эмне кылат?* – Чечен жол баштайт.

Эми ээге карата суроо беребиз. *Ким* кол баштайт? Албетте, баатыр. *Ким* жол баштайт? – Чечен жол баштайт.

*134-көнүгүү.* Текст түз да, мына бул эрежени колдонуп, ээ менен баяндоочту тап.

## БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН ОРТОСУНА СЫЗЫКЧАНЫ КОЮУ – ЖАЗУУДАГЫ САБАТТУУЛУК

*135-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чык да, алардын ортосунда эмне үчүн сызыкча коюлгандыгына карата өз пикириңди билдир.

**Жакшы бала – тил алчаак, жаман бала – уялчаак. Акылдуу бала – элпек, акылсыз бала – тентек. Акыл – алтын, ой – күлүк. Ачуу – душман, акыл – дос, акылыңа акыл кош.**

*136-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысына сызыкча коюлат деп ойлойсуң, эмне үчүн сызыкча койгонуңду түшүндүр.

**Эрдин баркын эл билет. Акылдуу элге тартат, акылсыз тууганына тартат. Жатарда көп ичкен жаман түш көрөт. Ылай суу оору булагы. Биринчи байлык ден соолук.**



Урматтуу досум! Мына бул эки көнүгүү сенин канчалык сабаттуу экениңди текшерип койду. Канча ката кетиргениң сага азыр анча билинбей турабы же билдиңби? Өз катаңды

өзүң ондой аласыңбы? Албетте жок. Анткени бул сүйлөмдөргө керектүү тыныш белгилерди сен ойлонуп туруп койдуң да, туурабы? Эгер аны кантип жазуу керектигин мурдатан билген болсоң, анда сен мындай каталарды кетирмек эмес элең.

Ар бир тилде кагазга түшүрө баштаганда аны кантип жазуу керектиги боюнча эрежелер калыптанат. Аны окумуштуулар изилдеп, анан эрежени элге сунуш кылышат. Жазуунун андай калыптанган эрежеси *орфография* деп аталат.

Кыргыз тилиндеги айрым тамгалардын жазылышын, сөз жана ага уланган мүчөлөрдүн жазылышын камсыз кылган эрежелердин топтому, сөз айкаштары менен сүйлөмдү жазуу эрежелеринин жыйындысы – *орфография* болуп эсептелет.

Бул эреже сага бир нерсени эскертип жатат. Эгер байкаган болсоң, кыргыз тилинде ар бир жазылган сөздү, сөз айкашын, сүйлөмдү жазуунун эрежелери бар экендигин туюндурууда.

Калем кармап, кыргыз тилинде жазган ар бир атуул ал эрежелерди аткарууга тийиш. Демек, колуна калем кармап, кыргыз тилинде бир сөз жазгандан тартып, сен да мына ошол эрежени аткарууга милдеттүүсүң. Жазып жатып, ал эрежени аткарбагандык сенин кыйындыгыңды көрсөтпөйт, тескерисинче сабатсыздыгыңды далилдейт. Ошондуктан жазып жаткан ар бир адам өзүнүн жазуу эрежелери боюнча сабаттуу экендигин көрсөтүү үчүн күрөшөт.

Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкчанын коюлушу да мына ошондой сабаттуулукту аныктай турган эрежелердин бирине кирет.

*137-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, алардын ичинен кайсы сүйлөмдөргө сызыкча коюла тургандыгын аныкта. Эмне себептен ошол сүйлөмдөргө сызыкча койгонуңдун себептерин түшүндүр.

## Асыл таштар

Адамдар кооздук үчүн көп колдонгон металл  алтын. Кооздукта алтындан кем эмес колдонулган металл бар, ал күмүш. Зергер кооздук буюмдарды жасоодо асыл таштарды да колдонот, алар алмаз, рубин, изумруд, аметист, агат. Булардын айрымдары жылтырайт жана жети түстүү асан-үсөндүн бардык түстөрүнө карата кубулуп турат. Ошондуктан сырткы көрүнүшү жагымдуу болуп кубулуп, карап тургандарга катуу таасир калтырат. Булар жаратылышта ар кандай минералдардан пайда болуп, табиятынан өтө аз кездешкен заттар болгондуктан, адамдар аны жерге тийгизбей баркташат. Ошол себептен болуш керек, алар өтө кымбат турушат жана баалуу болуп саналат.

*«Табият кереметтери» деген китептен*

*138-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдүн арасына сызыкча кой. Эмне үчүн ошол жерге койгонуңдун себебин түшүндүр.

**Жакшы кыз жакадагы кундуз, жакшы жигит көктөгү жылдыз. Эмгекти сүйбөгөн адам эси жок наадан. Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат. Жер бийиги тоо, эр бийиги зоо.**

*139-көнүгүү.* Өз алдынча текст түз. Анда баяндоочу зат атооч, сын атооч, сан атооч жана ат атооч сөздөрдөн турган сүйлөмдөрдү түз да, жогоруда сунушталган эрежени колдон.

**Атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор грамматикалык формасы боюнча сүйлөм ээсине окшош болот. Ээнин грамматикалык формасы дайыма атооч жөндөмөсүндө тургандыгын эстен чыгарбасак, баяндооч да атооч жөндөмөдө туруп, бирок ээнин белгилүү бир касиетин көрсөтүп турат. Сүйлөм ичинде сөздөрдүн маанилик катышы бир бүткөн ойду билдирет да, аны оозеки айтууда ээден кийин ажыратуучу тыным жасалат. Андан соң сүйлөмдүн калган бөлүгү, баяндоочтун тобу уланып айтылат. Жазууда мына ошол ажыратуучу тыным шарттуу түрдө сызыкча менен белгиленет.**

*140-көнүгүү.* Жогоруда келтирилген эрежени толук аткаргыдай сүйлөм түзгүлө. Анда ээ менен баяндоочтун орун тартибине жараша кызматы так көрсөтүлсүн.

## СҮЙЛӨМДҮН АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮ – ОЙДУ БЕРҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

*141-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, баш мүчөлөрдү тап.

### Алгачкы чырактар кандай болгон?

Алгачкы адамдарда жасалма жарык берүү болгон эмес: алар күндүн чыгышы менен ойгонуп, күндүн батышы менен уктап калышчу. Адамдар отту жакканды үйрөнгөндөн кийин күн баткандан кийин дагы бир нече саат оттун жарыгында отурушкан. Андан тышкары алар шамана (факель) жасаганды үйрөнүшкөн. Шамана оңой тутанып жана көпкө күйүп турсун үчүн алар узун, жоон таяктын бир жак учун кургак чөп менен ороп, май шыбап коюшкан. Алгачкы чырактар чоподон же темирден жасалган идиштер болчу. Аларды күйүүчү затка (мисалы суу майга) толтуруп коюшчу. Өсүмдүк буласынан биликтин бир учун майга түшүрүп, аны жагуу чыракты бир нече саат колдонууга мүмкүнчүлүк берген. Билик майга чыланып, экинчи учуна от жагылышын адамдар бир нече мезгил ойлонуп жүрүп табышкан окшойт.

*142-көнүгүү.* Текстти талдаганда көрдүн, сүйлөм ичинде баш мүчөлөрдөн тышкары да сөздөр бар экенин. Алар сүйлөм ичинде кандай милдет аткарат деп ойлойсун?



Өзүн көрдүн, досум, турмушта сүйлөмдү колдонууда биз буга чейин айтып келген баш мүчөлөр ойду берүүгө жетишсиз. Сүйлөмдөр жалан гана ээ менен баяндоочтон турган болсо, анда элдин баары кыска жана орой сүйлөшмөк. Ал эми сүйлөөдө же текст түзүүдө ойду образдуу берүү үчүн дагы кандайдыр бир сүйлөм мүчөлөрү керек экендиги байкалат.

Чынында адамдар тил каражаттарын кепте колдоно баштаган алгачкы мезгилдерде эле сүйлөмгө баш мүчөлөрдөн тышкары да сүйлөм мүчөлөрү зарыл экендигин байкаган да, сүйлөшүүдө аны колдонуп, сүйлөмдү көркөмдөө үчүн кошумча мүчөлөрдү пайдаланышкан.

Грамматикалык жактан баш мүчөлөрдүн бирине багынычтуу болуп айтылган жана алардын түрдүү белгилерин, маанисин толуктаган сүйлөм мүчөлөрү **айкындооч** мүчө деп аталат.

*143-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү баш мүчөлөр боюнча талдап чык. Ал эми калган сөздөрдү ээ же баяндооч менен байланышып жатканы боюнча бөл. Алардын байланышып жатканын, кантип тапканыңды түшүндүр.

Жаманда достук болбойт, жакшыда кастык болбойт. Жамандын жан жыргалы – уйку. Дарак бир жерден көгөрөт. Байлыкты сүйгөн киши намысты билбейт. Баатыр жоодо мактанат, коркок үйдө мактанат.

*144-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык. Анда кара менен басылган сөздөр кайсы баш мүчө менен байланышып жатканын аныкта. Өз пикириңди билдир.

**Хандын** кыйынсынган бир вазири жеңип келмекчи болуп, Алдар Көсөөнүн артынан издеп чыгат. Акыры табат. Учурашкандан кийин Алдар Көсөө:

– Ээ, балам, кайдан келе жатасың? – деп сурайт.

– Сизди издеп келе жатам, – дейт вазир.

– Эмне жумушуң бар эле?

– **Жер ортосун** таба албай, сизден сурайын деп келдим. Бул – биринчи суроом. Акыр заман качан келет? Ал – экинчи суроом. Чынын айтсам ушул **суроолор менен** сизди жеңейин деп келдим, – дейт вазир кабагын чытып. Анын кейпин көргөн Алдар Көсөө:

– Арзан эле жумуш турбайбы, балам, – деди да, таягына чыгып кетчүдөй обдулуп, колун серепчилеп, көзүн аландатып, эки жакты караган болду.

– Атаганат ай, боюм **пасыраак** болуп жатат, – деди эле, анын оюнун маанисин түшүнбөгөн вазир:

– Эмесе, менин атымды минип алып караңыз, – деп атын бере койду. Алдар көсөө атты минип алып:

– Таптым, таптым, – деди Алдар Көсөө.

– Тапсаң айтчы?

– Отурган жериң жер ортосу, акыр заман **атынан** айрылган кишиде, – деп Алдар Көсөө чапкан бойдон кете берди.



Түшүнүп турам, досум! Сен кара менен басылган сөздөр сүйлөм ичинде кандай милдет аткарып жаткандыгын толук аныктай албай кыйналып жатасың. Албетте, бир караганда оңой көрүнгөнү менен алардын сүйлөм ичиндеги, ордун аныктоо бир кыйла кыйынга турат. Бирок өзүң деле баамдап турасың, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү менен байланышып, кара менен басылган сөздөр аларга кандайдыр бир кошумча маани берип турат. Дал ошол сөздүн сүйлөм ичиндеги маанисин изилдеп келип, аларга окумуштуулар **айкындооч** мүчөлөр деген ат беришкен. Сөздүн мааниси эле айтып тургандай, алар сүйлөм ичинде баш мүчөлөрдүн маанисин терендетип, айтылчу ойго кошумча маани берүү менен, ал жердеги ойду айкындап турат.

*145-көнүгүү.* Төмөнкү аныктаманы окуп, жогору көнүгүүдө кара менен басылган сөздөр кандай кызмат аткарып жаткандыгын табууга аракеттен.

**Айкындооч мүчөлөр маанисине, ага ылайык сүйлөмдө аткарган милдетине жана грамматикалык байланышына карай ээ менен баяндоочтун айланасына топтошо тургандыгы белгилүү.**

**Сүйлөмдө айтылып жаткан ойду толук, так жана жеткиликтүү даражада түшүнүктүү кылып берүүдө айкындооч мүчөлөр колдонулат.**

**Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн түрдүү белгилерин – *сынын, сыпатын, мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин ж. б.* же маанилерин толуктап туруу сыяктуу синтаксистик ички катыштарына жараша айкындооч мүчөлөр аныктооч, толуктооч, бышыктооч мүчөлөр болуп бөлүнөт.**

## АНЫКТООЧ

*146-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чыгып, айкындооч мүчөлөрдү тап, алардын сүйлөм ичинде аткарган милдетин түшүндүрүүгө аракеттен.

### Адамдар кантип отту табышты

**От** бар экенин **адамдар** дайыма билгени менен аны табуу аларга кыйынга турду. Анткени, ал от **жаратылыштан** пайда болчу, анын күйүш **себебин** таап, колдонуу үчүн **адамдарга** миң жылдаган **убакыт** керек болду. Акырында **адамдар** эки **таякты** бири бирине сүрө берсе, алар күйүп кете турганын билишти. Ошондой эле эки **ташты** бири бирине чапса, **учкун** пайда болорун табышты. Бул **ачылыш адамдардын** тарыхында өтө маанилүү болчу. Анткени, бул **ачылыш адамга** каалаган убагында **от** жагып, **тамак** бышырып, жылынып, **жырткычтарды** коркутканга жардам берчү.

**От** чыгаруу ыкмалары өркүндөй берди, эки **таякчанын** аркасынан эле **адамдар** чакмак **таш** колдоно баштаган, кийин көп миңдеген жылдардан кийин **отту** тез жагууга **фосфор** ду пайдалана башташты.



Урматтуу досум, мына бул айкындооч мүчө бир гана зат атооч менен байланышып турат. Жогоруда силер тапкан мисалдар көрсөтүп тургандай, сүйлөмдүн мындай мүчөлөрү сүйлөм ичинде заттын ар кандай белгисин көрсөтүп, затка кошумча маани бергендиги менен айырмаланат. Тилчи-окумуштуулар изилдеп келип, сүйлөмдүн андай мүчөлөрүн **аныктооч** деп атап коюшкан.

*147-көнүгүү.* Төмөнкү аныктаманы жакшылап окуп, аны жогоруда келтирилген жана өзүң аткарган мисалдар менен салыштыр.

**Сүйлөмдө аныкталгыч катары келген зат атоочторду жандап, анын сынын, санын, же бир жакка таандык экендигин көрсөткөн айкындооч мүчөлөр болот. Аны биз аныктооч дейбиз. Аныктоочтор сүйлөмдө зат атооч менен байланышууда туруктуу келет да кандай? канча? кайсы? кимдин? эмненин? деген суроолорго жооп берет.**

*148-көнүгүү.* Аныктоочтун талданышына көңүл бур. Ага кандай суроолор бериле тургандыгын эсине түшүр.

**Арык** (кандай?) уйга жоон **(кандай) мүйүздүн** (эмненин?) кереги эмне? **Тилдин** (эмненин?) кулпусу – тил.



Байкадыңбы досум, бул сүйлөмдөрдөгү кара менен басылган сөздөр сүйлөмдүн аныктооч мүчөлөрү. Алар өздөрүнөн кийинки аныкталгыч катары келген зат атоочтордун кыймылдык, сандык, сапаттык, көлөмдүк белгилерин жана аныктала турган заттын экинчи бир затка таандык экендигин аныктап, билдирип турат.

*149-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, аларда колдонулган аныктоочторду тап да, ага суроолорду берип, аткарып жаткан милдеттерин түшүндүр.

Быйыл кыш эрте келди. Эрте келгенине карабай ызгаар суук болуп, жүрөктүн үшүн алат. Суунтун илебине чыдабай, эл жумушун эрте бүтүрүүдө. Бир гана эшикте кыпкызыл бет, көк муштум балдар ызгаарды сезбей ойноп жүрүшөт. Тоңгон муз чатырлардан жерге тийчүдөй саландап, кыштын аязына термелүүдө.

*150-көнүгүү.* Төмөнкү изилдөөнү карап чык да, аны турмуштук мисалдар менен текшерип көр. Ар бир аныктамага сүйлөм түз да, анын канчалык туура экендигин аныкта.

Сүйлөм ичинде:

1. Сын атооч аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Алар катуу уйкунун кучагында жатышкан. Айыл кызуу уйкуга кирди.*

2. Атоочтуктар аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Сөз айтайын деген үмүт менен илгери умтулду.*

3. Сан атооч аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Анан бир ооз сөзүм бар.*

4. Ат атооч аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Ал күн эч качан унутулбайт. Бизге бул сөз адегенде имиштей болуп угулган.*

5. Кыймыл атоочтор аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Анын ойноо көздөрүн байкай калды.*

6. Тууранды сөздөр аныктоочтук милдетти аткарат. Мисалы, *Шылдыр суу анын кулагына жакшы угулду.*

*151-көнүгүү.* Өз алдынча текст түз. Ал текстте жогоруда аныктамада айтылган аныктоочтор толук камтылгандай болсун.

## ТОЛУКТООЧ

*152-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү зат атооч сөздөргө көңүл бур. Алардын баары аныктоочтун милдетин аткарып жатабы?

### Табигый дары чөптөр

Кыргызстан өзүнүн табиятынын кооздугу менен эле дүйнө элин таң калтырбастан, өзүнүн дары чөптөрү менен да көптү суктандырып келет. Кыргызстанда ден соолукка пайдалуу миңдеген чөптөрдүн түрлөрү бар. Алар ашказан ооруларын-

да, баш оорууга, суук тийгенде, ичеги-карын ооруларында, жөтөлдө, ж. б. ар кандай ооруларда жардам берет. Кыргыз эли илгертен эле бул чөптөрдүн дарылык касиетин түшүнүп, пайдаланып келишкен. Бүгүнкү күндө көпчүлүк эл жасалма жол менен алынган ар кандай химиялык дары-дармектерден сырткары, табигый чөптөр менен дарылануага көп көңүл бура баштады.



Өзүң көрдүң го, сүйлөм ичинде бардык зат атоочтор аныктооч боло бербейт. Ал эми аныктооч боло албаган зат атоочторду сен кайсы сүйлөм мүчөсүнө кошот элең? Баамдап турганың, албетте туура. Мына ошол, сүйлөм ичинде ээ да, баяндооч да, аныктооч да болбой, бирок сүйлөм мүчөсү катары келген зат атоочторду толуктооч деп эсептегенге болот. Толуктоочтор аты айтып тургандай эле сүйлөм ичинде айрым бир маанилерди толуктап берүү менен кызмат кылат.

*153-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чык да, андан толуктоочту табууга аракеттен. Сүйлөмдөрдү дептериңе көчүрүп, толуктоочту белгиле.

Жаман киши жоого алдырат. Жаман сөз доого калтырат. Күн жерди жылытат. Достук көңүлдү жылытат. Төл эгизден өсөт. Эр эмгектен өсөт.

*154-көнүгүү.* Төмөнкү аныктаманы окуп чык да, өзүң талдаган сүйлөмдөрдүн канчалык туура экенин текшер.



Сүйлөмдө заттын атын белгилеп, барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн суроолоруна жооп берген айкындооч мүчө ***толуктооч*** деп аталат.

Толуктоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй же тутумдаш болушу мүмкүн. Милдети менен түзүлүшүнө карата толуктоочтор ***тике толуктооч, кыйыр толуктооч*** болуп экиге бөлүнөт.

*155-көнүгүү.* Төмөнкү суроолорго жооп берүү менен сүйлөм түз. Алар маанилик жактан бирин-бири толуктап, бир бүтүн текст катары кызмат аткарсын.

Кимди? эмнени? кимге? эмнеге? кандайына? кайсынысына? канчадан? нечеден? ким жөнүндө? эмне жөнүндө? ким менен? ким тууралуу?

## БЫШЫКТООЧ

*156-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү баяндоочторго көңүл бур. Алар менен байланышкан сөздөрдү белгиле, алардын сүйлөм ичинде берип жаткан маанисине түшүндүрмө бер.

### Таш көмүрдүн пайда болушу

2000 миллион жыл мурда биздин планетанын климаты өтө нымдуу болуп, кургак жерлердин көбү чоң-чоң өскөн өсүмдүктөр менен жыш капталган. Суу ушунчалык көп болгондуктан, жердин кыртышы аны сиңире албай, ылай менен топурактан саздар да пайда болгон. Бул ылай өспөй калган өсүмдүктөрдүн сабагына бийиктеп өткөн. Өтө көп болгондуктан, чирип үлгүрө албай катмарланып, оорлошуп өзүнчө бир жыгач массасы арбын топтолгон. Миллиондогон жылдар бою бул массанын катмары убакыт өткөн сайын таштай катып, кургап, көмүргө айланган. Азыр бул таш көмүрдү адамдар отун катары жакшы пайдаланышат.



? Текстти окуп чыккандан кийин кыймыл-аракетти билдирип турган баяндооч сөздөр менен байланышкан сөздөргө көңүл бур. Алардын маанисин аныктоо үчүн биринчи кезекте анын дал ошол кыймыл-аракетти билдирген сөздөргө кошумча маани берип тургандыгы менен башка сүйлөм мүчөлөрүнөн айырмалана тургандыгын байкадыңбы? Ал сөздөр, мисалы, мына бул текстте *ымдуу, жыш, көп, пайда, бийиктеп, арбын, жакшы* деген сөздөргө көңүл бурсаң, алар кыймыл-аракеттин кандайдыр бир белгисин, абалын ж. б. сапаттык айырмачылыгын билдирүүдө.

Мына буга сен кандай аныктама берет элең? Албетте, туура баамдагансың, бышыктооч сүйлөм ичинде бардык кыймыл-аракетин ар кандай абалын, касиетин бышыктап турат. Эми бул сөз түркүмүн изилдеген окумуштуулардын көз караштарына кыскача токтоло кетели.



Бышыктооч сүйлөмдүн тутумунда туруп, өтө көп колдонулган айкындооч мүчөлөрдүн бир түрү болуп саналат. Сүйлөм тизмегинде турган бышыктооч этишти жандап, анын белгисин көрсөтөт.

Мисал келтирели, *Келин-кыздар орундарынан шашып тура калышты. Мен ошондо барамын. Арстан катуу качырат, жумшак алат.*



Өзүң көрдүң го! Сенин пикириң деле окумуштуунун көз карашына жакын болчу. Эгерде сен ойлогон ойду терендетсек, сүйлөмдө кыймыл-аракеттин мүнөзүн, аткарылыш жөнүн, сын-сыпатын, сан-өлчөмдүк белгисин жана багыт-ордун, мезгилин, максат жана себебин тактап көрсөтүүчү айкындооч сөздөр бышыктооч боло тургандыгы белгилүү болду.

*157-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөргө суроо бер. Бышыктоочко кандай суроолор бериле тургандыгына көңүл бур.

**Айназикти шаарга алып келишти. Анткени ал Бишкектен окуй турган болуп калды. Ал Бишкектеги № 83-мектепте окуй баштады. Орус тилин да жакшы өздөштүрө баштады.**

*158-көнүгүү.* Төмөнкү суроолорго жооп берип, бышыктоочтор сүйлөм ичинде кандай милдет аткара тургандыгын тактагыла.

**Кышкы каникул качан башталат? Дары чөптөр кайда өсөт? Сен бул китепти кайдан сатып алдың? Акдила китепканага эмне үчүн барды? Мырзайым кандай окуп жатат?**

Мына бул көнүгүүнү иштеп, бышыктооч сүйлөм ичинде кандай милдетти аткара тургандыгын байкадыңбы? Ал негизинен сүйлөмдүн этиштик ар кандай мүчөсү менен, кээде сын, зат атоочтук баяндооч менен да байланыша тургандыгын да көрдүң. Сүйлөм ичинде аткарган кызматына жараша ***кандай? кайда? кай жакта? каерде? кайдан? качан? кайсы жакты карай? качанкыга чейин? качантан бери? качанга? качанкыга чейин? эмне максат менен? эмне себептүү? канча? канчанчы?*** деген суроолорго жооп берет.

*159-көнүгүү.* Төмөнкү суроолордун ордуна керектүү сөздөрдү коюп, алар кантип бышыктооч болгондугун далилдегиле.

**Алмакан (качан?) (кантип?) ойгонду. Сен ошону (канча?) айтасың. Офицер (кайда?) чуркады, анын (кайдан?) солдаттар ээрчиди жана (кантип?) (кайда?) түшүштү.**

## СҮЙЛӨМДҮН БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРҮ – СҮЙЛӨӨДӨГҮ КӨРКӨМ КАРАЖАТТАР

*160-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, талдоо жүргүзгүлө.

**Айша, Жамийла, Мыскалдар кирип келишти. Алардын беттери, кийимдери, колдору ылай болуп калыптыр.**

*161-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөргө талдоо жүргүз. Эки көнүгүүнү салыштырып, кайсынысы жакшы угула тургандыгына карата көз карашыңды билдир.

**Айша кирип келди. Жамийла кирип келди. Мыскал кирип келди. Алардын беттери ылай болуп калыптыр. Алардын кийимдери ылай болуп калыптыр. Алардын колдору ылай болуп калыптыр.**



Көрдүң го досум, экинчи көнүгүүгө караганда биринчи көнүгүүдөгү сүйлөмдөр кишиге таасирдүү жана жагымдуу угулат. Дайыма экинчи көнүгүүдөгүдөй сүйлөй турган болсок, анда биздин сүйлөмдөр угуп жаткан адамды тез эле тажатып жибермек. Ошондуктан канча бир мезгилден бери кыргыздар угуп жаткан адамга жагымдуу болуш үчүн, бир өңчөй сүйлөм мүчөлөрүн колдонууну ойлоп табышкан. Сүйлөөдө сен канчалык бир өңчөй сүйлөм мүчөлөрүн кеңири колдоно алсаң, анда сен ошончолук сөзгө чебер, кепте чечен экендигиңди көрсөтөт.

Ал эми биз колдонууга кызыгып жаткан бир өңчөй сүйлөм мүчөлөрү деген эмне? Эми ушуга жооп издеп көрөлү.



Сүйлөм курамында бир түрдүү формада келип, сүйлөм мүчөлөрү катары синтаксистик бирдей милдет аткаруучу мүчө **бир өңчөй мүчөлөр** деп аталат.

*162-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөргө талдоо жүргүз. Мындагы бир өңчөй мүчөлөр кайсы сүйлөм мүчөсү боло тургандыгын аныкта.

**Ал орто бойлуу, кара тору киши эле. Апам менин эң жакын сырдашым да, кеңешчим да эле.**

*163-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмгө айландыргыла. Анын адамга таасири кандай болуп калгандыгын айтып бергиле.

**1. Карыган чоң атасы калыптыр. 2. Чоң энеси калыптыр. 3. Жана өз энеси калыптыр. 4. Жаш карындашы калыптыр. 5. Жаш баласы калыптыр.**

## БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ

*164-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн ээлерди тап. Алардын ар бирин жөнөкөй сүйлөм кылып, дептериңе көчүр. Кандай сүйлөм болгондугун айтып бер.

**Алдынкы машинеде Марал, Айназик, Аруузада, Мырзайым жана Акдила баратат. Аларды Сагида, Эламан, Тойчубек, Куттуубек жана Айдайлар тосуп алышат. Дастан, Баяман, Лиралар кечирээк чыгышат. Мээрим, Калыс, Узак, Кутман, Мунарымдар эчак көлгө жетип калгандыгын билдиришти.**

*165-көнүгүү.* Текст түз. Андагы сүйлөмдөрдө төмөнкү эрежелер толук чагылгандай болсун. Сүйлөмдөрдөн бир өңчөй мүчөлөрдү таап, алардын ар биринин байланышуу жолдоруна көңүл бур.



Урматтуу досум! Бул сен азыр иштеген көнүгүү **бир өңчөй ээлер** кайсы учурда керек экендигин сага түшүндүрдү деп ойлойм. Ал эми башка сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө деле ушуну айтса болот. Тактап айтканда, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү сүйлөмдө ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч жана бышыктооч катары колдонулуп, сүйлөөдө адамдын сөзгө чебер экендигин далилдөө максатын көздөйт. Маселен, сүйлөм ичинде бирдей милдет аткарып, бирдей суроого жооп болуп түшүүчү эки жана бир нече ээ бир өңчөй ээ болуп саналат. Сүйлөм тизмегинде бир өңчөй ээлердин бардыгы грамматикалык бирдей укукка ээ жана ар бири баяндоочко бирдей мамиле кылат.

Ал эми баяндоочтор жөнүндө деле ушуну айтса болот. Сүйлөм тизмегинде бир гана ээге же тизмектешкен бир нече ээлердин тобуна тиешелүү болуу менен, байламта жана интонациялар аркылуу **тутумдашкан мүчө бир өңчөй баяндооч** болуп саналат. Ырас, мындай учурда сүйлөмдүн бир өңчөй баяндоочу этиш сөздөн да, атооч сөздөн да болушу мүмкүн. Мисалы, *Баарынын жүзү жарык, кубанычтуу* дегендей.

Ошондой эле бирдей формалуу жана бир түрдүү суроого жооп берүүчү бир нече аныктооч **бир өңчөй аныктооч** болуп эсептелет. Бир өңчөй аныктооч көбүнчө уңгу, уланды жана куранды мүчөлүү сын атооч, ат атооч, сан атооч, зат атооч жана сын маанисине өткөн атоочтуктар аркылуу түзүлөт. Бир өңчөй аныктооч да сүйлөм тизмегинде кадимки аныктооч катары эле, негизинен ээни, атоочтук баяндоочту жана айкындоочту аныктайт.

Маселен, төмөнкү сүйлөмдөргө көңүл буралы. *Мени билген, тааныгандар куттуктап келип жатышты. Ушул булгаарыдан өтүктүн, маасынын кончу чыгат. Трактор, соко, маланын тиштерин чыцап, кайраган кужурмөн киши эле. Терезелүү, мештүү, мемиреген жылуу үйгө киришти.*

**Бир өңчөй толуктоочтор** деле сүйлөм ичинде бирдей суроого жооп берип, көбүнчө сүйлөмдүн этиш, атоочтук баяндоочу менен жана кыймыл-аракеттүү башка мүчөлөрү менен байланыш жасоочу бир нече толуктооч биригип, **бир өңчөй толуктооч** катары кызмат кылат. Бир өңчөй толуктооч да кадимки эле толуктооч сыяктуу негизинен зат, ат атооч жана заттык маанидеги башка атоочтор аркылуу келерин жана түзүлүшү боюнча ар кылдыгын белгилей кетүү керек. Мисал келтирсек, *Жолоочу жазыксыз таяк жеп, ар кайда чачылып калган тебетейин, топусун, шапалагын жыйнап алып, көк-ала болгон бети-башын сыйпап, көптөн кийин туруп келди.*

Сүйлөм ичинде **бир өңчөй бышыктоочтор** кыймыл-аракеттин сын-сыпат, сапат, сан-өлчөм, орун, мезгил, максат жана себептүү белгиси менен жөнүн, мүнөзүн түшүндүрүүчү бирдей формадагы жана сүйлөмдө бирдей милдет аткаруучу бир нече сөздөр **бир өңчөй бышыктооч** деп аталат. Мисал келтирсек, *Маңдай жакта кел берилеген Тянь-Шанга, ортодогу көйкөлгөн көлгө, тигил булуңга, машина өткөн кан жолго көзүн талдырды. Кечке маал, эл орунга отура араң буттук. Жолоочулар эс алууга, жандарын тындырууга суунун боюна жайланышты.*

*166-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, андан айрым бир сүйлөмдөрдү бир өңчөй сүйлөм мүчөлөрүн кошуп кайра түз. Дептериңе көчүр.

### Камыш

Камыш – нымдуу жерде өсүүчү узун-узун жана сабагы бекем өсүмдүк. Ал көлдүн жана суулардын жээгинде өсөт. Камышты илгертен эле көптөгөн жашоо-тиричиликте колдонуп келишкен. Башкасын айтпаганда да камыштан жасалган алачыктар күндөн жана жамгырдан сактаган. Титикака көлүнүн жээгиндеги перулук индеецтер ушул күнгө чейин үйлөрүн камыш менен жабышат. Корзиналарды жана бойрорлорду, кайыктарды жана салдарды жасашат.

Ал эми бүгүнкү күндө камыштан жасалган мебелдер, идиштер, тосмолор, торшерлер дүйнөлүк базарда өз ордун жана өз баасын тапкан. Ал түгүл шаардын чок ортосунда жайгашкан өтө кымбат баалуу ресторандар да камыш менен жасалганууда.

## БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ КАНДАЙ КОЮЛАТ?

*167-көнүгүү.* Топ менен иштегиле. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ээсин таап, аларды бир өңчөй ээге айландырып, кайрадан түзүп чыккыла.

### Дүйнөдөгү эң чоң гүл

Дүйнөдөгү эң чоң гүл Раффлезия арнольди деп аталат. Раффлезия Суматр аралында гана өсөт. Гүл толук ачылганда анын диаметри бир метрге жетет. Раффлезиянын жалбырактары болбойт, ошондуктан ал фотосинтез жасай албайт жана катарында өсүп жаткан өсүмдүктөрдүн тамырынан тамактанат. Ал кадимки эле жерде өсөт. Анын жыты куду эле сасып кеткен эттин жытындай. Бул жыт адамдарга жакпаганы менен чымын-чиркейлерди өзүнө тартып, алар гүлдү чаңдаштырууга мүмкүнчүлүк берет.

Гүлдү таап, изилдеген окумуштуу Раффлз менен Арнольддун урматына бул гүл «Раффлезия арнольди» деп аталып калган.

*168-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда, анда бир өңчөй мүчөлөргө маани берчү белең?
2. Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр кайсы учурда колдонулат деп ойлойсуң?
3. Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөрдүн ролу кандай? Ал угуп жаткан адамдын сезимине таасирин тийгизе алабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андагы сүйлөмдөрдө бир өңчөй мүчөлөрдү мүмкүнчүлүккө карата колдонгула, ал кандай мааниге ээ болгонун айтып бергиле. Тыныш белгилеринин аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Көрүнүштүн өзүнөргө жакын түрүн алгыла да, текст түзгүлө. Анда бир өңчөй мүчөлөр толук чагылгандай болсун. Кайсы сүйлөмдөрдө бир өңчөй мүчөлөрдү, аларды кандай максатта колдонгонунарды айтып, түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун айтып бергиле.

**3-топко:** Адамдын сезимин ойгото турган көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда бир өңчөй мүчөлөрдү арбын берүүгө аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Кайсы сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр көп жана таасирдүү берилген деп ойлойсуң? Эмнеге?

2. Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөрдүн берилишин мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Бир өңчөй мүчөлөр бардык сүйлөм үчүн зарылбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү бир өңчөй мүчөлөрдү туура берүүгө үйрөндүм деп эсептейсиңби? Ички сезимди башкаларга жеткире билүүдө бир өңчөй мүчөлөрдү колдонуу бул чоң чеберчилик, аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

*169-көнүгүү.* Текст түз, андагы бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн ичинен эң маанилүү деп эсептегениңерди дептерге көчүр. Эмне себептен аларды маанилүү деп эсептеп бөлүп алганыңарды түшүндүрүп бергиле.

*170-көнүгүү.* Өзүң түзгөн сүйлөмдө төмөнкү эреже-сунуш канчалык аткарылганын текшер. Эгер айырма чыгып калса, өз көз карашыңды далилдөөгө аракеттен.



**Интонация аркылуу байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлат.**

**Мисалы, *Окучуулар ырдашты, бийлешти.***

**Бир өңчөй мүчөлөр да байламтасы аркылуу байланышса, үтүр байламтадан кийин коюлат. Мисалы, *Ал улууга да, кичүүгө да сылык мамиле жасайт.***

**Бир өңчөй мүчөлөр жана, менен байламталары аркылуу байланышса үтүр коюлбайт. Мисалы, *Биз мектептен билим жана тарбия алабыз.***

*171-көнүгүү.* Жогорку эреже-сунушту пайдаланып, төмөнкү сүйлөмдөрдү өзгөрт. Анда бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү көбүрөөк колдонууга аракеттен. Кандай маани берилип, кандай тыныш белгилер коюлганын айтып бер.

Кыштын өзүнчө көркү бар. Айрымдарга мындай кооздук абдан жагат. Кышында кирип келген жаңы жыл майрамын дүйнөдөгү бардык элдер жакшы тилектер менен тосот болуш керек. Мен да жаңы жылда өзүмө жакшы тилектердин айтылышын каалайм. Башкаларга да жакшы тилек айтканды жактырам.

## КАРАТМА СӨЗ – СҮЙЛӨМГӨ КИРГЕН КОШУМЧА МААНИ

*172-көнүгүү.* Топ менен иштегиле. Төмөнкү сүйлөмдөрдүн ээсин таап, алардын арасынан кайрылуу иретинде айтылган сөздөргө көңүл бур. Ага кандай тыныш белгилер коюлуп жатканын айтып бер.

### Самын кантип пайда болгон?

Самын – адам жашоосундагы эң зарыл каражаттардын бири. Өткөн заманда Мисир падышасы Хоп меймандарга салтанаттуу зыяпат берет. Ал ашканада иштеген бир кызматкерге кайрылат:

– Хеппи, сен мага куурулган эт алып келип берчи, – дейт. Ашканага жаңы орношкон Хеппи абайлабай жаңы эле койдун сызгырылган майын очоктун астындагы күлгө төгүп алат.

– Хеппи, куурулган эт кана! – деп кыйкырат ашкана башчысы. Падышанын жазалоосунан корккон Хеппи төгүлгөн майды дароо күлгө аралаштырып, алактап, бир нече кыш жасай коёт. Андан соң колун жуумакчы болот. Колу ушунчалык таза жуулганына өзү да таңданат. Мына ошондо гана тиги май аралашкан күлдүн касиети болсо керек деп ойлойт.

Падыша куурулган этти жейт, бирок анын майы аз экенине маани бербейт. Хеппи болсо падышанын жазасынан кутулганына сүйүнөт.

Эртеси жумушка келген Хеппи колу кирдеп кеткенде баягы өзү жасаган кыш менен кайра жууп көрөт да, ырас эле анын чындыгына ынанат. Анткени, колдун кирин ушунчалык таза кетиргенин көрөт.

? Көрдүңбү досум! Айрым ачылыштар мына ушинтип эң жөнөкөй турмуштук кырдаалдан пайда болгон. Андай ачылыштарды жасаш үчүн болгону байкагыч болуш керек.

Эми бул тексттеги кайрылуу иретинде айтылып жаткан сөздөргө көңүл буруп, алар башка сүйлөмдөрдөн кантип айырмалана тургандыгын айтып бере аласыңбы?

*173-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда кайрылуу иретинде айтылган сөздөргө маани берчү белең?
2. Сүйлөмдө кайрылуу иретинде айтылган сөздөр кайсы учурда колдонулат деп ойлойсуң?

3. Кайрылуу иретинде айтылган сөздөр бардык эле сүйлөмдө колдонула береби? Ал угуп жаткан адамдын сезимине кандай таасир калтырат?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да текст түзгүлө. Андагы сүйлөмдөрдө кайрылуу иретиндеги сөздөрдү мүмкүнчүлүккө жараша колдонгула, ал кандай мааниге ээ болгонун айтып бергиле. Тыныш белгилеринин аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Көрүнүштүн өзүңөргө жакын түрүн алгыла да, текст түзгүлө. Анда кайрылуу маанисин берип турган сүйлөмдөр болсун. Кайсы сүйлөмдөрдө каратма сөздү колдонгонуңарды, алардын максатын айтып, түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун айтып бергиле.

**3-топко:** Адамдын көңүлүн бура турган көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда каратма сөздү арбын берүүгө аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Кайсы сүйлөмдө каратма сөз туура жана таасирдүү берилген деп ойлойсуң? Эмнеге?

2. Сүйлөмдө каратма сөздүн берилишин мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Каратма сөз бардык сүйлөм үчүн зарылбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү каратма сөздү сүйлөмдө туура берүүгө үйрөндүм деп эсептейсиңби? Ички сезимди башкаларга жеткире билүүдө каратма сөздү колдонуу бул чоң чеберчилик, аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

## КАРАТМА СӨЗГӨ КАНДАЙ БЕЛГИЛЕР КОЮЛАТ?

*174-көнүгүү.* Төмөнкү аныктаманы окуп чык. Анда берилген эреже менен буга чейин өзүң ойлогон ойду салыштыр.

**Бир катар сүйлөмдөрдө адамга жана башка кээ бир заттарга тике арналып айтылуучу сөздөр болушу мүмкүн. Мындай тике арналган зат атооч сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнүн эч кайсынысы менен байланышпай, көтөрүңкү үн менен айтылат.**

**– Балам, бербесең бекитип кой!**

**– Иничек, сенин жанакы айткан сөзүң туура чыкпадыбы.**



Байкадыңбы досум, каратма сөз сүйлөм тизмегинде айтылуучу ойго карата адамдын көңүлүн атайын буруу максатында да колдонулат. Жогоруда келтирилген мисалдар көрсөтүп тургандай, каратма сөз сүйлөм тизмегинде туруп, негизинен, адамдардын

аты-жөнү, фамилиясы, кесиби, жынысы боюнча колдонулуучу *ата, агай, апа, эне, жеңе, курбум, берекем, көлөкөм, эрмегим, күнүм, тилектеш, талапташ, кымбаттуу, урматтуу* деген сыяктуу сөздөр аркылуу, дагы атайын арналып айтылуучу жер, суу, тоо, дениз, көл, шаар, кыштак башка буюм заттардын аттары аркылуу келет. Сага түшүнүксүз болуп бара жатса, төмөнкү сүйлөмгө көңүл бур.

*– Садагаң, сен бул орок оргонду кайдан үйрөндүң?*



Угуучунун көңүлүн буруу максатында көтөрүнкү үн менен аркылуу айтылуучу тике сөз каратма сөз деп аталат. Курамы бир сөз аркылуу да тутумдашкан бир нече сөздөрдүн тобунан турушу мүмкүн.

*175-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, аларды каратма сөз катышкан сүйлөмдөргө айландырып жаз.

Алыс-алыс жактагы чытырман токойдо пилдердин үйүрүндө кичинекей пил бул жарык дүйнөгө келди. Анын башка пилдерден айырмасы, узун тумшугу жок эле. Кичинекей пилдин апасы эрте-кечпи тигинин тумшугу узарар деп ойлоп жүрдү, тилекке каршы, андай болбоду. Ал эми үйүрдөгүлөр болсо эмне үчүн кичинекей пилдин тумшугу жок, эмне үчүн бечара аларга окшош эмес? – деп таң калышчу. Бирок бир топ мезгил өтүп, алар да тигинин кебетесине көнүп калышты.

*176-көнүгүү.* Жогорку көнүгүүнү аткарганда өзүң койгон тыныш белгилерди төмөнкү аныктама менен салыштыр.



Каратма сөз сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында келет жана турмушта ар кандай абалга байланыштуу колдонулат, ошого жараша тыныш белгилери коюлат.

1. Сүйлөмдүн башына келсе, каратма сөздөн кийин үтүр коюлат. *Элебес, баягы ишиң бүттүбү? Баатыр, мени иретке чыксын деген экенсиз.*

2. Күчтүү сезим менен айтылса, каратма сөздөн кийин илеп белгиси келет: *Ата! Мен келдим. Айдар! Шарипа менен таанышып кой.*

3. Каратма сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, анын эки жагына тең үтүр коюлат. *Ооба, кагылайын, ал күбүлгөнү араң турат. – Мунуң, балам, жакшы иш болбоду.*

4. Каратма сөз сүйлөмдүн аягына келип, мелүүн айтылса, өзүнөн мурун үтүр, көтөрүнкү айтылса, аягына илеп белгиси коюлат. – *Энең сенин маңдайыңда турат, жылдызым! Мунуң туура, айланайын! Бери үйгө киргилечи, кагылайындар!*

*177-көнүгүү.* Текст түз. Анда каратма сөздүн жогоруда белгиленген эрежесин толук пайдаланууга аракеттен.

*178-көнүгүү.* Төмөнкү каратма сөз катышкан сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөм кылып кайрадан түз. Эки сүйлөмдүн айырмачылыгын көрсөт.

**Курбулар, Акдиланын бийлегенин сагындыңарбы? Мырзайым! Чоң апаңа качан барып келдиң? Акжол, Нурайымды ээрчитип, айылга барып кел. Классташым, Залкарбек, сенден кабар алып коёюн деп кат жазып жатам. Досум, Дөөлөт, сен бизге качан келесиң?**

## ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ГРАММАТИКАЛЫК КУРАМЫН АНЫКТОО

*179-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алар түзүлүшү боюнча кандай сүйлөм экендигин айта аласыңбы?

### Карынбайдын короосу

**Илгери Карынбай деген бай болуп, ал бүтүндөй тоо-таш, жер-суунун ээси экен. Бирок ал буга да алымсынбай, асмандагы жылдызга да көз арта баштайт. Ал ченде жок ач көздүгүнөн Кудайдын каарына калат. «Өзүн жер жутат, ал эми мал-дүйнөгө тойбогон көз кара жерге тоёт» – деген сөз ушундан улам айтылып калган дешет. Карынбайдын койлору коён, эчкилери тоо теке, кийик, уйлары бугу-марал болуп кеткен экен. Ошол байдын сан жетпеген короолорунун бири Түштүктө Жалгоонун зоосунун баш жагындагы ойдон орун алган дешет.**

*180-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү жогоруда берилген сүйлөмдөр менен салыштырып чык. Булар түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдөр аны сен кантип аныктап жатканыңды айта аласыңбы?

**Илгери Карынбай деген бай болот. Ал бүтүндөй тоо-таш, жер-суунун ээси экен. Бирок ал буга да алымсынбайт. Асмандагы жылдызга да көз арта баштайт. Ал ченде жок ач көздүгүнөн Кудайдын каарына калат. Өзүн жер жутат. «Ал эми мал-дүйнөгө тойбогон көз кара жерге тоёт» – деген сөз ушундан улам айтылып калган дешет. Карынбайдын койлору коён болот. Эчкилери тоо теке, кийик болот. Уйлары бугу-марал болуп кеткен экен. Ошол байдын сан жетпеген короолорунун бири Түштүктө Жалгоонун зоосунун баш жагындагы ойдон орун алган дешет.**



Урматтуу досум! Сен бул сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөм экендигин аныктай алдынбы? Аныктасаң, анын жөнөкөй сүйлөм экендигин кантип таптың? Ырас, сүйлөмдөрдү маанилик жактан кантип ажыратуу керектигин сен буга чейин билип калгансың. Алар маанисине карата же айтылыш максатына ылайык жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнөрүн эсиңе түшүрүп жатасың деп ойлойм. Ал эми жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдүн жөнөкөй экендигин кантип айырмаладың?

*181-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда анын түзүлүшүнө маани берчү белең?

2. Кепте же сүйлөшүүдө жөнөкөй сүйлөмдөр кайсы учурда колдонулат деп ойлойсуң?

3. Жалаң жөнөкөй сүйлөмдөр колдонулса, жакшы маани береби? Ал угуп жаткан адамдын сезимине кандай таасир калтырат?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да текст түзгүлө. Анда жалаң жөнөкөй сүйлөмдөр болсун, алар кандай көркөмдүк мааниге ээ болгонун айтып бергиле. Тыныш белгилерин коюп, анын аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда жөнөкөй сүйлөмдөр болсун. Кайсы сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмдөр экендигин, алардын максатын айтып, түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун айтып түшүндүргүлө.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда жөнөкөй сүйлөмдөрдү берүүгө аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Жөнөкөй сүйлөмдү кантип аныктадың, ал сүйлөмдө ой туура жана таасирдүү берилген деп ойлойсуңбу? Эмнеге?

2. Жөнөкөй сүйлөмдү мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Бардык учурда жөнөкөй сүйлөм зарылбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү жөнөкөй сүйлөмдү туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

*182-көнүгүү.* Текст түз. Андагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.

**Ой дайыма эле бирдей боло бербейт. Айрым учурда ойду бир сөз эле жыйынтыктап калышы мүмкүн. Мындай учурда сүйлөм мына ошол бир сөз менен эле бүтүп калат. Ал эми кээ бирде ой бир нече сөз менен айтмайын башка бирөөгө түшүнүксүз боло берет. Андай учурда кеп салып жаткан адам сөздүн санын эмес, бере турган ойду жыйынтыктоочу сөздөрдү тандап колдонот. Ал ойду берүүгө жараша сүйлөм бир же бир нече сүйлөмдөн да болуп калышы мүмкүн.**

**Өз алдынча турган бир сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөм деп атоого болот. Ал эми окумуштуулар аны изилдеп келишип, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарышкан.**



**Маанилик жактан башка сүйлөмдөр менен тутумдашпай, өз алдынча туруп, айрым бир ойду билдирген сүйлөм жөнөкөй сүйлөм деп аталат.**

*183-көнүгүү.* Текст түз. Алардын арасынан жөнөкөй сүйлөмдөрдү тап, эмне үчүн аларды жөнөкөй сүйлөм дегениңди айтып, жөнөкөй сүйлөмдөрдү өзүнчө көчүр.

## ТАТААЛ СҮЙЛӨМ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

*184-көнүгүү.* Төмөнкү тексттен татаал сүйлөмдү тап, өзүң тапкан сүйлөмдөрдү эмне себептен татаал сүйлөм деп эсептегениңди айтып бер.

### Кит

**Кит сууда жашайт, бирок ал балык эмес. Балыктар бакалоору менен дем алса, кит өпкөсү менен дем алат. Кит балдарын тууп, аны сүт менен багып чоңойтот. Киттин узундугу – 30 метр. Киттин териси жылмакай, жүнү жок жана кабырчыктуу. Терисинин астында калың майы бар жана ал китти жылытып турат. Башы өтө чоң болуп, денесинин үчтөн бирин ээлейт. Көзү уйдун көзүнөн бир аз чоңураак. Ал майда балыктар менен тамактанат. Киттин аңчылары көп болгондуктан акыркы мезгилде өтө азайып кетти. Киттерди Түндүк Муз океанынан жана Антарктиданын тегерегиндеги деңиздерден гана жолуктурууга болот.**

Бир сүйлөмдөн турган сүйлөм жөнөкөй сүйлөм болот экен, биз аны таптык, түшүнүп алдык.

*185-көнүгүү.* Өз оюңду төмөнкү аныктама менен салыштыр. Сен канчалык туура баамдаганың жөнүндө айтып бер.

**Ал эми сүйлөм эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөн турса, аны татаал сүйлөм дейбиз.**

*186-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү татаал сүйлөм кылып түз. Эгер түзүлбөсө, эмнеге түзүлбөй жатканын аныкта.

Күн бүркөлдү. Туман түштү. Борошолоп кар жаады. Биз жолго камындык. Бирок күн суук. Менин зарыл жумуштарым бар. Жер тизеден өйдө кар. Ысык шамал беттен уруп жатты. Кумдун ысыгын айтпа. Шаардык байланыш түйүнүндө пайдалуу иштер болуп жатат.

*187-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөр татаал сүйлөм боло алабы? Эгер түзүлбөсө, эмнеге түзүлбөй жатканын аныкта.

Мен зоопаркка бардым. Аруузада айылга кетти. Ал жерден арстанды биринчи жолу көрдүм. Тигинде чөп тарткан машине келе жатат. Кышында сууга түшкөн кандай жакшы.

? Бул сүйлөмдөр чынында эле татаал сүйлөм болбойт. Сен аларды татаал сүйлөм кыла албай кыйналдыңбы? Эмнеге татаал сүйлөм болбой жаткандыгын байкадыңбы?

Туура баамдагансың, алар татаал сүйлөм болуш үчүн эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси жагынан бири-бирине жакын болуп, ал тургай мазмуну жагынан бирин экинчисин толуктап туруууга тийиш. Эгерде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик тыгыз байланыш болмоюнча эч качан татаал сүйлөм түзүлбөйт. Ал эми бул жердеги сүйлөмдөр мааниси боюнча бири-бирине жакын эмес.

*188-көнүгүү.* Текст түз, анда татаал сүйлөмдөрдү пайдалан да, алардын түзүлүшүнө көңүл бур. Андагы сүйлөмдөрдүн өзгөчөлүгүн айтып бер.

## ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ?

*189-көнүгүү.* Өзүң түзгөн сүйлөмдөрдү төмөнкү аныктама менен салыштыр. Сен аныктаманы канчалык туура колдоно алганыңды айтып бер.



Урматтуу досум! Жөнөкөй сүйлөмдөр айрым учурда тең укукта туруп байланышат. Мындай мезгилде тутумунда турган сүйлөмдөрдү өз ара ажыратып жиберсе деле, ошондой эле кошуп койсо да, курамында турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн, аларды бириктирип турган татаал сүйлөмдүн мааниси өзгөрбөй тургандыгын көрдүң. Ал жердеги сүйлөмдөр бири экинчисине баш ийбейт. Ошондой эле алардын дагы бир бөтөнчөлүгү баяндоочтору ойду толук жыйынтыктап турат. Аты эле айтып тургандай, мына мындай жол менен байланышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдүн курамын **тең байланыштагы сүйлөмдөр** деп атоого болот.

*190-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, алардын арасындагы тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тап. Алардын өзгөчөлүгүн белгиле.

### Апенди жана жигиттер

Бир күн бир топ жигит Апендини алдайлы деп чогулуп:

– Апенди жалгыз коюңду сой, – дешти. Аларга таң калган Апенди:

– Эмнеге соём, – деди. Баары чогулуп, Апендини алдоого киришти.

Эртең кыямат кайым болот экен, андан ары койдун эмне кереги бар, – дешти. Баары айтып жатса, булардыкы туура болсо керек деп ойлогон Апенди:

– Айтканыңар жакшы, балдар, каякка алып барып соёюн, – деди.

– Быякка, – деп бирөө көлдүн жээгине ээрчитип барды. Апенди ага да макул болду. Жигиттер козуну союп, Апендини: «Бышырып тур», – деп кийимдерин чечишип, өздөрү сууга түшүүгө кетишти. Апенди алардын кийимин бүт отко жагып, этти бышырып койду. Алар келип, киели десе кийимдери жок.

– Апенди, биздин кийимдерибиз кана? – деп сурашты алар. Анда Апенди:

– Кызыксыңар го, эртең кыямат кайым болгон жатса, силерге кийимдин эмне кереги бар? Андан көрө мына бул бышкан эттен жеп, эртеңки күнгө даярдангыла, – деп кетип калыптыр. Ач көздөнгөн жигиттер кийими жок, айылга бара албай, көл жээгинде кала беришиптир.

*Кыргыз эл жомокторунан*

*191-көнүгүү.* Өзүң тапкан татаал сүйлөмдөрдү дептериңе көчүр да, аны төмөнкү аныктама менен салыштырып текшер.



Урматтуу досум! Кээ бир жөнөкөй сүйлөмдөр тизмектешип айтылгандыктан, биринин артынан экинчиси удаалаш келип, бүтүн бир окуяны ыраатгуу баяндайт. Алар грамматикалык түзүлүшү жана берген маанилери боюнча бири-бирине багынбай, бирдей даражада туруп, тутумдашып, бирдиктүү бир татаал ойду билдирип, татаал сүйлөмдү түзөт. Мындай татаал сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөр ар бири аяктаган ойду билдирүү менен өз алдынча жыйынтыкталат. Бирок аларды бириктирип турган башкы максат сүйлөмдү көркөм жана уккулуктуу кылуу болуп саналат.

*192-көнүгүү.* Сен тапкан сүйлөмдөр мына ушул милдеттерди аткара алат бекен? Мындан башка тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн сен кандай бөтөнчөлүктөрдү байкадың?

*193-көнүгүү.* Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн жасалышына көңүл бур. Алар кандай жолдор менен жасала тургандыгын айтып бере аласыңбы? Берүүгө аракеттен. Төмөнкү тексттеги татаал сүйлөмдөргө тыныш белгилерди кой. Алар кандай жолдор менен байланышканын айтып бер.

## Брайл шрифти

Үч жашынан сокур болуп калган француз педагогу Луи Брайл кат-сабатын жоюуда абдан кыйналат, ал башка азиздер мынчалык кыйналбаш үчүн өзүнчө алфавит түзүүгө жетишет. Анын түзгөн алфавитин дүйнөдөгү бардык сокурлар пайдаланышат, тешиктердин жардамы менен окуй турган алфавит азыр «Брайл шрифти» деп аталат. Бул система ийне менен чукулап жазылат да, аны окуганда колдун манжаларынын жардамы менен чекиттер боюнча тамганы курап окушат. Азыр мындай сокурлар үчүн жазуу иштери атайын табличканын жана чегип түшүрүүчү аспап же чекиттиургулоочу машинканын жардамы менен аткарууга негизделген, ал эми окуганда мындай аракет акыркы манжадан (чыпалактан) баштап, сөөмөйдүн жардамы менен тез окууну шарттайт. Мындай системаны дүйнө жүзүндөгү бардык азиз адамдар пайдаланышат жана ал бардык тилде колдонулат.



? Көрдүңбү досум, азыр кимге гана болбосун билим керек. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар ушунчалык аракет кылып, сабаттуу болууга умтулуп жаткандан кийин, сенин жалкоо болушуң кечиримсиз. Сен бул жердеги сүйлөмдөрдүн куралышын талдап көрдүң, анда тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр кандай жолдор менен байланышарын аныкта.

**Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү түзгөн жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация жана байламталар менен байланышат.**

*194-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, андагы айрым сүйлөмдөрдү тең байланыштагы татаал сүйлөмгө айландыр. Өзүң түзгөн сүйлөмдөрдүн эмне себептен тең байланыштагы татаал сүйлөм болгондугун түшүндүр.

### Күн карама

XV кылымда Колумб аттуу саякатчы Америкага келип, эч ким жок ачык эле жерге келип түшөт. Ал жерден Колумб гүлү күнгө окшогон өсүмдүктү көрүп, ага абдан суктанат да, мындай башкача гүлдүн уругун өз жерине алып кетүүнү ойлойт. Бул оюн өзү менен бирге барган моряктарга айтса, алар кеме башчысынын мындай оюн аткарып, кетерде моряктар бул өсүмдүктүн үрөнүн Европага алып келишет.

Бул күн карама бизде жапайы өсүмдүк катары мурдатан эле болсо керек. Анткени кыргыздар бул гүлдүн уругун дары катары колдонуп келгендигин эл арасында айтылган аңыз кептер ырастап турат.

Кийинчерээк адамдар күн карамадан май сыгып алса болорун билишкен да, май чыгаруучу заводдорду кура башташкан. Ошондон ушул күнгө чейин күн карама айыл чарбасындагы маданий өсүмдүктөрдүн бири катары эсептелип келет.

## БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮ КУРУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ ЭМНЕДЕ?

*195-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп чык да, андагы кара менен басылган сүйлөмдөрдүн өзгөчөлүгү эмнеде экендигин айырмалап айтып бер.

### Пирамидалар

**Пирамидалар дүйнөдөгү кереметтердин бири болуп,** тарыхта фараондордун урматына тургузулган алгачкы күмбөз катары эсептелет. **Фараон Египеттердин падышасы болгондугу жөнүндө айтылса, пирамидалардын** эң белгилүүсү – Хеопстун, Хефрендин жана Микериндин пирамидалары. Булар ушул падышалардын тиги дүйнөдөгү кийинки жашоосу үчүн тургузулган. **Алар тиги дүйнөдө эркин жашашы үчүн падышачылыкта кам көрүлүп,** пирамидалар абдан чоң болуп, аларды курууга миңдеген адамдар катышкандыгы тарыхта айтылат.

**Баарынан чоңу Хеопстун пирамидасы болсо,** аны жыйырма жылдай убакыттын ичинде салышкан. **Пирамиданын курулушуна миллион тоннадай таш кетип,** аны жер шарынын бардык булуң-бурчунан чогулткан сыяктанат. Дүйнөнүн жети кереметинин бири деп эсептелинген **Улуу Хеопстун пирамидасынын негизи квадрат түрүндө болуп, 230 метрге жетсе, анын бийиктиги алыстан көрүнүп,** 147 метрди түзөт.

*«Кызыктар дүйнөсү» китебинен*

*196-көнүгүү.* Жогорудагы тексттен татаал сүйлөмдөрдү тап, ал сүйлөмдөргө сен кандай аныктама берет элен? Эмне себептен мына ушундай аныктама бергениңди түшүндүрө аласыңбы?

*197-көнүгүү.* Текст түз да, мына ушундай татаал сүйлөмдөрдү түзүүгө аракеттен. Алардын астын сыз да, текст ичинде кандай милдет аткарып жаткандыгын айтып бер.

*198-көнүгүү.* Өзүң берген аныктаманы төмөнкү эреже менен салыштырып чык.

**Татаал сүйлөмдүн мындай түрүндө деле эки же бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр болот. Бирок мындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тең байланыштагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн айырмасы бар. Багыныңкы деп өзү эле айтып тургандай, бири баш ийген абалда болсо, экинчиси өзүнө баш ийдирген негизги бөлүк катары эсептелинген жөнөкөй сүйлөмдөн турат. Мисалы,** ***Пирамидалар дүйнөдөгү кереметтердин бири болуп,*** **деген жөнөкөй сүйлөмдү алсак, бул жерде сүйлөм түзүлүшү жагынан экинчи бир** ***тарыхта фараондордун урматына тургузулган алгачкы күмбөз катары эсептелет*** **деген сүйлөмгө көз каранды болуп тургандыгы ачык байкалат. Анткени биринчи сүйлөмдө ой берилгени менен бүткөн жөнөкөй сүйлөм катары ал жерде ой жыйынтыкталган жок.**

**Мында өз ара тутумдашып турган эки сүйлөм бирдиктүү бир ой-пикирди түзүшкөнү менен алардын бири багынып, ал эми экинчиси башкарып, бир татаал сүйлөмдү жаратып отурат. Алар эки сүйлөм катары көрүнсө да, бири экинчиси жок жашай албай турган кырдаалды көрсөтүп, экөөнүн тутумдашкан биримдигинен татаал багыныңкы сүйлөм пайда болду.**

*199-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн багынынкы татаал сүйлөмдү тап, сүйлөмдөр кантип байланышканын айтып бер.

### Тил – бул код

Код эмне экенин көпчүлүк адамдар билишпей, ал адам баласынын турмушунда өндүрүштө гана колдонула турган система катары эсептешет. Чынында кадимки адам баласынын күнүмдүк сүйлөшүүсүн камсыз кылып турган кептешүүнүн өзү эле код катары кызмат кылат. Анткени, ал белгилүү бир эрежеге баш ийүү менен адамды башкалар менен байланыштырып, аларга маалымат берүүчү жана маалымат алуучу кыймыл-аракетти түзөт. Албетте, эң оор системанын бири бул маалымат берүүчү лингвистикалык белгилерден турган тил болгондуктан, адамдар өз ара пикирлешүүдө гана тилди колдонушат. Анын кызык жери бардыгына түшүнүктүү эрежеге баш иет да, жалпы коомчулук тарабынан түзүлгөн сөздүктү пайдалануу аркылуу ишке ашырылат. Бирок адамдар сүйлөшүү үчүн башка тилдерди да колдонуп, алар аркылуу да өз ойлорун ишке ашырып келишет. Мисалы, кытайлар колдонуп келген иероглифти алса болот, анда көп же аз белгилерден турган чынжырчанын жардамы менен маалымат берүүчү ыктыярдуу коддор бар да, алар ойду берүү иш-чараларын жүзөгө ашырат.



? Өзүң сүйлөп жаткан тилге мурда маани берип, ушундай код катары карачу белең? Туура, маани берчү эмессиң, анткени, анын кандай түзүлө тургандыгына кызыкпагансың. Эми мындан ары кызыгасың деп ойлойм. Анткени тилдин түзүлүшүн, ал ошол түзүлүштө кандай милдет аткара тургандыгын билбесең, анда башкалардын алдында уят болуп каласың. Ошондуктан тилдин ички мыйзамдарын билүү сага окшогон жаштар үчүн өтө маанилүү.



Урматтуу досум! Сен бул жерде сүйлөмдөрдү окуп, татаал багыныңкы сүйлөм экендигин аныктай алдыңбы? Аныктасаң, анын багынынкы сүйлөм экендигин кантип таптың? Ырас, сүйлөмдөрдү маанилик жактан кантип ажыратуу керектигин сен буга чейин билип калгансың. Алар маанисине карата же айтылыш максатына ылайык жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнөрүн эсиңе түшүрүп жатасың деп ойлойм. Ал эми жогоруда келтирилген сүйлөмдөрдүн баш жана багынынкы экендигин кантип айырмаладың?

*200-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда анын түзүлүшүнө маани берип, баш жана багыныңкы деп ажыратчу белеӊ?

2. Кепте же сүйлөшүүдө татаал сүйлөмдүн багыныңкы жана баш сүйлөмдөрү кайсы учурда колдонулат деп ойлойсуң?

3. Жалаң багыныңкы татаал сүйлөмдөр колдонулса, жакшы маани береби? Ал угуп жаткан адамдын сезимине кандай таасир калтырат деп ойлойсуң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда жалаң багыныңкы татаал сүйлөмдөр болсун, алар кандай көркөмдүк мааниге ээ болгонун айтып бергиле. Тыныш белгилерин коюп, анын аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда багыныңкы татаал сүйлөмдөр болсун. Кайсы сүйлөмдөр багыныңкы татаал сүйлөмдөр экендигин, алардын колдонулуш максатын айтып, түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун айтып түшүндүргүлө.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда багыныңкы татаал сүйлөмдөрдү берүүгө аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Багыныңкы татаал сүйлөмдү кантип аныктадың, ал сүйлөмдөр текстте ойду туура жана таасирдүү берет деп ойлойсуңбу?

2. Багыныңкы татаал сүйлөмдү мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Кандай учурда багыныңкы татаал сүйлөм зарыл деп ойлойсуң?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү багыныңкы татаал сүйлөмдү туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

*201-көнүгүү.* Текст түз. Андагы багыныңкы татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.

**Татаал сүйлөмдүн тутумунда турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бирөө айтыла турган ойдун мезгилин, себебин, шартын, сыпатын, максатын, ж. б. касиетин билдирсе, экинчиси ошол айтыла турган ойду жыйынтыктап берет. Мындай татаал сүйлөмдөрдү *багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр* дейбиз.**

Татаал сүйлөмдө ойдун негизги жыйынтыктуу натыйжасын билгизген сүйлөм *баш сүйлөм* деп аталса, анын түркүн кырдаалын билгизип, ага баш ийген сүйлөм – *багыныңкы сүйлөм* деп аталат.

Эсиңде болсун, багыныңкы сүйлөм түзүлүшү жагынан гана баш сүйлөмгө көз каранды болбосо, ойду берүү жагынан өз алдынча тургандыктан, ал сүйлөм касиетин толук сактап турат. Ошондой эле бир багыныңкы татаал сүйлөмдө бир нече багыныңкы жөнөкөй сүйлөм болуп калышы да мүмкүн, бул сүйлөп жаткан адамдын чеберчилигине жараша болот.

*202-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерин кой да, эмне себептен ошол тыныш белгилерди койгонуңду айтып түшүндүр.

Жаш кезде берсин мээнетти карыганда берсин дөөлөттү жаш күчү менен кары кеңеши менен жел менен жарышпа көлөкөңдү кууба жел жүрбөсө чөптүн башы кыймылдабайт.

## ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮ ТАЛДОО ЗАРЫЛБЫ?

*203-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрүнө, жөнөкөй сүйлөмдөргө ажырат.

Жер куураса, алабата чыгат. Жерин сүйбөс эл болбос, элин сүйбөс эр болбос. Жокту жок издеген табат, жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат.

*Кыргыз макалдарынан*



Байкадыңбы, досум, адам сүйлөп жатканда кайсы сөзүм туура болду, кайсы сөзүм туура эмес болду деп ойлонот. Сен да ар бир сүйлөмдү айтардан мурда мына ошентип ойлоносуң, аны сездиңби? Эмне үчүн ушинтип ойлоносуң? Өзүң деле баамдадың, ар бир киши сүйлөй турган сөзү башкаларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушун каалайт.

*204-көнүгүү.* Сүйлөм түз да, аны кантип түзүп жатканыңды талдап көр. Мына ушул мезгилдеги абалыңды айтып бер.

Ырас, мындай учурда мен муну сүйлөмдүн ээси кылайын, муну баяндооч кылайын, ал эми буларды айкындооч мүчөлөр кылайын дебейт. Бирок туура сүйлөө талабы баары бир сүйлөмдүн ээсин да, баяндоочун да, айкындооч мүчөлөрүн өз ордуна коюуну шарттайт. Эгерде ар ким сүйлөмдү каалаган-

дай түзө бере турган болсо, бир кишинин оозунан чыккан сөз башка бирөөгө анча түшүнүктүү болбой калмак.

Ошондуктан адамдар мына тилдин түзүлүшүнө карай ажыратып, аны колдонууга карата улуттук тилди – белгилүү бир элдин тилин жаратса керек. Ал эми ал тил менен сүйлөгөн бардык адамдарга түшүнүктүү болуш үчүн анын туруктуу эрежелери иштелип чыккан сыяктанат. Эгер ошол эрежелер туруктуу болбосо, адамдар аны колдонгондо бири-бирине өз оюн так жеткире албай калмак.

*205-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Анын кайсы тарабына көңүл буруп жатканыңды айтып бер. Ошол мезгилдеги абалыңды төмөнкү ойлор менен салыштыр. Кандай абал болгонуна токтол да, сен кайсы тарабын изилдегениңди түшүндүр.

Элестетип көрсөң, адамдар өздөрү сүйлөп жаткан сүйлөмдүн кандай жолдор менен пайда боло турганына кызыкпайбы? Эмне үчүн адамдар өздөрү жашаган жерге, аны айланып жүргөн айга, андан ары күнгө, ал тургай алардын түзүлүшүнө кызыгышат да, ал эми өздөрү сүйлөп жаткан сүйлөмгө кызыкпашы керек. Албетте, адамдардын кызыгуусу ар кандай болгондой эле, алардын арасынан тилдин түзүлүшүн изилдөөгө кызыккан адамдар да чыкканын тана албайбыз. Мына ошол адамдар бизге тилдин кантип пайда болушун, андагы сөздөр кантип жасала тургандыгын изилдеп беришкен.

Алар биз сүйлөп жаткан сүйлөмдү майда бөлүктөргө ажыратып, алардын ар бирине ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч жана бышыктооч деген аталыштарды беришкен да, сага окшоп жаңыдан үйрөнүп жаткандар аларды адаштырып албас үчүн, талдап ажыратууну сунуш кылышкан.

*206-көнүгүү.* Төмөнкү түшүндүрмөнү окуп чык да, сунушталган эрежеге карата ойлоруңду айт.

Ырас, сүйлөмдүн ээсин сен экөөбүз жакшы билебиз, бирок сүйлөмдү талдай келгенде анын алдын бир сызык менен сызып коюуну билчү эмеспиз. Көрсө, сүйлөмдүн ээсин тапканда анын алдын _____ мына ушундай сызык менен сызуу керек экен. Ал эми окумуштуулар баяндоочту тапканда, анын астын ═════ ушул сыяктуу эки сызык менен сызууну сунуш кылышууда. Сүйлөм ичиндеги аныктоочту ~~~~ ушул сыяктуу толкун сызык менен белгилөөнү туура деп чечишкен.

Толуктоочтун астын үзүк-үзүк сызык — — — — менен сызышса, бышыктоочту чекиттүү үзүк —.—.—. сызыктар менен белгилеп жүрүшөт.

*207-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдүн талданышына көңүл бур да, ошол сыяктуу бир сүйлөмдү оозеки талдап бер.

Ал эми **Аюудан корккон адам токойго барбайт** деген жөнөкөй сүйлөмдү талдай келгенде ал төмөнкүдөй көрүнөт.

**Аюудан** эмнеден? деген суроого жооп берип, сүйлөмдө кыймыл-аракет багытталган затты көрсөтүү менен толуктооч болду. **Корккон** кандай? деген суроого жооп берүү менен адамдын белгисин көрсөтүп аныктоочтук милдетти аткарды.

**Адам** ким? деген суроого жооп берип, сүйлөмдө ойдун негизин ээлеп, ээлик милдетти аткарды.

**Токойго** кайда? деген суроого жооп берүү менен, кыймыл-аракеттин кайда багытталгандыгын көрсөтүп, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдетти аткарды.

**Барбайт** – эмне кылат? деген суроого жооп берүү менен ээнин кыймыл-аракетин көрсөтүп, сүйлөм ичинде баяндоочтун милдетин аткарды.



? Мунун баарын оозеки айтып берсе болот, бирок ушунун баарын жазуунун зарылдыгы барбы? Албетте, жок. Эгерде окуучулардын баары дептерине мына ушинтип жаза бере турган болсо, анда кыргыз тили сабагында бир гана сүйлөм талдоого мүмкүнчүлүк болмок. Ал эми бир сүйлөм менен талдоону үйрөнүүгө болобу? Болбойт.



Урматтуу досум! Тилчи-окумуштуулар тилди талдоодо башкалар кыйналбасын үчүн, астын сызып талдоону сунуш кылышкан. Эгерде сен билген болсоң, анда алдын сызган учурда кыйналбай чийип коёсуң да. Ал эми билбеген болсоң, анда адаптырып сызарың бышык.

## СӨЗ ЭМНЕГЕ ТӨЛ ЖАНА БӨТӨН СӨЗ БОЛОТ?

*208-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чык, алардан сен буга чейинки сүйлөмдөрдөн айырмаланган өзгөчөлүктү байкадыңбы?

– **Ак терек, көк терек,**
**Бизден сизге ким керек?**

– Жепирейген Жээнбек,
Келсин бизге тезирээк.

Ак терек, көк терек
Бизден сизге ким керек?
– Кетирекей Керимбек
Келсин бизге тезирээк!

*Кыргыздын оюн ырларынан*




? Бул ыр сага башталгыч класстан бери тааныш, бирок дал ушул төл жана бөтөн сөз бар экендигин билчү белең? Албетте, канча жолу ырдасаң да, анда айтылып жаткан ырдагы сүйлөмдөргө маани берүүчү эмессиң, туурабы? Сен бул ырды окуп жатып **төл жана бөтөн сөз** кайда экендигин таптыңбы? Жок. Туура таба албайсың, анткени мурдатан ага көңүл бурбагансың.



Урматтуу досум! Сөз качан «бөтөн» болот? Алгач «бөтөн» деген сөздүн берген мааниси тууралуу ойлонуп көрсөң, анан бул жерде айтылып жаткан ойдун мааниси сага бир кыйла түшүнүктүү болот. Маселен, «бөтөн» деген сөздүн маанисине келсек, ал сага таандык эмес, чоочун экендигин туюндуруп турат. Демек, сүйлөшүп жаткан сөздө да мына ушундай учур болот. Ал кайсы учурда болот? Ал сен сүйлөшүп жаткан маалда кимдир бирөөнүн сөзүн кайталап, аны ыгына жараша өз сөзүң кылып колдонсоң, бирок ал сеники эмес экендигин башкалар билип турса, андай сөздү бөтөн сөз деп алуу зарылдыгы турат.

Мисал катары келтирилген жогорку ырды сен меники деп айта аласыңбы? Ойлонуп көрсөң, меники деп айтууга болобу? Айта албайсың, анткени бул ырды сен өзүң чыгарган эмессиң. Бул ырдын эл арасында ырдалып жүргөнүнө бир кылымдан ашты, анан кантип сен аны меники деп айта аласың. Демек, ал сага бөтөн болуп жатабы, бөтөн болуп жатат. Бирок бул жерде анын бөтөндүгү билинеби? Билинбейт. Эми анын бөтөндүгүн кантип аныктоого боло турганына келели.

*209-көнүгүү.* Төмөнкү көз карашты окуп, ага карата өз оюңду билдир.



Пикир алышууда өзүбүздүн сөзүбүз менен бирге башка бирөөнүн сөздөрү да колдонулат. Башкача айтканда турмуштук зарылдыктан улам, адам бардык эле учурда өз сөзүн колдоно бербейт. Айтылып жаткан оюн тактоо максатында кимдир бирөөнүн сөзүн пайдаланат. Турмушта бардык эле учурда адамга өзүнө чейин колдонуп келген билимди, турмуштук тажрыйбалар-

ды, ал тургай оюнду, анын даяр эрежелерин пайдаланууга туура келет.

Сүйлөө учурунда башка бирөөдөн алынган сүйлөм **бөтөн сөз** деп аталат. Ал эми сүйлөшүүдө өзүнө таандык сүйлөм **төл сөз** болот.

*210-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, алардын кайсынысы төл сөз жана кайсынысы бөтөн сөз экендигин айтып бер. Эмне үчүн андай пикирге келгениңди далилде.

**Хан Жаныбек каарын төгүп, ар түрдүү кыстоо салмакчы болуп Жээренче чеченге желдет жиберди. «Эртең Жээренче чечен алдыма келсин. Келгенде ат минбесин, төө минбесин, жөө да келбесин. Жол менен да келбесин, жолсуз жер менен да келбесин», – деп буйрук берет. Жээренче чечен муну укканда катуу капа болду. Келини Акыл Карачачка айтып берди. Анда Акыл Карачач атасына: «Эрте туруп, текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы кыры менен барыңыз. Хан сураса, ат, төө мингеним жок, теке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, кыр менен келдим деп жооп бериңиз. Хан Жаныбек ошондо сөзгө жыгылат», – деди.**

*Кыргыз эл жомогунан*



Байкадыңбы досум! Башка бирөөнүн сөзүн сүйлөшүүдө ошол турушунда пайдалансаң, бөтөн сөз боло тургандыгын билдиң, ал эми кеп болуп жатканда сага гана тиешелүү болгон сөздөр төл сөз экендигин да түшүндүң. Ал эми турмушта төл жана бөтөн сөздөр күнүгө колдонулат.

*211-көнүгүү.* Өзүң турмушта колдонуп жаткан төл жана бөтөн сөздөрдөн мисал келтир. Аларды эмне себептен төл жана бөтөн сөз дегениңди далилде.

*212-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдүн төл жана бөтөн сөздөрүн тап, тыныш белгилерин кой. Эмне себептен ушул тыныш белгилерди койгонуңду далилде.

**Кыргыз элинде «Ырыс алды – ынтымак» деген макал бар. Эл арасында «Билимден кубаттуу күч жок» деп айтылып келет. Эшиктен кирип келген чоң атага Акдила отуруң деп орун бошотуп берди. Мырзайым дайыма эжейине саламат болуңуз деп коштошуп кетет.**

## БӨТӨН СӨЗДҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА АЛАРГА КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕР

*213-көнүгүү.* Топ менен иштегиле. Төмөнкү сүйлөмдөргө тыныш белгилерди койгула, эмне үчүн ушундай тыныш белгилерди койгонуңарды айтып түшүндүргүлө.

1. Ханга эмнеге барасын?
Өзүмчө жумуштап эле.
Хан чакырыптырбы?
Жок.

2. Анда жигит Сен туруп тур, мен ханга барып айтайын деп кирип кетет да Таксыр ханым, сизге бир адам келди. Көтөргөн кабы бар, кирүүгө уруксат сурайт деди. Хан Кирсин деп уруксат берди.

3. Хан жарлык берди. Кимдин букасы менин букамды ушул чийинден сүзүп чыгарса, мөрөй ошонуку болот. Жарлыкты уккан кедей менин букам арык болсо хандын букасын кантип жеңмек эле деп ойлоду. Ошондо кедейдин букасы сен мени тиги мелдешке сал. Кеп арык семизде эмес, кеп кайратта деди.



**? Тыныш белгилерди кандай эрежеге негизделип койгонуңарды айтып бергиле. Аны силер мурда колдончу беленер, колдонгон болсоңор кандай учурда пайдаланганыңарды чечмелеп түшүндүргүлө.**



**Урматтуу досум! Сабаттуулук мына ушул тыныш белгилерден башталат. Ага абдан көңүл буруу сенин милдетиң. Тыныш белгилерди коё билүү чон чеберчилик болуп саналат. Аны туура колдоно билүү эне тилиндеги жазуу иштеринде сабаттуулугуңду көрсөтөт.**

*214-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

**1. Буга чейин сүйлөм түзүп жатканда төл жана бөтөн сөздүн түзүлүшүнө маани берип, аларды ажыратчу белең?**

**2. Кепте же сүйлөшүүдө төл жана бөтөн сөз кайсы учурда колдонулат деп ойлойсуң?**

**3. Кептешүүдө жалаң төл жана бөтөн сөз колдонулса, жакшы маани береби? Ал угуп жаткан адамга кандай таасир калтырат деп ойлойсуң?**

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда жалаң төл жана бөтөн сөз болсун, алар кандай көркөмдүк мааниге ээ болгонун айтып бергиле. Тыныш белгилерин коюп, анын аткарган кызматын түшүндүргүлө.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда төл жана бөтөн сөз катышсын. Кайсы сүйлөмдөрдө төл жана бөтөн сөз бар экендигин, алардын колдонулуш максатын, тыныш белгилеринин коюлушун айтып түшүндүргүлө.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда төл жана бөтөн сөздү катыштырууга аракеттенгиле. Ал кайсы сүйлөмдөр менен жүзөгө ашканына түшүндүрмө бергиле, тыныш белгилерине көңүл бургула.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Төл жана бөтөн сөздү кантип аныктадың, ал катышкан сүйлөмдөр текстте ойду туура жана таасирдүү берет деп ойлойсуңбу?
2. Төл жана бөтөн сөздү мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Кандай учурда төл жана бөтөн сөз зарыл деп ойлойсуң?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү төл жана бөтөн сөздү туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен кантип өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

*215-көнүгүү.* Текст түз. Андагы төл жана бөтөн сөздү катышкан сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.



**Бөтөн сөз төл сөздөн мурда да, андан да кийин да колдонулушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу тыныш белгиси төмөнкүдөй коюлат:**

**1. Бөтөн сөз төл сөздөн мурда келсе, эгер ал жай сүйлөм болсо, өзүнөн кийин үтүрлүү сызыкча (, – ), ал сүйлөм суроолуу болсо, суроо белгиси менен сызыкча (? – ), илептүү сүйлөм болсо, илеп белгиси менен сызыкча (! – ) коюлат.**

**2. Бөтөн сөз төл сөздөн кийин келсе, өзүнөн мурда кош чекит ( : ) коюлуп, биринчи сөзү баш тамга менен жазылат.**

**3. Бөтөн сөз төл сөздүн ортосуна келсе, төл сөздүн биринчи бөлүгүнөн кийин кош чекит ( : ) келип, андан соң бөтөн сөз тырмакчага (« ») алынып, андан кийин сүйлөмдүн маанисине жараша үтүр, суроо белгиси, илеп белгиси менен сызыкча коюлуп, анан төл сөздүн экинчи бөлүгү келет.**

*216-көнүгүү.* Өзүң турмушта колдонуп жүргөн төл жана бөтөн сөздөрдөн мисал келтир. Аларды эмне себептен төл жана бөтөн сөз дегениңди далилдеп, эреже боюнча тыныш белгилерин кой.

*217-көнүгүү.* Төмөнкү мисалдардын тыныш белгилерин кой, ал белгилерди кайсы эреже менен коюлганын айтып бер.

**«Билимден кубаттуу күч жок» деген макал бар. Шаардан цирк келиптир деди досум Алмаз. Кыргыздын айтканы бар суу ичкен кудугуна түкүрбө. Энем нанды кесир кылба деп айта берет.**

## ФОНЕТИКА ДЕГЕН ЭМНЕ?



**Урматтуу досум! Биз сүйлөп же сүйлөшүп жаткан тил сөз жана сүйлөмдөрдөн турарын билдик, үйрөндүк. Биз сүйлөшүп жаткан сүйлөмдү курап жаткан сөз андан да майда бөлүкчөлөргө бөлүнө тургандыгын билесиңби? Билесиң, аны сен башталгыч класстардан бери эле окуп келе жатасың. Азыр биз буга чейин сага тааныш айрым түшүнүктөрдөн баштайлы.**

*218-көнүгүү.* Төмөнкүлөр тыбышпы же тамгабы? Эсиңде барбы, тыбыш деп эмнени айтабыз? Тамга деп эмнени айтабыз?

**а, аа, э, ээ, ы, ю, я, й, в, ч, е.**

*219-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдө канча тамга, канча тыбыш бар?

**1. Ата, отоо, өт, эттүү.**
**2. Коон, он, тон, коён.**
**3. Жаан, жан, жабуу, таяк.**

*220-көнүгүү.* Төмөнкү эреже-сунушту окуп, өзүң тыбыш менен тамганы канчалык туура тапканыңды аныкта. Кайсы жерде кемчилик кетиргениңди айтып бер.



**Ар адам сүйлөгөндө үн чыгарат. Ал үндөрдүн айрымдары бизге түшүнүктүү болсо, кээ бирлери түшүнүксүз болот. Дал ошол бизге түшүнүктүү болгон үндөр тыбыштар деп аталат.**

**Ал эми сөз болсо мына ошол түшүнүктүү тыбыштардан жасалат. Мисалы, «Мен» деген сөздү алсаң, ал м, э, н деген үч тыбышты м+э+н (мен) деп кошуудан пайда болду. Ырас, бул жерде тыбыштардын өз ара кошулуусу эмес, алар берген маани башкы орунда турат.**

**Дал ошол тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү ФОНЕТИКА деп аталат.**

*221-көнүгүү.* Төмөнкү мисалдарды кара, алардын кайсынысы сөз болду, ал эми кайсынысы сөз болгон жок, далилде.

**Битир, Токмок, слуттуга, чейин, кчрмта, этибар, йыфусац, албасаң, керек, лип.**



? Келтирилген мисалдардын сөз же сөз эместигин, кандай эрежеге негиздеп ажыратканыңарды айтып бергиле. Силер сөздүн жасалышына маани берчү беленер, Сөздөрдү кандай учурда пайдалана турганыңарды чечмелеп түшүндүргүлө.



Урматтуу досум! Тыбыш менен тамгаларды билүү сабаттуулукка алып барат. Ага абдан көңүл буруу сенин милдетиң. Тыбышты билүү чоң чеберчилик болуп саналат. Ал эми тамганы туура колдоно билүү эне тилиндеги жазуу иштеринде сабаттуулугуңду көрсөтөт.

*222-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сүйлөшүп жатканда сөздүн түзүлүшүнө маани берип, аларды ажыратчу белең?

2. Кепте, же сүйлөшүүдөгү сөздө тыбыш менен тамганын ордун айтып бере аласыңбы?

3. Кептешүүдө тыбышсыз сөз болобу? Тыбыш угуп жаткан адамга кандай таасир калтырат деп ойлойсуң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, тыбыш жана тамга боюнча ажыратып, айтып бергиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир сөздөргө тыбыш жана тамга боюнча талдоо жүргүзгүлө. Өз көз карашыңарды айтып бергиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Бир нече сөздү алып, тыбыш жана тамгага ажыраткыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Тыбыш менен тамганы кантип аныктадың, алар сөздөр, текстте ойду кандай мааниде бергенин айтып бере аласыңарбы?

2. Тыбыш менен тамганы мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Тыбыш менен тамганын турмушта орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү тамганы туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен өздөштүргөнүңдү далилдеп, текст түз.

*223-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Анын түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.



**Сөз тыбыштардан турат. Мисалга «билим» деген сөздү алалы, ал б, и, л, и, м деген беш тыбыштан куралды. Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба кекиртек аркылуу үн жылчыгын аралап өтүп, үн түйүндөрүн дирилдетет. Ошол термелүүдөн тыбыш жаралат. Кишинин үн түйүндөрү бир секундада 40тан 17000ге чейин термеле алат. Тыбыштарды жасоого тил, тиш, эрин, жаак, таңдай, ооз жана мурун көңдөйлөрү да катышат.**

## ТЫБЫШ МЕНЕН ТАМГАНЫ КАНТИП АНЫКТООГО БОЛОТ?

*224-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Андан тыбыштын түзүлүшүн жана тамганын жазылышын аныкта.

*225-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Чымырkануу, заарkануу, коёюн, ашуу, боёк, шаардыктар, кылаа, кашаа, дүрмөт.**

*226-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдү тыбыш жана тамгага ажырат. Көз карашыңды далилде.

### Чындык сөз – ачуу

*227-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Андагы сөздөрдүн түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.



**Сөз жасоого катышкан үн, шыбыштар – тыбыш болуп эсептелет. Алар кыргыз тилиндеги тыбыштарга карата окумуштуулардын көз караштары ар түрдүү.**

**Ал эми ошол тыбыштар кыргыз тилинде 36 тамга менен белгиленет.**

**Алардын эң негизги өзгөчөлүгүнө таянсак, тыбышты айтабыз жана угабыз. Ал эми тамганы жазабыз жана көрөбүз.**

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР КАНТИП АЙЫРМАЛАНАТ?

*228-көнүгүү.* Төмөнкү тыбыштардын түзүлүшүн жана тамганын жазылышын аныкта.

**а, аа, о, оо, э, ээ, ө, өө, у, уу, ы, и.**

*229-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштарга карата эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Жаман – чөйчөктөгү сууга чөгүп өлөт.**

*230-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Андан үндүүлөрдү тап, түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүң канчалык туура жазганыңды аныкта.



**Сүйлөгөндө аба ооз ичинде эч кандай тоскоолдукка учурабай, эркин чыгып, үндүн катышы менен айтылган тыбыштар үндүү тыбыштар деп аталат. Андай тыбыштар кыргыз тилинде 14. Алардын сегизи кыска үндүү, ал эми алтоо созулма болуп эсептелет.**

**Кыска үндүүлөр: а, э, о, ө, у, ү, ы, и.**

**Созулма үндүүлөр: аа, ээ, оо, өө, уу, үү.**

*231-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштар боюнча эмне үчүн ушундай ойго келгениңди айтып бер.

**Каар, таар, катаал, татаал, тааныш, укмуштуу, эртерээк, суусундук, баалуу, коёндой, таяк.**

*232-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түз. Аларды тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштар боюнча пикириңди билдир.

**Бор, боор, адам, аалам, сур, суур, эр, ээр, жоокер, ыраазычылык.**

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАРДЫН ЧЕКСИЗ БОЛУШУ МҮМКҮНБҮ?

*233-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштар боюнча түшүнүгүңдү айтып бер.

**Жаман аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк.**

*234-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштар боюнча эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Э – ээ-эй! Бактыбек, Эсиңе кел, Артка тарт! Ыр эмес бекен! Бали-и!**



Урматтуу досум! Мына бул мисалдарда келтирилгендей, үндүү тыбыштарды айтып жаткан мезгилде каалагандай созо берүүгө болот. Бирок кыргыз тилинде ар бир тыбышты, ар бир сөздү жазуунун эрежеси бар. Биз баарыбыз жаза келгенде ошол мыйзам-эрежеге баш иебиз. Аны **орфографиялык эрежелер** деп аташат. Ошондуктан, созулма үндүүлөрдү эки тамгадан ашык тамга менен белгилөөгө болбойт.

*235-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Андан созулма үндүүлөрдү тап, түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүн канчалык туура жазганыңды аныкта.



Үндүү тыбыштар жаак, тил жана эринге карата үчкө бөлүнөт.

1. **Жаакка карата:**
   1) кең үндүүлөр: а, аа, о, оо, ө, өө, ээ.
   2) кууш үндүүлөр: ы, у, уу, ү, үү, и.
2. **Тилге карата:**
   1) жоон үндүүлөр: а, аа, о, оо, ы, у, уу.
   2) ичке үндүүлөр: ө, өө, э, ээ, ү, үү, и.
3. **Эринге карата:**
   1) эринсиз үндүүлөр: а, аа, ы, э, ээ, и.
   2) эринчил үндүүлөр: о, оо, у, уу, ө, өө, ү, үү.

*236-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат. Үндүү тыбыштар боюнча эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.**

## ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН САНЫН КАНТИП АНЫКТАЙБЫЗ?

*237-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн үнсүз тыбыштардын түзүлүшүн жана тамга катары жазылышын аныкта.

**Карга, карта, күн карама, кофта, гүл, гамбургер, газета, журнал, Жума, Жумгал.**

*238-көнүгүү.* Сүйлөм түз. Андан үндүздөрдү тап, түзүлүшүн жана жазылышын төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүн канчалык туура жазганыңды аныкта.

**Үнсүздөрдү айтканда, өпкөдөн чыгып келе жаткан аба сүйлөө органдарынын биринде толук же жарым-жартылай тоскоолдукка учурайт. Үнсүз тыбыштар экиге бөлүнөт. Биринчиси жумшак үнсүздөр: б, в, г, д, ж, з, л, й, м, н, ң, р. Булар үн менен шыбыштардан турат.**

Экинчиси, жалаң шыбыш аркылуу айтылат, алар каткалаң үнсүздөр деп аталат: к, п, с, т, ф, х, ч, ш тыбыштары.

Ошондой эле үнсүздөр түгөйлүү ( б–п, г–к, в–ф, д–т, з–с, ж–ч) жана түгөйсүз (х, ш, н, ң, р, й, л) болуп экиге бөлүнөт.

*239-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү үнсүз тыбыш боюнча ажырат. Үнсүз тыбыштар боюнча эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Жарды байга жагынам деп, жалгыз эчкисинен ажыраптыр.**

*240-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн каткалаң үнсүз тыбыштарды тап. Каткалаң үнсүз тыбыштар боюнча эмне үчүн ушундай ойго келгениңди айтып бер.

**Жашка – кызмат, карыга – урмат.**

*241-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн жумшак үнсүз тыбыштарды тап. Жумшак үнсүз тыбыштар боюнча эмне үчүн ушул көз карашка келгениңди айтып бер.

**Жаш – улук эмес, акыл – улук.**



**Урматтуу досум, кыргыз тилинде оозлон чыккан шыбыштын баары тең сөз жасоо кудуретине ээ боло бербейт. Ал эми ошол сөз жасоо кудурети бар шыбыштар кыргыз тилинде 22 экендигин окумуштуулар белгилеп жүрүшөт. Алардын арасында тыбыштык касиети боюнча талаш-тартышка түшкөн үнсүз тыбыштар да бар. Ырас, ал жөнүндө өзүңөр билип койсоңор болот.**

*242-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн каткалаң үнсүз тыбыштарды тап. Алар жасалуу ордуна карай кайсы түрүнө кире тургандыгын аныктап айтып бер.

**Жаш чыбыктын ийилгени – сынганы, жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.**

*243-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөн каткалаң үнсүз тыбыштарды тап. Каткалаң үнсүз тыбыштарды жасалуу ордуна карай бөлүштүрүп, эмне үчүн ушундай көз карашка келгениңди далилдеп бер.

**Илим – турмуш чырагы, өнөр – эрдин куралы.**
**Жердин көркү – эгин, эрдин көркү – билим.**

## ГРАФИКА, ОРФОЭПИЯ ЖАНА ОРФОГРАФИЯ ДЕГЕНДИ БИЛЕСИҢБИ? ГРАФИКА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК



Урматтуу досум! Кагазга түшүрүлгөндүн баарын биз жазуу дейбиз. Ал эми тил илиминде дал ошол жазуунун эрежелерин, өзгөчө тамгалардын жазылышын башкарып турган бөлүм бар, аны тил илими графика деп атайт.

Графика – түпкү теги жагынан грек сөзү. Ал grapho – жазамын деген сөзүнөн алынган. Андан graphike сөзү жасалып, «сүрөт тартуу өнөрү», «ошол өнөргө тиешелүү чыгарма» деген маанилерди билдирип калган.

Графика тил илиминде да термин катары пайдаланылып, эки маанини билдирет:

1. Белгилүү бир жазуу системасына тиешелүү бардык каражаттардын жыйындысы.

2. Тилдин фонетикалык системасы жана жазууда колдонулган белгилердин карым-катышы.

Графика тилдеги тыбыштардын тамгалар аркылуу белгиленишин, тамгалардын тыбыштык маанилерин жана алардын окулуш эрежелерин үйрөтүүчү илим катары каралат.



Тилдин тыбыштык жагын туюндуруу үчүн колдонулган белгилер жалпысынан графикалык каражаттар деп аталат.

Булар эки топко бөлүнөт:

1) графикалык тамга белгилер;

2) графикалык тамга эмес белгилер.

1. Тамгалык графикалык белгилер дегенибиз – тилдин тыбыштарын белгилөө үчүн тамга катары колдонулган белгилер. Мунун эң негизги көрүнүшү – алфавит. Бирок кандайдыр бир тилдин жазуу системасында пайдаланылган тамгалардын бүт бардыгынын алфавиттен орун алышы милдет эмес. Мисалы, кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдү билгизүүчү тамгалар: аа, оо, өө, үү, уу, ээ кыргыз алфавитинде өзүнчө турган тамга катары көрсөтүлбөйт. Андан тышкары алфавитте өзүнчө тыбышты билгизбеген тамгалар (мисалы, ь, ъ белгилери ) болушу мүмкүн.

2. Тамга эмес графикалык белгилер кандайдыр бир тыбышты билгизе албаган графикалык белгилер болуп саналат. Аларга басым белгиси, тыныш белгилери, апостроф, параграфтын белгиси, сөз арасындагы ачык тилкечелер, главалардын, параграфтардын арасындагы ачык тилкечелер, курсив ж. б. кирет.

# ОРФОГРАФИЯ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК



Урматтуу досум! Кыргыз тилинде ар бир сөздү жаза турган эрежелер бар. Алар тил илиминде орфография деген термин менен берилет.

Орфография (гр. orthos түз, туура + rapho) сөздү, анын бөлүктөрүн, сөз айкашы менен сүйлөмдөрдү туура жазуунун эрежелеринин системасы болуп саналат. Анын нормаларын жетекчиликке алуу жазуу речинин маданиятын өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзөт. Чынында сабатсыз жазылган болсо китепти эмес, аманат катты да окуу кыйын. Мындай учурда ар бир ката сени мүдүрүлтүп тургандай сезилет. Кээде жазылганды түшүнүүгө да болбой калат.

Орфография тилде төмөнкүдөй милдеттерди аткарат:

а) сөздөрдүн жана алардын унгу, мүчөгө карай тыбыштык түзүлүшүнүн жазылышы;

б) сөздөрдүн бирге, жарым бирге (дефис аркылуу) же ажыратылып (айрым) жазылышына көрсөтмө берет;

в) баш тамга менен кичине тамгалардын колдонулушу;

г) сөздөрдү бир саптан экинчи сапка ташуу – ташымал эрежелерин өзүнө камтыйт.

Жогорку эрежелерди иштеп чыгуу үчүн орфографиялык принциптер жетекчиликке алынат.

1. **Морфологиялык принцип** сөздөрдү, унгу жана мүчөлөрдү ар түрдүү өнүттө белгилүү даражада айырмаланып айтылышына карабастан, бирдей жазуу принциби болуп саналат.

Морфологиялык принцип сөздөрдүн унгу, мүчөлөрүнүн жасалышын талдоодо олуттуу мааниге ээ болот. Ал сөз формаларын, тектеш (унгулаш) же мүчөлөш сөздөрдү туура табууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

2. **Фонетикалык принцип** сөздү, анын морфемаларын кандай айтылса, ошондой жазуу принциби болуп саналат. Буга кыргыз тилиндеги мүчөлөрдүн жазылышы айкын далил болот. Мүчөлөр унгудагы тыбыштарга ылайык фонетикалык бир нече вариантта өзгөрүлөт. Алар жазууда чагылдырылат: Мисалы, *аталар, энелер, кагаздар, бешиктер, койлор* ж. б.

3. **Салттуу принцип** сөздөрдү тилдин азыркы этаптагы абалына карата эмес, мурунтан келе жаткан салтка ылайык жазуу принциби болуп эсептелет. Мисалы, *район* деп жазылат, *раён* эмес.

## КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ КАНТИП ПАЙДА БОЛГОН?

*244-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдө канча тамга бар экендигин аныктап, алардын жазуудагы алфавиттик ордун айтып бере аласыңбы?

Кайгы өмүрдү кесет, калп ырысты кесет.

*245-көнүгүү.* Азыр колдонулуп жаткан кыргыз алфавити жөнүндө маалыматың барбы, эгер болсо сен ал маалыматты кайдан алганыңды айтып бере аласыңбы?

*246-көнүгүү.* Төмөнкү аныктаманы окуп, өзүңдүн буга чейинки ойлоруң менен салыштыр. Кайсы жерден ката кетиргениңди айтып бере аласыңбы?



**Жазууда колдонуу үчүн кандайдыр бир тарыхый кырдаалда пайда болгон белгилүү орунга келтирилип жайгаштырылган тамгалардын жыйындысы сөзсүз болот. Азыркы учурда дал ошол иретке келген тамгалардын жыйындысын *алфавит* дейбиз.**



**Урматтуу досум! Бул сөз грек тилиндеги алгачкы эки тамганын аталышынан пайда болгонун билесиңби? Эгер чечмелей келсек, алардын бири – «альфа», экинчиси «вита» деп аталган да андан ары уланып кеткен тамгалардын иретин мына ушул аталыш менен берип жүрөт.**

**Сен билесиңби, алфавиттеги тамгалардын жайгашкан тартибин билүүнүн орчундуу мааниси бар. Анткени сөздүктөр, картотекалар, адамдардын фамилиясы, аты катталган расмий тизмелер дайыма алфавит тартибинде түзүлөт.**

*247-көнүгүү.* Кыргыз алфавитинде тамгаларды катар тартиби менен жатка айтып бер. Алардын аталышын үйрөн.

*248-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөгү сөздөрдү алфавит тартибинде жайгаштыр.

**Калем менен жазганды балта менен өчүрө албайсың.**

*249-көнүгүү.* Класстагы окуучулардын тизмесин алфавиттик тартипте түзгүлө.



? Окуучулардын тизмесин кандай эрежеге негизделип түзгөнүңдү айтып бер. Сен сөздүн алфавиттик тартипте жазылышына маани берчү белең, кандай учурда пайдаланганыңды чечмелеп түшүндүрө аласыңбы?



**Урматтуу досум! Алфавитти билүү чоң чеберчилик болуп саналат. Ал эми тамгаларды туура колдоно билүү эне тилиндеги жазуу иштериндеги сабаттуулугуңду жана маданияттуулугуңду көрсөтөт.**

*250-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта тамгалардын алфавиттик тартибин колдонгон учуруң болду беле?
2. Жазуу иштеринде алфавитти колдонууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта алфавит көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, аларды алфавиттик тартипте жайгаштыргыла. Ар бир тамгага бирден сөз келгендей болсун.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир сөздөрдү алып, аларды алфавиттик тартипте жазгыла. Анда ар бир тамгага мисал болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андагы сөздөрдү алфавит боюнча жайгаштыргыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Алфавитте ар бир тамганын ордун кантип аныктадың, алар турмушта кайсы жерде, кандай мааниде колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Алфавитти мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Алфавиттин сенин турмушуңда орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү алфавитти туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык даражада өздөштүргөнүңдү далилде.

*251-көнүгүү.* Алфавит боюнча сенде пикир пайда болду, аны төмөнкү эрежеге салыштырып көр. Өзүңдүн көз карашың канчалык туура экендигин аныкта.

Кыргыз алфавитинде 36 тамга бар. Тамгалардын басма түрү, жазма түрү жана баш тамга, кичине тамга деген төрт түрү бар. Бир тилдеги сөздөрдү жазуу үчүн макулдашып кабыл алынган тамгалардын тизими алфавит болууга тийиш.

Бүт тилдеги тыбыштарды так жазууга негизделген бир да алфавит болбойт. Андай жазууну илимий транскрипциядан гана көрүүгө мүмкүн.

Өз тилинде жок чет тилдик тыбыштарды кошуп жазууга негизделген алфавит – тилдин табиятын өзгөртөт. Андай жаңычылдыктын көп болушу эне тилге зыян келтирет.

*252-көнүгүү.* Текстти окуп чык да, сөздөрдү алфавит боюнча жайгаштырып, дептериңе көчүр, өзүңдүн билимиң канчалык туура экендигин аныкта.

**Кыргыздар азыр орустардын кириллицасынын негизинде кабыл алынган алфавитти колдонушат. Аны Кыргыз мамлекети 1940-жылы колдонууга киргизген.**

*253-көнүгүү.* Тамгалардын баш жана кичине боло тургандыгын сен качантан баштап билесиң? Билсең, аны кайдан үйрөндүң эле, мына ошол тууралуу айтып берсең?

*254-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдө баш тамгалар кайсы жерге келиш керек деп ойлойсуң?

**калп айтып пайда тапкандан, чын айтып зыян тапкан жакшы. канаты менен учкан, куйругу менен конот. карайлаган там сүзөт. кара кыздын агынан эмес – багынан.**

*255-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдө баш тамгалар туура жазылганбы?

**Күн өткөн сайын Гүлдөп бара жаткан шаарлардын бири – Бишкек. Ал өзүнүн Кооз курулуштары менен сырттан келгендерди таң калтырууда. Арабиядан келген ахмед бишкектин кооздугуна суктанып кеткиси жок. Силер ушул Шаарга суктанбай кантип жашап жүрөсүңөр дейт. Америкалык жек да бишкекти жактыра тургандыгын жашырган жок. бишкекке келгендердин баары суктанышат.**

*256-көнүгүү.* Өзү оңдоп чыккан сүйлөмдөрдү төмөнкү эреже менен салыштыр. Сүйлөмдөргө баш тамгаларды туура койгонуңду аныкта. Туура эмес болсо, эмне себептен мындай ката кетиргениңди айтып бер.



Кыргыз орфографиясынын эрежелерине ылайык ар бир сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат. Мисалы, *Ала-Тоодон кар кете элек.* Энчилүү аттар дайыма баш тамга менен жазылат. Мисалы, *Бөрүбасар короочу боло турган.*

Бир эле сөз энчилүү жана жалпы ат катары колдонулса, аларды айырмалап жазуу үчүн энчилүү аттар баш тамга менен жазылат. Тактап айтканда, мындай сөздөрдүн жалпы аттарын кичине, ал эми энчилүү аттарын баш тамга менен жазабыз. Мисалы: *ажар – Ажар, бакыт – Бакыт, ырыс –Ырыс, таалай –Таалай, жылдыз – Жылдыз, салкын – Салкын, жеңиш – Жеңиш, жаркын –Жаркын ж.б.*

Кээ бир учурда урматтоо сыйлоо иретинде айтылган сөздөр да баш тамга менен жазылат. *сиз – Сиз, адам – Адам ж. б.*



? Сен баш тамгаларды жазууда кыйналган учуруң болдубу? Кайсы учурда кыйналганыңды айтып бере аласыңбы?



Урматтуу досум! Жогоруда белгиленген эреженин иштелип чыккандыгына карабастан, орфографиялык эрежелер тилибиздеги орун алган бардык көрүнүштөрдү толугу менен камтый албайт. Адабий тилдин орфографиялык ченемдери бир калыпта келип, ар кандай башаламандыктардан арылуу акырындык менен гана ишке ашат. Бул үчүн адабий тилибиздин лексикасы мүмкүн болушунча толук камтыган жазуу эрежелеринин практикада жетекчиликке алынышы зарыл.

Демек, эне тилин жакшы билүү андагы сөздөрдү билүү же үйрөнүү эмес, ошол тилде сабаттуу жазуу иштери менен да аныкталат.

Ар бир тамганын жазуу эрежеси бар экенин билесиңби?

*257-көнүгүү.* Тамгалардын жазуу эрежесин билесиңби? Алардын басма жана жазма боло тургандыгынан маалыматың барбы? Билсең аны кайдан үйрөндүң эле, мына ошол тууралуу айтып берсең?



Урматтуу досум! Азыркы учурда көпчүлүк адамдар басма түрүндөгү тамгалар менен жазып жүргөнүн байкап калып жатасың. Сен андай көрүнүшкө азгырылба. Анткени ар бир нерсенин өз шарты менен болгону жакшы. Эгер баарын бир тамга менен белгилеп коюуга боло турган болсо, анда биздин ата-бабаларыбыз тамгалардын жазма түрүн ойлоп чыгарбайт эле да, сен кандай ойлойсуң?

## Э, Е ТАМГАЛАРЫНЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

*258-көнүгүү.* Э жана Е тамгаларын буга чейин көп эле колдонгонсуң, алардын сүйлөм ичинде колдонулушун айтып бере аласыңбы?

*259-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр туура жазылганбы? Эгер ката деп эсептесең эмне себептен ушундай чечимге келгениңди айтып бер.

**Элэк, эрмэн, Европа, кийэт, тайэнэ, тэрэк.**

*260-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн арасынан ката жазылган сөздөрдү тап, эмне үчүн ушундай пикирге келгениңди түшүндүр.

**Дэптер, Кэңэшбек, поэма, энергия, емгэк, элэмэнт.**

*261-көнүгүү.* Өзүң тууралаган сөздөрдүн канчалык туура экендигин төмөнкү эреже менен текшер.



**Кыргыз тилинин кабыл алган эрежеси боюнча төл сөздөрдө э тыбышы Э тамгасы менен, ал эми сөз ортосунда жана аягында Е тамгасы менен жазылат. Мисалы, *элек, эбелек.***

**Кыргыз тилинде э тыбышы кыска жана созулма болгондуктан, созулма ээ тыбышы бардык учурда бирге жазылган эки Э тамгасы менен белгиленет. Эгерде ээ тыбышы сөз башына келсе, тамганын биринчиси баш тамга, экинчиси кичине тамга менен жазылат. Мисалы, *Ээр, ээк, ээн.***

**Кыргыз тилинде Е тамгасы айрым учурда эки тыбышты да белгилеп калат. Мындай учурда ал орус тилиндеги бириккен тамга (й+э) катары колдонулат. Мисалы, *кийэт* деген сөз *киет* болуп жазылат. *Ийэт* эмес, *иет.***

**Кыргыз орфографиясында орус тилинен кирген сөздөр негизинен орус тилинде кандай жазылса, кыргыз тилинде ошондой жазылат. Мисалы, *аэропорт, аэродром, поэма.***



**? Мына бул эрежеде берилген сөздөрдү сен мурда турмушта колдончу белең? Эгер колдонсоң, аны тип жазууну кантип үйрөнгөнүңдү айтып берсең.**



**Урматтуу досум! Жазуу эрежелери бир нече кылымдап калыптанат. Кыргыздын мына бул жазуу эрежелеринин колдонулушуна бир кылымга жакын убакыт болуп калды. Ошондуктан, аны ар бир жаран сыйлап, урмат көрсөтүп, колдонууга тийиш. Сен да кыргыз элинин келечектүү урпактарынын бири болгондугуңдан кийин жазуу эрежелерин туура жана так колдонууга милдеттүүсүң.**

## Я, Ю, Е, Ё ТАМГАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ТЫБЫШТЫК МААНИЛЕРИНДЕГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*262-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөргө көңүл бур, алар туура жазылган деп эсептейсиңби?

**айуу, сойуу, сайуу, койуу, айоо, бойоо.**

*263-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн я, ю, е, ё тамгаларын таап, алардын тыбыштык касиетине көңүл бур. Кандай өзгөчөлүктөрдү байкадың айтып бер.

**Насыят, таене, даяр, саякат, коён, кыргыек, туюк, боёк.**

*264-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп, буга чейин иштеген көнүгүүлөрдү туура аткарганыңды текшер.



**Кыргыз тилинде я, ю, е, ё тамгалары эки тыбышты билдирет. Жазууда бир тамга менен белгиленгенине карабастан, алар окула келгенде й менен бириккен үндүү тыбыштарды (й+а, й+у, й+э, й+о) билдирип турат. Мисалы, *сыйа* деп окулса, жазганда *сыя* болуп жазылат.**

**Сөз ичинде й тыбышынан кийин созулма үндүүлөр келсе, анда созулма үндүүлөрдү белгилеп жаткан эки тамганын бирөө й тыбышына биригет да, жазганда йоттошкон я, ю, е, ё тамгаларынан кийин созулма үндүүлөрдү белгилеген бир тамга жазылат. Мисален, окулганда *айуу* болсо, жазганда *аюу* болуп жазылат.**

**Кээде йоттошкон тамгалар өз ара айкашып колдонула берет. Мисалы, *коёюн, боёюн*, ж. б.**

**Эгерде бир түрдүү йоттошкон тамгалар катар келип калса, алардын бирөө гана йоттошуп жазылат. Мисалы, *Айран уюйун деп калды.***

**Орус тилинен кирген сөздөрдө я, ю, е, ё тамгалары бир гана тыбышты билдирет. Мисалы, *костюм, моряк, жюри*.**



**? Кыргыз тилиндеги мындай өзгөчөлүктү мурдатан билчү белен? Эмне үчүн орус тилинде йоттошкон тамгалар бир тыбышты билдирет деп ойлойсуң?**



**Урматтуу досум! Орус тилинен кирген сөздөрдү кыргыз тилинде айтылышына карата жазуу керек деген да окумуштуулар бар. Бирок эл арасында кабыл алынган эрежеге баарыбыз баш ийүүгө тийишпиз. Ошондуктан, орус тилинен кирген сөздөрдү кандай кабыл алынса, ошондой жазуу керек.**

*265-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта йоттошкон тамгаларды колдонуу тартибин пайдаланган учуруң болду беле?
2. Жазуу иштеринде йоттошкон тамгаларды колдонууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта йоттошкон тамгалар көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда йоттошкон тамгалар катышкандай болсун. Алар катышкан айрым сөздөрдү алып, ар бир тамгага бирден сөз мисал алып, талдагыла.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир йоттошкон тамга катышкан сөздөрдү алып, талдагыла. Анда ар бир тамгага мисал болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөр болсун. Ар бир йоттошкон тамгасы бар сөздөн мисал келтирип, анын өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Ар бир йоттошкон тамганы кантип аныктадың, алар турмушта кайсы жерде, кандай мааниде колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Йоттошкон тамгаларды мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Йоттошкон тамгалардын сенин турмушуңда орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү йоттошкон тамгаларды туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## К, Г, Ж ТАМГАЛАРЫНЫН ЖАЗЫЛЫШЫН БАЙКАЧЫ

*266-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөргө көңүл бур, аларды окуп, туура айтылган жана жазылган деп эсептейсиңби?

**Карга, карлыгач, карта, кофта, календарь, китеп, кагаз, октябрь, журнал, Жумгал, жюри.**

*267-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөгү к, г, ж тамгаларынын окулушуна көңүл бур, алардын ортосундагы айырмачылыкты айтып бере аласыңбы?

**Мектеп, окуу, көңүл, костюм, гүл, газета, жюри, журнал, жумалык.**

*268-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кара менен басылган сөздөрдөгү к, г, ж тамгаларына көңүл бур, аларды окуп, туура айтылышына карата пикириңди билдир.

**Карыга** – урмат, **балага** – **кызмат**. Кары **келсе** – ашка, жаш келсе – **ишке**. Жакшы болсоң – **жатык** бол, улук болсоң – **кичик** бол. **Жалганчынын** чын сөзү жалганга чыгат.

*269-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп, буга чейин иштеген көнүгүүлөрдү туура аткарганыңды текшер.



Урматтуу досум! Кыргыз тилинде жол, ажар, жамал, мажбур, карга, күзгү дегенде ж, к, г тыбыштары башкача угулуп, өзүнчө тыбыштык касиетке ээ болсо, орус тилинен кирген жанр, ложа, биржа, гараж, газета, карта, кофта, костюм деген сөздөрдө ошол эле ж, к, г тыбыштары башкача айтылып талаш-тартыш туудуруп келе жатат.

*270-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта аталган тамгаларды пайдаланган учурунда анын мындай өзгөчөлүгүнө маани берчү белең?
2. Жазуу иштеринде ж, к, г тамгаларын колдонууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта ж, к, г тамгалары көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда аталган тамгалар катышкандай болсун. Алар катышкан айрым сөздөрдөн ар бир тамгага бирден сөз мисал алып, талдагыла.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан ж, к, г катышкан сөздөрдү алып, талдагыла. Анда ар бир тамгага мисал болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Ж, к, г тамгалар катышкан сөздөр болсун. Ар бир сөздөн мисал келтирип, анын өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Ж, к, г тамгаларынын биринин өзгөчөлүктөрүн кантип аныктадың, алар турмушта, кандай мааниде колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Ж, к, г тамгаларын мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Ж, к, г тамгаларынын сенин турмушуңда орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү аталган тамгаларды туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү мисалдар менен далилде.

## Ъ (АЖЫРАТУУ) ЖАНА Ь (ИЧКЕРТҮҮ) БЕЛГИЛЕРИНИН ЖАЗЫЛЫШЫ

*271-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөргө көңүл бур, аларды окуп, туура жазылгандарын белгилеп көрсөт. Аны сен кайсы эрежеге таянганыңды айта аласыңбы?

**Кремль, балтоо, сиркул, медал, алыбом, июл.**

*272-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөргө көңүл бур, аларды окуп, туура айтууга жана жазууга аракеттен.

**өктөбүр, физкултура, баталён, асыбалт, паблион.**

*273-көнүгүү.* Буга чейин өзүң иштеген көнүгүүлөрдү канчалык туура аткарганыңды төмөнкү эреже менен текшер.



**Кыргыз тилинде өзүнчө тамга катары берилип жүргөн ъ (ажыратуу) жана ь (ичкертүү) белгилери кыргыздын төл сөздөрүндө колдонулбайт. Ал орус тилинен кирген гана сөздөрдө пайдаланылат. Ошондой эле алар эч кандай тыбышты билдирбейт.**

**Кыргыз тилинде ажыратуу белгиси ъ орус тилинен кирген сөздөрдө сөз ичинде я, ю, е, ё тамгаларынан мурда келген үнсүздөрдү ажыратуу үчүн колдонулат. Мисалы, съезд, адъютант.**

*274-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта ь, ъ тамгаларын колдонуу эрежесин пайдаланган учуруң болду беле?
2. Жазууда ь, ъ тамгаларын колдонууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта ь, ъ тамгалар көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Анда Ь, Ъ тамгалары катышкандай болсун. Алар катышкан айрым сөздөрдү алып талдагыла.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир ь, ъ белгилери катышкан сөздөрдү алып, талдагыла. Анда ар бир тамгага мисал болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Анда ь, ъ белгилери катышкан сөздөр болсун. Ошол сөздөрдү жазуунун өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. ь, ъ белгилерин кантип аныктадың, алар турмушта кандай сөздөрдө, кандай мааниде колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. ь, ъ белгилерин мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. ь, ъ белгилерин билүүнүн турмушта мааниси барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү ь, ъ белгилерин туура жазууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык деңгээлде өздөштүргөнүңдү далилде.

## СӨЗДҮ ТАШЫБАСА БОЛБОЙБУ?

*275-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү муунга ажырата аласыңбы? Эгер ажырата алсаң, анда эмнеге негиздегениңди айтып бер.

**Жылуу сөз сүйлөсөң, жылан ийинден чыгат.**



Байкадыңбы досум! Сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муун болот. Ал эми сөздөгү үнсүз тыбыштар өз алдынча туруп мууңду түзбөйт. Созулма үндүүлөр бир гана тыбышты билдиргендиктен, алар сөз ичинде бир эле мууңду түзө алат.

Үнсүз тыбыштар менен башталып, үндүү тыбыштар менен бүтсө, андай мууңду ачык муун деп аташат. Мисалы, *ба-ла, са-на, ча-на.*

Үндүүлөр менен башталып, үнсүздөр менен аяктаса, мындай мууңду жабык муун деп жүрүшөт. Мисалы, *э-ш-ик, а-лам, а-шык.*

Үнсүздөр менен башталып, үнсүздөр менен аяктаган мууңду туюк муун дешет. Мисалы, Сыр-гак, мек-теп ж.б.

*276-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдү муунга ажыратып, муун боюнча экинчи сапка ташы.

**Илим – ийне менен кудук казгандай.**

*277-көнүгүү.* Өзүң ташыган муундарды төмөнкү эреже менен салыштыр. Сенин пикириң канчалык туура экендигин далилде.



Жазууда сап аягына батпай калган сөздү бөлүп ташууга туура келет. Аны ташууну ар ким каалагандай жүргүзө бербейт. Кыргыз тилинде сап аягына батпай калган сөздүн бөлүктөрүн муун боюнча ташуунун эрежелерин иштеп чыгышкан, аны ташымал деп аташат.

Эки үндүүнүн ортосундагы үнсүз кийинки сапка кетет. Мисалы, *та-ка, ба-ка, жа-на.*

Эки үндүүнүн ортосунда эки үнсүз болсо, үнсүздөр эки жакка тең бөлүнөт. Мисалы, сүй-лөш, ат-кар, кый-мыл.

Эки үндүүнүн ортосунда үч үнсүз болсо, эки үнсүз биринчи сапка, ал эми бир үнсүз экинчи сапка кетет. Мисалы, калк-тын, жанр-дын.

Эки үндүүнүн ортосунда төрт үнсүз болсо айтылышындай бөлүнөт. Мисалы, экс-пресс, текст-ке.

*278-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү муунга ажыратып, кандай ташууга боло тургандыгын айтып бер.

**Илим ылайланбаган – кудук, аны билбеген киши – дудук.**



? Ташымал жөнүндө буга чейин маалыматың бар беле? Мурда билсең, аны кайдан үйрөнгөнүңдү айтып бере аласыңбы?



Байкадыңбы досум! Муун үндүүгө жараша ар түрдүү боло бериши мүмкүн. Бирок ошол муундун баары эле ташымал менен ташыла бербейт. Маселен, бир тамгадан турган муун саптын аягына калтырылбайт жана кийинки сапка да ташылбайт. Мисалы, а-тасы эмес, ата-сы болуп ташылышы керек.

Баш тамгалардан турган, кыскартылган сөздөр ташылбайт. Мисалы, К-ДК эмес, КДК.

Адамдын кыскартылып алынган аты менен атасынын аты фамилиядан ажыратылып, экинчи сапка ташылбайт жана мурунку сапта калтырылбайт. Мисалы: А. Б. Айдаров, Э. А. Эргешов дегендин кыскартылган бөлүгүн А. Б. жана Э. А. өзүнчө ташымалдоого болбойт.

Цифралар менен жазылган сөздөр ташылбайт. Мисалы, 19-63-жыл эмес, 1963-жыл.

*279-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта сөздөрдү жазууда ташымалды колдонуу эрежесин пайдаланган учуруң болду беле?
2. Жазуу иштеринде сөздөрдү ташымалдоодо кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта жазуу иштеринде ташымал көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып ташымалдагыла, талдаган сөздөрүңөргө түшүндүрмө бергиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир сөздөрдү алып ташымалдагыла, анда ар бир эрежеге мисалдар болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Ташымалдоонун эрежесине мисал келтирип, анын өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Ташымал турмушта кайсы жерде, кандай учурда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Ташымалды мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Ташымалдын сенин турмушуңда орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү ташымалды туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык деңгээлде өздөштүргөнүңдү далилде.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ БАСЫМ БАРБЫ?

**Кыргыз тилинде төл сөздөрдө дайыма бардык түрк тилдериндегидей эле басым сөздүн эң акыркы муунуна түшөт.**

*280-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдү окуп, андагы сөздөргө басым кой. Анда басым кайсы жерге, эмне үчүн коюлганын айтып бер.

**Айланайын балдарым! Силерге ак жол каалап, ак батамды берейин.**

*281-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдү муунга ажыратып, муун боюнча басым кайсы жерге коюларын аныкта.

**Мен Лермонтовдун бардык чыгармаларын жактырып окуйм.**

*282-көнүгүү.* Өзүң койгон басымды төмөнкү эреже менен салыштыр. Сенин пикириң канчалык туура экендигин далилде.



Орус тилинен жана башка тилдерден кабыл алынган эки муундан турган сөздөрдө, басымдын биринчи муунга түшкөндүгү сакталат: *Ха́рьков, Пу́шкин, ба́за, а́тлас.*
Бул сыяктуу сөздөргө коомдук-саясий терминдер, кеңири колдонулуучу сөздөр, географиялык аттар жана фамилиялар кирет. Калган бардык эки муундан турган сөздөрдө басым дайыма эң акыркы муунга түшөт. *Мисалы, балта, саман, өтүк, сыртта, келин* ж. б.

*283-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта сөздөрдү жазууда басым коюу тартибин пайдаланган учуруң болду беле?
2. Жазуу иштеринде сөздөргө басымды колдонууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта жазуу иштеринде басым көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, басым койгула, басым койгон сөзүнөргө түшүндүрмө бергиле.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир сөздөрдү алып басым койгула, анда басымдын эрежесине ылайык мисалдар болсун.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Басым коюунун эрежесине ылайык мисал келтирип, анын өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Басымдын турмушта кандай учурда колдонуларын айтып бере аласынарбы?
2. Басымды мындан ары туура колдоно аларына ишенесиңби?
3. Басымдын сенин турмушуңда орду кандай?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү басымды туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ТЫБЫШ МЕНЕН ТАМГАНЫ ТАЛДАП ТҮШҮНДҮРҮҮГӨ БОЛОБУ?

*284-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, кыргыз тилиндеги тыбыш менен тамганы аныктоого аракеттен.



**Тыбыштарды үйрөнүү сабаттуу жазууга, окууга жана туура сүйлөөгө үйрөтөт. Ар бир тыбыштын кызматын үйрөнүү менен, анын табиятын, тыбыштык турпатын билүү менен эне тилинде ар тыбыштын аткарган кызматын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми тамга болсо тыбыштарды белгилөө менен жазуу иштерин жүргүзүүгө кызмат кылат.**

*285-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөгү сөздөрдү тыбыш менен тамгага ажыратып, канча тыбыш жана тамга бар экендигин аныктоого аракеттен.

**Биз илим менен өлкөнү гүлдөтөбүз.**

*286-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажыратып, талдоо жүргүзгүлө.

**Адептүүлүктүн башаты – тил.**

*287-көнүгүү.* Тыбыш менен тамгаларды туура талдадыңбы, төмөнкү эреже менен салыштыр. Канчалык туура экендигин далилде.



**Урматтуу досум! Бир караганда оңой көрүнгөнү менен тыбышка жана тамгага ажыратып, сөздү талдоо кыйын. Мындай талдоону кыргыз тилинде фонетикалык талдоо деп аташат. Фонетикалык талдоо жүргүзүү үчүн анын эрежелерин толук сактоо керек. Ал төмөнкүдөй шартты аткаруудан турат.**

1. **Сөздү муунга ажыратуу.**
2. **Үндүү тыбыштарды аныктоо: жоон, ичке, эриндүү, эринсиз, кең, кууш, кыска, созулма.**
3. **Үнсүз тыбыштар: жумшак, каткалаң, уяң.**
4. **Тыбыш менен тамганын санын аныктоо.**

**Мына бул эрежелерди толук аткарсаң сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзгөн болосуң.**

*288-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта сөздөрдү тыбыш менен тамгага ажыратып талдаган учуруң болду беле?

2. Жазуу иштеринде сөздөрдү тыбыш менен тамгага ажыратууда кыйналбайсыңбы?

3. Турмушта жазуу иштеринде тыбыш менен тамгага ажыратуу көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, тыбыш менен тамгага ажыраткыла, 4–5 сөздөгү үндүү тыбыштарга фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан кээ бир сөздөрдү алып, тыбыш менен тамгага ажыраткыла, ошол сөздөрдөгү үнсүз тыбыштарга фонетикалык талдоо жүргүзгүлө.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Тыбыш менен тамганы талдоо эрежесине ылайык мисал келтирип, тыбыш менен тамганын айырмасын түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Тыбыш менен тамганы талдоо турмушта кайсы жерде, кандай учурда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Тыбыш менен тамганы мындан ары туура колдоно аларына ишенесиңерби?

3. Тыбыш менен тамганы айырмалай билүүнүн турмушта зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү тыбыш менен тамганы талдоонун туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮ КАНТИП ТУУРА АЙТУУГА БОЛОТ? ОРФОЭПИЯ ДЕГЕН ЭМНЕ?

*289-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү туура айтууга аракеттен жана кайсы жерде ката кеткендигин аныкта.

**Айта гел, кара гурт, күз гелди, көг алма, көб иштелди.**

*290-көнүгүү.* Төмөнкү айтылышы берилген сөздөрдү тууралап жаз, айтылышы менен жазылышынын ортосунда кандай өзгөчөлүктөрдү байкаганыңды айтып бер.

**Сөссүз, тоссо, азчылык, кашты, ашты, түңкү, намбы.**

*291-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн кайсынысы орфоэпиялык эрежеге туура келе тургандыгын аныкта.

**Күштүү, ашса, жасса, касса, түнкү, жыгашчы, түзсө.**

*292-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, кыргыз тилиндеги сөздөрдү туура колдонууга карата көз карашыңды билдир.



Адабий тилдин мүнөздүү өзгөчөлүгү анын ченемге салынгандыгы болуп эсептелет. Ошондуктан грамматика менен лексикада, ошондой эле сүйлөөдө да адабий тилге кабыл алынган жалпы норма негиз болот. Бул ченемди так сактабагандык оозеки пикир алышууну кыйындатып, бирин-бири түшүнүшпөөгө алып келет. Адабий тилдин ченеминде сүйлөөнү үйрөнүү орфоэпиянын предметин түзөт. б. а. орфография туура жазуунун нормасын аныктаган сыяктуу, оозеки туура сүйлөөнүн нормасын *орфоэпия* аныктайт.

Бирок бул жерде негизги өзгөчөлүктү орфоэпия менен орфографиянын эрежелери бири экинчисине дал келе бербестигин орфоэпиянын өзүнө гана таандык негиздери бар экендигин белгилей кетүү абзел. Тагыраак айтканда, биз кандай жазсак – так ошондой сүйлөбөйбүз. Буга кандайдыр бир сүйлөмдү тамга боюнча окусак, ал табигый сүйлөгөнүбүзгө окшобой тургандыгы ачык далил. Айталы: *Биз дыйкан чарбага жардам берүүгө барып, огороддун арыгын тазаладык* деп жазабыз да, аны оозеки түрдө *Дыйкан чарбага жардам берүүгө барып агароттун арыгын тазаладык* деп айтабыз.



Урматтуу досум! Жазуудагы так эместиктер, башаламандыктар жазылган текстти окууга, түшүнүүгө канчалык жолтоолук кылса, оозеки адабий тилдин нормасынан четтеп, туура эмес сүйлөө да айтылган ойду түшүнүүгө ошончолук тоскоол, кедерги болот. Бул жагдай жазууда орфографиялык эрежелерди так сактоо канчалык керек болсо, оозеки сүйлөөдө да орфоэпиялык эрежелерди сактоо ошончолук зарыл экендигин айгинелейт.

*293-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта сөздөрдүн айтылышы менен жазылышын ажыратып, талдаган учуруң болду беле?
2. Жазуу иштеринде сөздөрдү орфография менен орфоэпияга ажыратууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта жазуу иштеринде орфография менен орфоэпияга ажыратуу көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, орфоэпия боюнча талдагыла, мисалга алган сөзүнөрдө эмне үчүн орфоэпиялык өзгөчөлүк бар деп ойлойсуңар, түшүндүргүлө.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, орфоэпия боюнча талдагыла, мисалга алган сөзүнөрдө эмне үчүн орфоэпиялык өзгөчөлүк бар деп ойлойсуңар, түшүндүргүлө.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, орфоэпия боюнча талдагыла, мисалга алган сөзүнөрдө эмне үчүн орфоэпиялык өзгөчөлүк бар деп ойлойсуңар, түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Орфоэпиянын турмушта кайсы жерде, кандай учурда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Орфоэпиянын эрежелерин мындан ары туура колдоно аларына ишенесиңби?
3. Орфоэпиянын эрежелерин билүүнүн сенин турмушуңда мааниси барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү орфоэпия эрежесин туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ЛЕКСИКА, ЛЕКСИКОЛОГИЯ, СЕМАСИОЛОГИЯ ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕ БИЛЕСИҢ?

*294-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн кандай маани берип жаткандыгын оозеки айтып бер.

**Кыргыз тили – кыргыздардын рухий байлыгы. Ал тилди толук билүү ал тилдеги бардык рухий байлыкка ээ болуу дегендикти түшүндүрөт.**

*295-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн лексикалык маанисин аныкта.



**Тилдеги сөздөрдүн курамы, жалпы жыйындысы лексика, алар жөнүндөгү окуу лексикология деп аталат.**

**Тилдин өз алдынча мааниге ээ болгон эң кичине бирдиги – сөз.**

**Лексика деп тилдин сөздүк курамын айтабыз.**

Сөздүк курам деп тилдеги сөздөрдүн жыйындысын билебиз. Лексика деген термин грек тилиндеги lexikos деген сөздөн алынган. Ал «сөз» деген түшүнүктү билдирет. Бул термин бир тилдеги сөздөрдүн жыйындысына, айрым жазуучулардын же фольклордук чыгармалардагы сөздөрдүн жалпы курамына, жеке чыгармадагы, илимий эмгектеги сөздөргө карата колдонулат.

Ошентип бир тилдеги бүт лексиканы, диалектилик сөздөрдү, чыгармалардын сөз байлыктарын, сөз катмарларын иликтеп үйрөнүүчү илим тармагы – *лексикология* деп аталат. Бул термин грек тилиндеги lexikos – сөз жана logos – окуу, илим деген сөздөн алынган.

*296-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта сөздөрдүн лексикалык маанисин ажыратып талдаган учуруң болду беле?
2. Эми сөздөрдүн лексикалык маанисин табууда кыйналбайсыңбы?
3. Турмушта жазуу иштеринде сөздөрдүн лексикалык мааниси көп колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, лексикалык мааниси боюнча талдагыла, аларга түшүндүрмө бергиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, лексикалык мааниси боюнча талдагыла, сөздөргө түшүндүрмө бергиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, лексикалык мааниси боюнча талдагыла, ал сөздөргө түшүндүрмө бергиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сөздөрдүн турмушта лексикалык маанисине ылайык кайсы жерде, кандай учурда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Сөздөрдү лексикалык мааниси боюнча мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?
3. Лексиканы билүү сенин турмушуңда маанилүүбү?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү сөздүн лексикалык маанисин түшүнүүнү, аны туура колдонууну үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## СЕМАСИОЛОГИЯ

*297-көнүгүү.* Төмөнкү кара менен басылган сөздөрдүн кандай маани берип жаткандыгын оозеки айтып бер.

Кыргыз **тили** – Борбордук Азиядагы байыркы **тилдердин** бири. Сыртта ушунчалык суук, үшүгөндөн **тил** күрмөөгө келбейт. **Тилден** калган адамды айыктыра турган дарынар барбы?

*298-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн ар биринин канчадан мааниси бар экендигин айтып бере аласыңбы?

**Көз, баш, ооз, сөз, сен, бол, ошол, себеп, айт, кан, өтө, терең, маани, менен, мамиле, кыл.**

*299-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн маанисин аныкта.



***Семасиология*** – тилдеги сөздөрдүн маанисин, ал маанилердин өзгөрүү процесстерин изилдей турган илим. Семасиология деген термин грек тилиндеги semasia – маани жана logos – окуу, илим деген сөздөн алынган. Кээде бул терминдин ордуна семантика деген атоо да колдонулуп жүрөт. Тилдеги сөздөрдүн, сөз айкалыштарынын маанилерин иликтеп үйрөнүү – лингвистикадагы орчундуу маселелердин бири. Семасиология тилдеги сөздөрдүн азыркы калыбындагы мааниси менен мурунку турпатынын, маанисинин ортосундагы катышты эске алып изилдейт.

Сөздөрдүн маанилери кандайдыр бир аралыкта туруктуу көрүнүш өңдөнүп сезилет. *Кеп-келбет, түс-түр* же *үбөлүк* деген сөздөрдү алсак, алардын ушул кезде биз түшүнүп жүргөн мааниси түбөлүк өзгөрбөйт, тарып же кеңип кетпейт деп эч ким айта албайт. Сөздөрдүн маанилеринде догмалык көрүнүш болбойт. Алар маанилердин өзгөрүү процессине учурап турат.

*300-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. «Семасиология» дегенди кандай түшүндүң?
2. Мурда сөздүн көп мааниси боло турганын билчү белең?
3. Эгер билсең сөздүн көп маанилүү экендигин кантип аныктайт элең?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Турмуштук бир кырдаалды тандап алып, текст түзгүлө. Анда көп маанилүү сөздөрдү колдонууга аракеттенгиле. Сөздөрдүн бир же көп маанилүү экендигин айтып бергиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алып, текст түзгүлө. Сөздөрдүн маанисине көңүл буруп, бир же көп маанилүү экендигин аныктагыла.

**3-топко:** Бир окуяга карата текст түзгүлө. Андан көп мааниге ээ сөздөрдү тапкыла, эмне себептен көп маанилүү экендигин аныктагыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сөздөр маанисине карай турмушта кандай колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Сөздөрдү мааниси боюнча мындан ары туура колдоно аларына ишенесиңби?
3. Сөздөрдүн бардык маанисин билүүнүн зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

1. Өзүңдү сөздүн маанисин ажыратууга, аларды туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Сен аны канчалык кантип өздөштүргөнүңдү мисал келтирүү менен далилде.

Сөздүн канча мааниси болушу мүмкүн?

*301-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, алар кандай маанide колдонулганын аныкта.

**Сен түлкү кармадыңбы? Ал – ашкан түлкү. Биз түлкү куумай оюнун ойнодук.**

*302-көнүгүү.* Төмөнкү кара менен басылган сөздөрдүн кандай маани берип жаткандыгын оозеки айтып бер.

**Кыргыздар** – Борбордук Азиядагы байыркы **элдердин** бири. **Алар** согушчан келип, Ата мекени үчүн **катуу** күрөшүп **келишкен**. Башкалар алардын сырттандыгын абдан баалашкан. Ушунчалык **каармандык** менен коргонуу **тактикасы** тарыхта азыркыга чейин **айтылат**.

*303-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, өзүң тапкан маанилерди салыштыр.

Лексикалык же жана грамматикалык маанилерге ээ сөздөр сүйлөмдө же *тике маанide*, же *өтмө маанide* колдонулат. Салыштырып окугула.

Мисалы: *Адамда бир жүрөк* (эмне) *бар* – тике маани, атама маани. *Анын жүрөгү жок* (коркок) өтмө маани – фразеологиялык маани. *Эр жүрөк* (баатыр) – татаал сөз, жаңы маани.

*304-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сөздөрдү берген маанилери боюнча маанисин аныктап бир же көп маанилүүлүгүн деп талдаган учуруң болду беле?
2. Эми көп же бир маанилүү сөздөрдүн маанилерин аныктоодо кыйналбайсыңбы?
3. Жазуу иштеринде сөздөрдүн көп маанилүүлүгү колдонулабы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, алардын бир же көп маанилүү экендигин мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, алардын бир же көп маанилүү экендигин мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, маанилерин аныктагыла, сөзүңөрдүн бир же көп маанилүү экендигин мисалдар менен түшүндүрүп бергиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Көп маанилүү сөздөрдүн мааниси турмушта, кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Сөздөрдү мааниси боюнча мындан ары туура колдоно аларына ишенесиңби?
3. Сөздөрдүн маанилерин билүүнүн сенин турмушуңда мааниси барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү сөздүн маанисин туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

Сөздөрдүн бир же көп маанилүү экендигин кантип аныктоого болот?

*305-көнүгүү.* Сүйлөшүү учурунда сөздүн маанисине көңүл бурасыңбы? Анын бир же көп мааниси бар экендигин аныктай аласыңбы?

*306-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн ар бири канча мааниге ээ экенин аныктагыла?

**Эреже, оку, чык, кыргыз, тил, сөздөр, туура, колдон, көз караш.**

*307-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып эстеп кал, сөздөрдүн маанилерин туура аныктоого аракеттен.



Кандайдыр бир сөздүн мааниси экинчи бир башка нерсеге, көрүнүшкө, кубулушка ооштурулуп, жакындаштырылып айтылган учурлар болот. Мисалы *жылдыз* деген сөздүн маанисин талдап көрөлү. *Жылдыз чыкты* деген мисалды алсак, мында жылдыз асман телосу катары колдонулду. Эгерде *гербдин жогору жагында беш бурчтуу жылдыз тартылган* десе, анда жылдыз символдук белгини туюнтуп жатат. *Жылдызы бар адам экен, ким жактырбайт андайды* десек, мында *жылдыз* деген сөз адамдын сүйгүнчүлүктүүлүгүн, жагымдуулугун, ажардуулугун келишимдүүлүгүн туюнтуп калды.

Байкадыңбы, досум, кыргыз тилинде сөздөр берген маанисине карата бир жана көп маанилүү болуп эсептелет.

*308-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Башка бирөө менен сүйлөшүп жатканда, анын сөздөрүнөн көп маанилүү сөздөрдү таап, талдаган учуруң болду беле?
2. Сөздөрдүн көп же бир маанилүү экендигин турмушта кантип аныктай аласың?
3. Бир маанилүү сөздөр деп кандай сөздөрдү айтабыз?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Силерге жаккан кырдаалга карата текст түзгүлө. Андан көп мааниге ээ сөздөрдү бөлүп көрсөтүп, ар бир маанисине мисал келтиргиле

**2-топко:** Бир теманы тандап алып, текст түзгүлө. Бир маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтүп, эмне үчүн бир маанилүү экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**3-топко:** Бир окуяга карата текст түзгүлө. Андан бир же көп маанилүү айрым сөздөрдү алып, мисалдар менен түшүндүргүлө.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Көп маанилүү сөздөрдү билүүнүн эмне зарылдыгы бар?
2. Адам кандай учурда сөздүн бир же көп маанилүүлүгүнө муктаж болот?
3. Бир же көп маанилүү сөздөргө тиешелүү эрежелерди айтып бере аласыңбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Белгилүү бир темада эссе жаз, анда сөздөрдүн маанилик жактан чеберчиликте колдонууга аракеттен.

## СӨЗДҮН ТИКЕ ЖАНА ӨТМӨ МААНИЛЕРИ

*309-көнүгүү.* Төмөнкү сөздү окуп чыгып, өзүң бир нече сөздү алып, анын маанилерин ушул үлгүгө келтир.

*Дарек* деген сөздү алсак, анын бир нече мааниси бар экендиги белгилүү: 1. Каттын, посылканын, ж.б. сыртына анын жеткириле турган жери, аны ала турган кишинин аты-жөнү көрсөтүлгөн жазуу. 2. Жашап турган жери, орду. 3. Кабар, дайын. Мисалы, Дарексиз жоголуп кетпе деген. 4. Ысмына, атына багытталды деген өтмө мааниси бар экендиги белгилүү. Мисалы: *Бир катар тамаша сөздөр анын* (Айназиктин) *дарегине урунду.*

*310-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып эстеп кал. Сөздөрдүн тике жана өтмө маанилерин туура колдонууга аракеттен.



Тилде мурда эле колдонулуп жүргөн сөздөрдүн мааниси башка затка, буюмга, көрүнүшкө оошturулуп колдонулса, ал сөздүн *өтмө мааниси* деп аталат.

Өтмө маани лексиканын курамында типтүү колдонулуп кетет. Эгерде маани типтүү колдонулбаса, анда өтмө мааниге жатпайт.

Сөздөрдүн өтмө мааниси нерсе же түшүнүктү, кубулушту же кыймылды түз чагылдырбастан, анын тике мааниси аркылуу гана кыйыр түрдө чагылдырат. Муну төмөнкү талдоолордон байкасак болот.

*Борбор* деген сөз илгери ордо ойнунда тегерек чийиндин дал ортосун (чүкөлөр менен хан жайгашкан жерин) туюндурган. Кийин бул сөздүн мааниси кеңип, геометриялык фигуранын дал ортосундагы чекитти атоо үчүн колдонула баштаган. Азыр болсо анын жаңы өтмө мааниси пайда болуп, өлкөнүн борбор шаарын да туюндуруп калды.

Сөздөрдүн өтмө маанилери коомдук турмуштун өзгөрүүлөрүнө, тилдин ички өнүгүшүнө байланыштуу келип чыгат да, сөздүн көп маанилеринин жыйындысы биригип, сөздүн көп маанилүүлүк кубулушун түзөт.

## КАНДАЙ СӨЗДӨР СИНОНИМ БОЛО АЛЫШАТ?

*311-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, эрежеге жооп берген сөздөрдөн мисал келтир.



**Айтылышы, тыбыштык түзүлүшү ар башка болуп, мааниси бири-бирине өтө жакын болгон сөздөрдү маанилеш сөздөр же синонимдер дейбиз.**

**Мисалы, *айла – амал, тең – түгөй, келтек – таяк, көр – дүлөй, кенедей – кичинекей, бакиси – баарысы ж. б.***

*312-көнүгүү.* Төмөнкү суроолорго өз алдынча жооп бер.

Маанилеш сөздөр семантикалык жактан бирдей же жакын болобу? Сөз түркүмү жагынан алар бир топко киреби? Тыбыштык түзүлүшү ар башка келип, синтаксистик жактан бирдей милдет аткарабы? Жоопторуңарды мисалдар менен бекемдегиле.

*313-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү синоним деп атоого болобу?

Тобурчак – топор – тукур – чобур; бачамарат – алдуу – кубаттуу; чотто – ыйгар – арна; элкинчек – селкинчек – желкинчек – жеңилчек; эгиз – эгизги – бийик.



**Урматтуу досум! Эки же андан артык синонимдердин тобу – синонимдик катар деп аталат. Синоним деген термин грек тилиндеги «атташ», «мааниси бирдей» деген сөздөн алынган.**

**Маанилеш сөздөр ойду таамай, так жана көркөм, курч айтуу үчүн ар бир түшүнүктүн чегин бөлүп, аз болсо да алардын айырмачылыгын көрсөтүү үчүн стилдик каражат катары пайдаланылат. Синонимдерди кеңири пайдалануу кеп байлыгын арбытып, тил маданиятын көтөрүүгө шарт түзөт.**

## ОМОНИМ СӨЗДӨР ДЕП КАЙСЫ СӨЗДӨРДҮ АЙТАБЫЗ?

*314-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, эрежеге жооп берген сөздөрдү тапкыла.

Кыргыз тилинде башка тилдердегидей эле мааниси жана келип чыгышы ар башка, тыбыштык түрү бирдей сөздөр жолугат. Мисалы: ***Чатыраш:*** 1) өсүмдүктүн аты, 2) шахмат сымал оюндун аты.

***Шарп***: 1) үйдүн оозунан, бутунан кармаган оорунун аты, 2) олоң шарп, буюм-тайым.

***Шарт***: 1) мүмкүнчүлүк, жөн, ык. 2) дароо, тез эле.

*315-көнүгүү.* Эрежени окуп чыгып, эсиңе тут. Ушундай сөздөрдөн мисал келтир.

Омоним деген сөз грек тилиндеги homos – «бирдей», onoma – «ат» деген сөздөн алынган. Бул термин бир тилдеги окшош сөздөрдүн жыйындысы деген түшүнүктү да берет.



Байкадыңбы досум, окшош сөздөр кээде көп маанилүү сөздөргө окшошуп да кетет, ошондуктан алардын чегин ажыратууда сөздөрдүн этимологиясына, тарыхына кайрылууга туура келет. Мисалы: *Чекеден тер тамды* жана *Тамган чекени кара* деген сүйлөмдөрдү алалы. Эки учурда тең *чеке* деген сөз жолугуп жатат. Биринчи учурда заттын аталышы катары *кыргыздын төл* сөз болуп эсептелет. Экинчи учурда тажик тилиндеги чикка *тамчы* деген сөздөн өзгөртүлүп алынып, мурунку сөзгө окшошуп калган. Ошентип омоним пайда болгон. Дагы: *сууну чек, эчкини чек де, чек жерден өтпө, чекке кол койду, сапар чекти, жумуртка чекти, чек өсөт* деген сыяктуу туюнтмалардагы **чек** деген сөздү алып көрсөк алардын ар бири өз-өзүнчө бөлөк экендиги, анын "чек" (документ маанисинде) деген сөзү кийин орус тилинен киргендиги көрүнүп турат.

*316-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү омоним деп атоого болобу? Оюңду жаңы мисалдар менен бекемде.

**Оюк:** 1. «Малдын кулагына салынган эндин бир түрү». 2. Жалпы оюлган, тешилген чуңкур, көзөнөк, жылчык жер. **Түрпү:** 1. Өгөөнүн быдыракайлуу келген чонураак түрү. 2. Кабырчыктуу балыктын бир түрү. Түрпү. 3. Өсүмдүктүн кабырчык сыяктанган түрүлгөн кабыкчасы. Түрпү 4. Түркүкчө.



Урматтуу досум! Айрым учурда көп мааниге ээ болгон сөздөрдүн ортосундагы семантикалык байланыш өтө алыстап же үзүлүп калса, анда алар омоним сөздөргө айланып кетиши ыктымал.

Тилде бардык эле сөздөрдүн омонимдери боло бербейт. Ошондой эле омонимдер менен сөздөрдүн көп маанилүүлүк чегин дайыма жогоркудай жол менен ажыратууга болбойт. Мындай учурда алардын сөз жасоо үлгүлөрү эске алынат, ошого карап жиктелет.

*317-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн арасынан билгендерине сүйлөм түз. Анан кайсылары омоним сөздөр экендигин далилде.

**Үй. 1.** үйгүз – үйгүч – үймө – үймөк – үймөктө – үймөкчө- үймөлө – үймөлөк – үймөлөктө – үймөлөктөт – үймөлөктөш –үйрү – үйрө – үйрүмө – үйрүндү – үйрүл – үйүм – үйүл – үйүлүү – үйүлүш.

**Үй. 2.** үйлө – үйлөн – үйлөндүр – үйлөндүрүү – үйлөйт – үйлөнүү – үйлөнүш – үйлөнүш – үйлүү ж. б.

*318-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түз, анда омонимдердин мааниси толук ачылгандай болсун.

Ак – ак; кат – кат; жаз – жаз; бак – бак.

## АНТОНИМ ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕ БИЛЕСИҢ?

*319-көнүгүү.* Кыргыз тилиндеги ушундай сөздөрдү тапкыла.

Ич – тыш, ой – тоо, ак – кара, кирди – чыкты, жыйыл – чачыл, ал – бул, пайда – чыгым, чоң – кичине, эски – жаңы, калың – жука.

*320-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

Тилде мааниси карама-каршы келген сөздөр да бар. Алар мааниси каршылаш сөздөр же антонимдер деп аталат.

Мисалы, жумшак–катуу, жарты–бүтүн, ач–ток, оң–сол, бөксө – толо.

Антоним деген термин грек тилиндеги анти «каршы» онома – ат дегенди билдирет. Антонимдер түшүнүктөрдүн карама-каршылыгына негизделген.

*321-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр антоним боло алабы?

Какыр чулдук – суу чулдук, жөө жарыш – ат жарыш, кой туз, – төө туз.

*322-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сөздөрдү берген маанилери боюнча маанисин ажыратып омоним, синоним жана антоним деп талдаган учуруң болду беле?
2. Эми мындан ары омоним, синоним жана антоним сөздөрдү табууда кыйналбайсыңбы?
3. Сөздөрдүн омоним, синоним жана антоним экендигин кандай шартта аныктай аласың?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андагы омоним, синоним жана антоним сөздөрдү алып, маанилерин аныктагыла, омоним, синоним жана антоним экендигин мисалдар менен далилдегиле.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым омоним, синоним жана антоним сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, омоним, синоним жана антоним экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андагы омоним, синоним жана антоним сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, омоним, синоним жана антоним экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Омоним, синоним жана антоним сөздөрдүн мааниси турмушта кайсы жерде, кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?
2. Омоним, синоним жана антоним сөздөрдү мындан ары туура колдоно аласынарбы?
3. Омоним, синоним жана антоним сөздөрдүн маанисин билүүнүн турмушта зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү омоним, синоним жана антоним сөздөрдүн маанисин туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ОДОНО ЖАНА ОРОЙ СӨЗДӨРДҮ КАНТИП АЙТУУ КЕРЕК? (Табу жана эвфемизм)

*323-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

Синонимдердин бир түрү – эвфемизм. Айтууга ыңгайсыз, оор тие турган, орой жана жагымсыз сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштырып айтуу **эвфемизм** деп аталат.

*324-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр эвфемизм боло алабы?

Кечигүү – кармалуу, толду – эттенди, иштен кубалады – арызын жаздырды, маанайы басылды – көмөчү күйдү, көңүлү чөктү.

*325-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөгүдөй эвфемизмге мисалдар келтир.

Эми баары бүттү. Ташка тийген айнектей *күм-жам* болду...



Урматтуу досум! Эвфемизмдер лексикалык курамда өтмө маанини пайда кылып, айрымдары калыптанышкан адабий нормага айланат. Мунун менен катар тилде синонимдүүлүктү, экспрессиялуулукту жаратат.

Сөз маанилеринин, түшүнүктөрдүн жумшартылып айтылышы тиешелүү деңгээлде жеке контексттик айкалышты талап кылат. Алар көркөм чыгармаларда, айрыкча сатиралык чыгармаларда көбүрөөк кездешет.

Демек эвфемизмдер коомдогу адамдардын жүрүш-турушунан, этикалык ченемден, сылыктыктан улам жаралып, көпчүлүгү нукура эвфемизмдер катары адабий тилибизден орун алса, айрымдары контексттик синонимдер катары белгилүү бир көркөм чыгармада гана жашап калат.

Эвфемизмдер элдин жашоо турмушу, ички маданияты менен тыгыз байланышта болот. Адамга орой, оор тие турган сөздөрдү жымсалдап туюндуруу – кыргыз элинин ички маданиятынын бир көрүнүшү.

*326-көнүгүү.* Табу кыргыз тилинде азыр да колдонулабы? Оозеки жооп бер. Жообунду мисал менен бекемде.

*327-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр табуга киреби?

**Туяксыз, согончогу канабаган, бала үнүн укпаган, багары жок**

*328-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн табу жана эвфемизмди тапкыла.

**«Бузулса турмуш мейли эле,**
**Булбулум бактан качыптыр.**
**Булбулду көрбөй мактандым,**
**Булбулдун тили катыптыр».**

*Токтогул*



Урматтуу досум! «Табу» деген термин полинезиялыктардын сөзүнөн алынып, тил илимине тараган. Ал «өзгөчө белгилөө, тергөө, өз атын айтпай жашыруу, өз атын айтууга тыюу салынган» деген түшүнүктү берет. *Табу* же *тергеме* деп аталган сөздөрдүн тобу – тилдин байыркы өнүгүшүнөн калган көрүнүш. Анын маңызы коомдун экономикалык жана маданий абалы, социалдык түзүлүшү төмөн, табият кубулуштары чектелген, иллюзиялуу түрдө кабыл алынып жүргөн кезге барып такалат.

Кыргыз тилиндеги *табу* же *тергеме* сөздөр мергенчиликке, ооруга, адам аттарына, өлүм коркунучуна байланыштуу атоолордон турган. *Табу же тергеме сөздөр* атоолордо гана учурабастан, кыймыл-аракетти туюндурат. Мисалы, Асандын оюнчукка көзү түштү. Чоң апамдын кулагы катуулады.

## СӨЗДҮН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАНА ГРАММАТИКАЛЫК МААНИЛЕРИ

*329-көнүгүү.* Сөздөрдүн лексикалык маанисин айтып бере аласынбы?

*330-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Нерсенин чыныгы турмушта колдонулган касиети менен түшүнүгүнүн ортосунан келип чыккан атоонун маанисин – сөздүн лексикалык негизги мааниси дейбиз.**

*331-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкта.

**Тоолуу өлкөлөрдүн арасынан кыргыз жериндей керемет жер жок. Айрым жаныбарлар жерде да, сууда да жашайт.**

*332-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү кайсы сөздөрдүн лексикалык маанилерин аныкта.

**Кыш чилдеси катуу болду. Сырттагы сууктан ит да тонуп, канаттуулар менен жапайы жаныбарлар тиричилик кыла албай калды. Кар калың жана көк жалтаң муз менен капталган.**

*333-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чык да, ага ылайык сөздөрдөн мисал келтир.



Ар бир сөздүн мааниси чындыктагы кубулуштун чагылышы болуп эсептелет.

Сөздүн мааниси бир жагынан бекем өңдөнүп көрүнсө, экинчи жагынан дайыма кубулуп өзгөрүү абалында болот. Ошого карап сөздөрдүн маанилеринин системасында *оошмо же өтмө маани, контексттик маани, абстракттуу маани, конкреттүү маани, жаңы маанилердин* орун алышы учурайт. Бул маанилик жылыштардын процесси лексиканын системасында бирде тарып, бирде кеңейип, ар кандай абалда болот.

Сөздөрдүн маанилери функциялык аспектиде үч түргө бөлүнүп каралат:

1) өздүк жекече мааниси;
2) фразеологиялык мааниси;
3) функциялык-синтаксистик мааниси.

Ошентип заттык, сандык, этиштик ж. б. маанилери сөздүн өздүк жекече мааниси болуп эсептелет. Мисалы, **оромол** – жоолуктун бир түрүнүн аты, **жүрөк** – дене мүчөсүнүн аты, **ишарат** – белги.



Урматтуу досум! Ар бир сөздүн лексикалык мааниси менен катар, анын грамматикалык мааниси да болот.

Грамматикалык маани деп, сөздөрдүн аларды өз ара байланыштыруучу сүйлөмгө карата өз ара катышка ээ болгон маанисин айтабыз.

## СӨЗ КАНТИП ЖАСАЛАТ?

*334-көнүгүү.* Төмөнкү текстти окуп, түшүнгөнүнөрдү айтып бергиле жана айрым сөздөрдү алып, унгу, мүчөгө ажыраткыла. Текстте сөздөрдүн кандай мааниде колдонулгандыгын аныктагыла.

### Жайсаң ырчы

Эл оозунда айрым бир манасчылар тууралуу аңыз-уламыштар сакталып калганын жана эпостун өзүнүн поэтикалык текстинде айтылган айтуучу-аткаруучулардын ысмын эске албай коюуга болбойт. Ошондой легендарлык айтуучунун бири – Жайсаң ырчы.

Жайсаң ырчынын качан туулуп, качан өлгөндүгү жөнүндө тарыхта так маалымат жок. Ага карап, Жайсаң ырчы тарыхта болгон эмес деп корутунду жасай коюуга акыбыз жок. Анткени, Жайсаң ырчы жөнүндө элдик уламыштарда, санжыраларда кеңири айтылат.

Алп манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы:

«Жайсаң ырчы дегени,
Жалаң үйдүн борумун,
Жарым күнү ырдаган» – деген ыр саптарындагы ырчынын ысмы Жайсаң аталгандыктан, «Манастын» алгачкы ырларын ырдаган, ушул ырчы болушу мүмкүн деген пикир айтылат.



? Жайсаң ырчыны кандай элестеткениңди айтып бер. Жайсаң ырчы жөнүндө кандай маалыматтарды билесиң, аны кошумчалап текст түз.

*335-көнүгүү.* Сөздөр кантип жасала турганына карата пикириңди билдир. Эмне үчүн ушундай ойго келгениңди оозеки айтып бер.

*336-көнүгүү.* Мүчөлөр маанилик жактан ажырайбы же формалык жактан ажырайбы? Оозеки жооп бер.

*337-көнүгүү.* Бул макалды окуп, түшүнгүлө, макалдагы сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Адамды акылынан тааны.**

*338-көнүгүү.* Туура сүйлөө билимдүүлүктүн гана болбостон, маданияттуулуктун белгиси болуп саналат. Сен текст түз, билимиңди текшерип, өзүң билген макалдарын бириндеги сөздөрдү унгу, мүчөгө ажырат.

*339-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөр туура жазылганбы, окуп текшер жана ката кетирилген сөздөрдү оңдоп жаз. Бул сенин эне тили боюнча билимиңдин деңгээлин билгизет.

**Түнкү сугат. Түн улам коюуланып, кийинки мезгилде убакыт өтпөйт. Түнкү тынчтык укмуш. Бул көрүнүштү бир укмуш сүрөттөп жазса болот.**



**Байкадыңбы досум! Сөздөр заттардын, кубулуштардын, көрүнүштөрдүн жана окуялардын атын билдирет. Демек, анын негизги функцияга ээ болгон тилдик бирдиги сөз деп аталат.**

**Пикир алышууда оюбузду сүйлөмдөр менен ишке ашырабыз. Сүйлөмдөр сөздөрдөн, сөз тыбыштардан куралат. Демек, тилдин, пикирлешүүнүн негизги каражаты – сөз. Сөз тыбыштардын айкалышынан туруп, кандайдыр бир маани берүүчү касиетке ээ болот. Тыбыштардын өз ара айкалышынын, б. а. туш келди жыйындысынын бардыгы эле сөз боло бербейт. Кандайдыр бир түшүнүктү билдирүү менен тиешелүү мааниге ээ болгон тыбыштардын комплекси гана сөз боло алат.**

*340-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чык да, ага ылайык сөздөрдөн мисал келтир.

**Сөздүн тышкы жагын тыбыштардын курамы, ал эми ички жагын анын мааниси түзөт. Бул экөө бири-бирине дал келмейинче ал сөздүк касиетке ээ боло албайт. Демек, булар бири экинчисине шайкеш келгенде гана сөз *тилдик бирдик* катары кандайдыр бир түшүнүктү билдирип, лексикалык курамда жашай алат.**

**Сөз өз алдынча мааниге ээ болуп, тилдик тутумда жашай бербестен, грамматикалык жактан ар кандай өзгөрүүлөргө, өнүгүүлөргө дуушар болот. Мындай контекстте анын мааниси ачылып, такталат.**

## УҢГУ ЖАНА МҮЧӨ ДЕГЕН ЭМНЕ?

*341-көнүгүү.* Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, алардын грамматикалык өзгөчөлүгүн айтып бере аласыңбы? Мисал келтир.

*342-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Сөз уңгу жана мүчөдөн турат. Сөздүн бир бүтүн мааниге ээ, ажырагыс бөлүгү – *уңгу* болуп саналат.**

**Ал өз алдынча туруп, бир маанини билдирет.**

**Сөздүн уңгуга уланган бөлүгү – мүчө деп аталат.**

**Сөзгө куранды (сөз жасоочу) жана уланды (сөз өзгөртүүчү) мүчөлөр улануу менен жаңы сөз же жаңы грамматикалык маани пайда болот. Бирок сөздүн жеке керт башы лексикалык бирдик катары семантикалык, грамматикалык маанинин өзөгүн түзөт. Мисалы, *алма* деген сөз сүйлөм тизмегинде лексикалык мааниден тышкары ар кыл грамматикалык маанилик белгиге да ээ болорун төмөнкү мисалдан көрөлү:**

1. ***Алма отургуздук*** **(жемиш багы).**
2. ***Алма тердик*** **(түшүм).**
3. ***Алма бети нурданды*** **(окшоштуруу, түс).**

*343-көнүгүү.* Бул макалды окуп, түшүнгүлө, жазып алып, андагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

**Көйнөктүн кири – жууса кетет, көңүлдүн кири – айтса кетет.**

*344-көнүгүү.* Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, алардын грамматикалык өзгөчөлүгүн айтып бере аласыңбы? Жообуңду мисалдар менен бекемде.

*345-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисалдарды келтиргиле.



**Уңгу түрүндөгү сөздөр *тубаса сөздөр* деп аталат.**

**Ал эми мүчө улануу менен жасалган сөздөр *туунду сөздөр* болуп саналат.**

*346-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү уңгу, мүчөгө ажыратып, тубаса сөздөрдү бөлүп көрсөткүлө.

**Чыгыштан таң куланөөк тартып, сөгүлө баштады. Бул тиричиликтин белгиси эмеспи. Таң менен эрте турган адамга Теңир ырыскы чачат деп, Акдила дайыма эрте турууга үйрөндү.**

*347-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, алардын кайсынысы туунду экендигин тап.

**Мырзайым дайыма сабакка эрте туруп барат. Ал башка балдардан айырмаланып, эртең менен сумкасын дагы бир сыйра карап, сабакка болгон даярдыгын дагы бир жолу текшерип алат.**



**Урматтуу досум! Бир уңгудан пайда болгон сөздөр *уңгулаш сөздөр* деп аталат. Алар кыргыз тилинде өтө эле көп. Сөздөрдүн уңгулаш экендигин билүү үчүн аларды уңгу, мүчөгө ажыратып, анан аныктоо зарыл. Бир уңгудан тараган сөздөр дайыма маанилик жактан жакын болуп турат. Сөздөрдөгү мына ушул касиетке таянып, уңгулаш экендигин аныктоого болот.**

## МҮЧӨ УЛАНГАНДА УҢГУНУН ӨЗГӨРҮШ СЕБЕПТЕРИ. МҮЧӨНҮН ТҮРЛӨРҮ

*348-көнүгүү.* Төмөнкү макалдагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, алардын грамматикалык өзгөчөлүгүн айтып бере аласыңбы?

**Жаман жолдош жоого алдырат, жаман сөз доого калтырат.**

*349-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Кээ бир мүчөлөр сөзгө уланганда сөздүн мааниси өзгөрүп кеткен учурлар болот. Мына ушундай сөздүн маанисин өзгөртүүгө карата кылган кызматы боюнча мүчөлөр экиге бөлүнөт.**
**1. Сөз жасоочу (куранды). 2. Сөз өзгөртүүчү (уланды).**

*350-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыраткыла, алардагы мүчөлөрдү сөз жасаганына жана сөз өзгөрткөнүнө карап, эки бөлүп жазгыла.

**Биздин тоолор аябай бийик. Алардын чокуларында дайыма мөңгү турат. Биз ичкен суулар мына ошол мөңгүлөрдөн сызылып чыккан булактардан куралып, агып келет.**

*351-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

**1. Буга чейин сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып мүчөлөрүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* деп талдачу белең?**

**2. Эми сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* маанисин табууда кыйналбайсыңбы?**

3. Сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратуунун, *сөз жасоочу же сөз өзгөртүүчү* мүчөлөрдү турмушта колдонуунун зарылдыгы бар деп ойлойсуңбу?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Бир кырдаалды тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, маанилерин аныктагыла унгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* экендигин далилдегиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, маанилерин аныктагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* экендигин далилдегиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андагы айрым сөздөрдү алып, маанилерин аныктагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* экендигин далидегиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* мүчөлөр турмушта кандай учурда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Сөздү унгу, мүчөгө ажыратып, *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* мүчөлөргө тиешелүү эрежелерди мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* маанисин билүүнүн сенин турмушуңда зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *сөз жасоочу* же *сөз өзгөртүүчү* маанисин туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## МОРФОЛОГИЯ ЖАНА ОРФОГРАФИЯ. СӨЗДӨРДҮ КАНТИП ТҮРКҮМДӨРГӨ БӨЛҮҮГӨ БОЛОТ?

*352-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөгү сөздөрдү сөз түркүмдөрүн ажыратып, алардын грамматикалык өзгөчөлүгүн айтып бере аласыңбы?

**Жакшынын сөзү таш эритет, жамандын сөзү баш чиритет.**

*353-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



Сөздөр лексикалык маанисине жана грамматикалык кызматына жараша сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлөт.

***Сөз түркүмдөрү: Негизги сөз түркүмдөрү:***

1) Зат атооч. 2) Сын атооч. 3) Сан атооч.
4) Ат атооч. 5 ) Этиш. 6) Тактооч.

***Кошумча сөз түркүмдөрү:*** 1) Тууранды сөздөр. 2) Сырдык сөздөр.
***Кызматчы сөз түркүмдөрү:*** 1) Байламта. 2) Жандооч. 3) Модалдык сөздөр. 4) Бөлүкчөлөр.

**Сөздөрдү берген маанилерине, коюлган суроолоруна жана аткарган кызматтарына жараша үчкө бөлөбүз: 1. Негизги сөз түркүмдөрүнүн *(зат атооч, сын атооч, сан атооч, этиш, тактооч)* ар биринин суроолору жана туюнтуучу маанилери бар. 2. Кошумча сөз түркүмдөрүнүн *(тууранды сөздөр, сырдык сөздөр)* мааниси бар, суроосу жок, булар сүйлөмгө мүчө боло албайт. 3. Кызматчы сөз түркүмдөрүнүн *(байламталар, жандоочтор, модалдык сөздөр, бөлүкчөлөр)* семантикалык мааниси да, коюлган суроолору да жок, негизги сөздөрдү жандап, алардын бирине кызмат кылат.**

*354-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү зат атоочторду тапкыла.

**Билим өмүрдү узартат. Абийириңди жашыңдан сакта.**

*355-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сын атоочторду тапкыла.

**Адам баласынын акылдуу, чынчыл, билимдүү достору бар. Алардын бири – китеп.**

*356-көнүгүү.* Айланага көз жүгүрткүлө. Көргөн, байкаган көрүнүштөр жөнүндө текст түзгүлө. Алардын арасынан зат атоочторду тапкыла.

## ЗАТТАРДЫ СӨЗ ТҮРКҮМҮ КАТАРЫ АТООГО БОЛОБУ?

*357-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып, алардан зат атооч сөздөрдү таап, грамматикалык өзгөчөлүгүн айтып бере аласыңбы?

**Бугу эне балдарды Ысык-Көлгө жеткирди. Балдар эне дайындаган жерди мекендеп кала бериштi.**

*358-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Заттын маанисин атап көрсөткөн зат атооч сөздөрдү өзүнчө сөз түркүмү катары эсептөөгө толук негиз бар. Анткени ал сөз түркүмүнө коюлган бардык талаптарга жооп берет.**

**Зат атооч заттардын, окуялардын, буюмдардын аттарын билдирип, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берген сөздөрдөн турат. Зат атоочтун өзүнө таандык төмөнкүдөй сөз түркүмдүк белгилери бар:**
**1) жөндөлөт; 2) жекелик жана көптүк санда колдонулат;**
**3) таандык мүчөлөр менен өзгөрөт; 4) жакталат.**

*359-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, алардагы зат атоочторду тап.

**Мырзайым башталгыч классты окуп бүттү. Ал эми жогорку класстын окуучуларына кошулду. Мырзайым буга абдан кубанып жүрөт. Анткени ал башка балдардай эле чоң класста окуганды каалоочу.**

## ЭМНЕГЕ ЗАТ АТООЧ ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ БОЛУП БӨЛҮНӨТ?

*360-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Зат атооч сөздөр курамына жараша экиге бөлүнөт. Бир сөздөн турган зат атооч сөздөр *жөнөкөй зат атооч* деп аталса, эки же андан ашык сөздөн турган зат атооч сөздөр *татаал зат атооч* деп аталат.**

*361-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, алардын кайсынысы зат атооч экендигин тапкыла.

**Китеп – билим булагы. Ал аркылуу дүйнөдөгү бардык нерсени таанууга болот. Китеп аркылуу не бир укмуштарды биле аласың.**

## ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨР КАНТИП ЖАСАЛАТ?

*462-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү унгу, мүчөгө ажыратып, алардын кайсынысы зат атооч экендигин тап, кантип жасалганын аныкта.

**Кыргыздын залкар акындардын бири – Женижок. Ал өтө акылдуу болгон. Акындык таланты эрте билинген. Жетим жүрүп жетилген. Анын акыл-насаатка толгон ырлары азыр да эл арасында оозеки айтылып жүрөт.**

*363-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү бош орундарга зат атооч сөздөрдү кой. Аны кантип, эмнеге негиздеп койгонуңду айтып бергиле.

**...биздин байлыгыбыз. Анда ... көп. Алар ... кызмат кылат. Адамдар ... жашай албайт.**

## ЭНЧИЛҮҮ ЖАНА ЖАЛПЫ ЗАТ АТООЧТОРДУ КАНТИП АЙЫРМАЛООГО БОЛОТ?

*364-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду тап, алардын берген маанилерин аныктагыла.

Кыргыздар көчмөн эл болгон. Азыр көчмөн элдердин маданияты көп окумуштууларды кызыктырып жатат. Алар бул багытта залкар эмгектерди жаратууда.

*365-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



Кыргыз тилиндеги зат атоочтор маанисине карай эки чоң топко бөлүнөт: *жалпы аттар* жана *энчилүү аттар.*

Жалпы аттарга бир түрдүү, бири-бирине окшош заттарга, кубулуштарга, жан-жаныбарларга жалпылана коюлган аттар кирет: жылкы, уй, бак, бала, мектеп ж. б.

Энчилүү аттарга жеке адамдардын, буюмдардын, жаратылыштагы көрүнүштөрдүн ар бирине жеке энчиленип берилген аттар кирет. Энчилүү аттар бир затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалап бөлүп көрсөтөт. Мисалы, Айша, Нурбек, Токторбек, Кумайык ж. б.

*366-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду тап, алар кандай маани берип жаткандыгын аныкта.

Осмонаалы молдо Кочкордо туулган. Анда билим, сабаттуулук деген жок. Бир өрөөндө бир молдо. Осмонаалы ошол молдолордун биринен окуйт. Кийин кыргыздын тарыхын биринчилерден болуп жазууга жетишет.

## ЭНЧИЛҮҮ АТТАРДЫ ТУУРА ЖАЗА АЛАСЫҢБЫ?

*367-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду таап, алардын кайсынысы жалпы, кайсынысы энчилүү экендигин айтып бер.

Осмонаалы молдо кийин Бухарадан окуйт. Ал билим жетишсиз болуп, кийин Уфага окууга барат. Мына ушул жерден медиресени бүтүп, жогорку билимдүү деген күбөлүк алган соң, кыргыздардын тарыхын жазууга киришет. Анын «Тарых кыргызиясы» Уфадан басылып чыгат.

Ал өзбек, татар, иран тилдерин жакшы билген адис болгон.

*368-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Энчилүү аттар сүйлөмдүн кайсы жерине келсе да баш тамга менен башталып жазылат.**

**Энчилүү аттар адамга, жаныбарларга, жер-сууга, мекеме, коом, мамлекет, ишканаларга ж. б. коюлат. Алар бир же бир нече сөздөн түзүлөт. Кээ бирлери тырмакчага алынып, сызыкча менен ажыратылып жазылат.**

## ЗАТ АТООЧТУН МҮЧӨЛӨР БОЮНЧА ӨЗГӨРҮШҮ

*369-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду таап, алардын кайсынысы жалпы, кайсынысы энчилүү экендигин аныктагыла, аларга кандай мүчөлөр жалганганын айтып бергиле.

Биз дем алыш күнү мына бул айылдын четинде турган тоого бардык. Ал мага мурда жөн эле катар тизилип турган тоолордой көрүнчү. Көрсө, ар бир коктунун, колоттун, чокунун, зоонун, асканын аты болот экен. Аны бизге кыргыз тил эжейибиз айтып берди. Мына бул маңдайда асман тиреп турган бийик чокунун аты – Баба-Ата тура. Тиги кыр – Токтосундун кырлары деп аталат. Бу коктуну Өмүрдүн коктусу дейт. Деги аты болбогон жер жок экен.



Урматтуу досум! Зат атоочтордун татаал түрү синтаксистик жол, ал эми жөнөкөй түрү морфологиялык жол менен жасалат. Зат атоочту жасоочу мүчөлөр куранды (сөз жасоочу) мүчөлөр болот.

*370-көнүгүү.* Зат атоочтордун өзгөрүшүн кара, аларга уланган мүчөлөр кандай маани берип жаткандыгын аныкта.

Атооч сөздөрдөн зат атооч жасай турган курандылар:
- **лык:** тазалык, азаттык.
- **лаш:** сырдаш, курдаш.
- **чык:** иримчик, көлчүк.
- **чак:** түйүнчөк, келинчек.
- **ча:** моюнча, көрпөчө.
- **кеч:** пайдакеч, мээнеткеч.
- **кор:** камкор, жалакор.
- **гер:** соодагер, айлакер.
- **стан:** гүлстан, көрүстөн.

- **чылык:** теңчилик, жашчылык.

Этиш сөздөрдөн зат атооч жасай турган курандылар:

- **ма:** сайма, чыгарма.
- **ым:** тыным, билим.
- **ык:** тилек, боёк.
- **ак:** жүрөк, төшөк.
- **ыш:** келиш, батыш.
- **га:** камылга, тутка,
- **гын:** сүргүн, туткун.
- **гыч:** кескич, сүзгүч.
- **ыт:** тоют, күйүт,
- **мал:** ташымал, ачымал.

**Сөз жасай турган курандылар тилдин корун байытат, жаңы сөз жасайт.**

## ЗАТ АТООЧ СӨЗДҮН КӨПТҮК САНДА ӨЗГӨРҮШҮ

*371-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду тап, алардын кайсынысы көптүк, кайсынысы жекелик санда турганын аныктап, аларга кандай мүчөлөр колдонулганын айт.

**Дүйнөдөгү эң чоң көлдөрдүн бири – Ысык-Көл. Ысык-Көлгө 80ден ашык суулар куят. Алардын арасындагы өтө чоң суулар: Түп, Жыргалаң, Чоң-Кызыл-Суу, Жууку жана башкалар. Көлдүн жээктеринде булуңдар көп. Чыгыш тарабында Жыргалаң жана Түп, ал эми түштүк тарабында Кызыл-Суу, Тамга.**

*372-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Көптүк мүчө *-лар* сөздөргө уланса, заттын көптүк санын билдирет. Көптүк мүчө *-лар* кыргыз тилинде он эки вариантта өзгөрөт:**

***-лар: -лер, -лор, -лөр*** **(чаналар, энелер, тоолор, төөлөр);** ***-дар, дер, -дор, -дөр;*** **(кыздар, кендер, тондор, көлдөр)** ***-тар, -тер, -тор, -төр*** **(аттар, эликтер, ороктор, өрүктөр).**

**Көптүк мүчө *-лар* эне тилдин үндөштүк законуна ылайык өзгөрөт.**

*373-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сөздөрдү жекелик жана көптүк санда деп талдаган учуруң болду беле?

2. Эми сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, көптүктү билдирген сөздөрдү табууда кыйналбайсыңбы?

3. Сөздөрдүн жекелик жана көптүк маанилери турмушта кандай шартта колдонулат деп ойлойсуң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, көптүк жана жекелик мааниси боюнча талдагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, *көптүк мүчө* уланган зат атоочторду мисалдар менен аныктагыла.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, көптүк жана жекелик мааниси боюнча талдагыла, уңгу, мүчөгө ажыратып, *көптүк мүчөнү* мисалдар менен аныктагыла.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сөздөрдү алып, көптүк жана жекелик мааниси боюнча талдагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, *көптүк мүчө* уланган зат атоочторду мисалдар менен аныктагыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, *көптүктү уюштуруучу* мүчөлөр турмушта кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Сөздү унгу, мүчөгө ажыратып, *көптүктү аныктоочу* мүчөнүн варианттарын мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн *көптүк* маани берерин билүүнүн сен үчүн зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүң сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, *көптүк* мүчөлөрдү туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ЗАТ АТООЧТУН ТААНДЫК ЖАНА ЖАК ТААНДЫК МҮЧӨЛӨР МЕНЕН ӨЗГӨРҮШҮ

*374-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн зат атоочторду таап, алардын арасынан таандыкты билдирип турган сөздөрдү аныкта.

### Өмүр баян

Менин өзүмдүн атым – Түгөлбай. Атамдын аты – Сыдыкбек. Менин балалыгым кыргыз элинин башына мүшкүл түшкөн учурга туш келди. Эс тарткандан билгеним жарыбаган турмуш, жокчулук болду. Бирок биз ошол жокчулукту толук жеңип, эл ке-

регине жараганга аракеттендик. Кажыбаган эмгегим менен мына ушул даражага жеттим. Кыргыз эли тааныган жазуучу болдум.

*375-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Ар бир зат өз алдынча эч кимге көз каранды эместей көрүнгөнү менен, алар айрым учурда бири экинчисине таандык болот. Мына ошол бири экинчисине таандык болгон заттарды кыргыз тилинде таандык мүчөлөр жасайт. Алар төмөнкүлөр:**

| *Жекелик санда:* | *Көптүк санда:* |
|---|---|
| 1. Китебим | китептерим |
| 2. Китебиң, китебиңиз | китептериң, китептериңиз |
| 3. Китеби | китептери |

**Таандык мүчөлөр затты үч жактын бирине таандык кылат.**



*376-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдө таандык мүчөнүн кайсы түрүн кездештирдиң.

**Эне тилим – эне сүтүм, сүйгөнүм.**
**Бир өзүндө бар жыргалы дүйнөнүн.**

*377-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү окуп, аларга таандык мүчө улап, туура жаз. Өзгөчөлүктөрүн айтып бер.

**1. Китеп + ым, тил+ ым, чоң ата +ым, сүйүү + ым, саат+ ым, музыка + ым.**

**2. Карындаш + ың, ини + ың, кулун + ың, ат + ың, үкү + ың, жазуу + ың.**

**3. Курбу + (с) ы, небере + (с) ы, чоң эне + (с) ы, кыз + (с) ы.**

*378-көнүгүү.* Төмөнкү сөз айкаштарындагы көп чекиттин ордуна тийиштүү мүчөлөрдү ула, сөздөр кандай өзгөчөлүккө ээ болгонун аныкта.

**Атамдын камчы..., сенин китеп..., менин дептер..., Айназиктин машина..., Аруузааданын мектеп..., Маралдын бөлмө..., Акдиланын куурчак ...**

## ЭМНЕГЕ ТААНДЫК МҮЧӨ СЫЛЫК ТҮРГӨ МУКТАЖ?

*379-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн таандык мүчө уланган зат атоочторду таап, алардын кандай таандыкты билдирип турганын айт.

**Биздин класска жаңы мугалим келиптир. Ал класстагы окуучулар менен тааныша баштады. Биринчи катарда отурган Эштектен сурады:**

**– Сенин атың ким?**

**– Эштек.**

**– А сенин атың ким? – деп сурады Эштек мугалимден. Мугалим ыңгайсыз болду да:**

**– Шайлообек, – деди акырын. Мугалим андан ары эч кимдин атын сураган жок. Сабак өтүүгө киришти.**

**Танапис болду. Айназик Эштекти бир муштады. Чочуп кеткен Эштек:**

**– Мен сага эмне кылдым? – деди.**

**– Сен мага эч нерсе кылган жоксуң, бирок оройлугуң менен биздин агайды таарынтып койдуң, – деди.**

**– Эмне кылып таарынттым агайды?**

**Эштек таңданды, өзүнүн катасын билген жок. Бирок бардык балдар Эштектин оройлугуна нааразы болушту.**

*380-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



Кыргыз тилинде экинчи жак таандык мүчөсү өзгөчөлөнүп, айырмаланып турат. Кыргыздар өздөрүнүн улууларга сылык түрдө кайрылгандыктан улам, экинчи жакка таандык улангынын **сен** деген орой түрү менен катар, **сиз** деген сылык түрү да кездешет.

2-жактын орой түрү өзү менен тең же өзүнөн кичүү адамга кайрылган учурда колдонулса, ал эми сылык түрү өзүнөн улууларга кайрылган учурда колдонулат.

2-жактын сылык түрүнүн жекелик санын **-ыңыз**, ал эми көптүк санын **-ыңыздар** мүчөлөрү уюштурат.

*381-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөн таандык мүчөнүн кайсы түрлөрүн кездештирдин?

**Урматтуу мекендештер! Мен сиздердин ишенимиңиздерди актоого аракеттенем. Кыргызстанды коргоо менин ыйык милдетим деп эсептейм. Эгер Мекенимди коргосом, сиздерди эле эмес, эне тилимди коргогон болуп эсептелем. Эне, сиздин ак сүтүңүздү актоого аракеттенем.**

**Мына бул антты берип жаткан сиздин уулуңуз, Максат.**

*382-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү жекелик жана көптүк санда үч жакка таандык кылып жазгыла.

**Капчыгай, түндүк, суу, булак, топурак, саат, карагай, арча, Бакай, баатыр.**

## ТААНДЫК ЖАЛПЫ БОЛУШУ МҮМКҮНБҮ?

*383-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн таандык мүчө уланган зат атоочторду тап, алардын кандай таандыктын кайсы түрүн билдирип турганын айт.

### Кыргызстандын кен байлыгы

**Кыргызстанда жердин алдынын бардыгы тең эле кен байлыкка толгон дешет. Кыргызстанда көмүр өтө көп экендиги анык, ал байлык – элдики. Ага меники болсо деп көз арткандар арбын. Алтын да жетиштүү болгону менен аны менчиктеп бөлүп кетишти. Азыркы байлар кызык, баары эле меники болсо дешет. Мамлекеттики болгонун каалашпайт, өздөрүнүкү кылгысы келип турушат.**

*384-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, эске тутуп калгыла, ар бир мүчөгө бир нечеден мисал келтиргиле.



Кыргыз тилинде таандыктын **-ныкы** мүчөсү жалпы таандыкты билдирет.

2-жактын орой түрү **(сен)** өзү менен тең, же өзүнөн кичүү адамга кайрылат, сылык түрүндө **(сиз)** өзүнөн улууларга кайрылган абзел.

2-жактын сылык жекелик түрүнүн мүчөсү **-ыңыз**, ал эми көптүк түрүнүкү **-ыңыздар**.

*385-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдү окуп, аларга жалпы таандык мүчөнү улап, сүйлөм түз. Уланышындагы өзгөчөлүктөрдү айтып бер.

**1. Селки, күрөк, сугат.**
**2. Чырпыкты, талкуу, көкүл, карлыгач.**
**3. Жолоочу, Кунар, тегерек, баркыт.**

*386-көнүгүү.* Төмөнкү бош орундарга тийиштүү сөздөрдү койгула, аларга жалпы таандык мүчөнү улагыла, алар кандай өзгөчөлүккө ээ болуп жаткандыгын аныкта.

**Бир кичине бала сууга агып келе жатканын балдар көрүштү да, аны суудан чыгарышты. Ал кимдики экендигин изилдей башташты балдар.**

– Бул бала ... , – деди Аскар.

– Жок, бул бала ..., – деди Мырзайым.

– Бул небере ..., – деди Акдила.

– Бул бала меники, – деди Амантур. – Анткени сууга агып келе жатканда мен таап албадымбы?

Баары күлүп калышты.

**Зат атоочтун жак мүчөлөр менен өзгөрүшү заттардын жакталышы деп аталат.**



*387-көнүгүү.* «Менин үй-бүлөм» деген темада эссе жазгыла. Андан таандык мүчөлөр уланган сөздөрдү бөлүп, алар кайсы жакка таандык экендигин аныктагыла.

## ЗАТ АТООЧТУ МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН КАНТИП ТАЛДООГО БОЛОТ?

Башка сөз түркүмдөрдөй эле зат атоочту дагы талдоонун жолдору бар. Анын тартиби боюнча зат атоочту төмөнкүдөй тартипте талдоого болот.

1. Кайсы сөз түркүмүнө жатат, анын лексикалык мааниси.
2. Кандай суроого жооп берет.
3. Морфологиялык белгилери.
   а) уңгулук касиети (уңгу түрүндө);
   б) жалпы же энчилүү ат;
   в) жалганган мүчөсү кандай (сөз жасоочу, көптүк, жөндөмө, жак, таандык).
4. Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү же сүйлөм ичинде кандай милдет аткарат?

## СЫН АТООЧТУ КАНТИП АНЫКТАЙБЫЗ?

*388-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн лексикалык маанилерин таап, алардын кайсынысы сын атоочко кирет деп ойлойсуң, эмнеге?

Ак карлуу Ала-Тоону жердеген кыргыздарда төкмө акындарды абдан баалашкан. Акылы тунук, мээси таза, залкар акындардын ырлары ооздон оозго өтүп, айтылып келет. Алардын өтө акылдуу, аябай таланттуу болгондорунун гана ырлары эл арасында сакталып калган. Чыныгы таланттуулар гана азыркы мезгилге чейин белгилүү болуп калууда.

*389-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, жытын жана башка абалын билдирип, кандай деген суроого жооп берген сөздөр сын атооч деп аталат. Сын атоочтордун лексикалык маанисин аныктоо үчүн *кандай?* жана *кайсы?* деген суроолорду берүү керек.**

*390-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

**1. Буга чейин сөздөрдү сын атооч деп талдачу белең?**

**2. Эми сөздөрдүн арасынан сын атооч сөздөрдү табууда кыйналбайсыңбы?**

**3. Сөздөрдүн сын атоочтук маанилери турмушта кандай шартта колдонулат деп ойлойсуң?**

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, *сын атооч* экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, *сын атооч* экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча талдагыла, унгу, мүчөгө ажыратып, *сын атооч* экендигин мисалдар менен аныктагыла.

**Жалпы тапшырмалар:**

**1. Сын атооч сөздөр турмушта кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?**

**2. Сын атооч сөздөрдүн мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?**

**3. Сын атооч сөздөрдүн билүүнүн аны турмушунда колдонуунун сен үчүн зарылдыгы барбы?**

**Өз алдынча иштөө:**

**Өзүң сын атооч сөздөрдү туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.**



**Урматтуу досум! Сын атоочтор сүйлөмдө негизинен зат атоочтун аныктоочу, сүйлөмдүн баяндоочу жана этиштик баяндоочтун бышыктоочу болуп кызмат аткарат. Сын атоочтун даража категориясы бар.**

## ЗАТТЫН СЫН-СЫПАТЫН АТООГО БОЛОБУ? АНЫ АТАГАН СӨЗ ТҮРКҮМҮНҮН КУРАМЫН КАНДАЙ ЭЛЕСТЕТЕ АЛАСЫҢ?

*391-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын атоочторду тап, алардын кандай маанини билдирип турганын айт.

**Биздин класстан бийик тоолор көрүнүп турат. Алар аппак кар менен жыш жабылган. Жаңы кар күн нуруна чагылышып, жарк-журк этип, өзгөчө кооз. Кыштын керемети да мына ушул жаңы жааган карда экендигин мен буга чейин сезбептирмин. Тиги аппак жөө тумандар тунук асмандын этегин жаап бир нерсени катып тургандай.**

*392-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Сын атоочтор заттын төмөнкүдөй касиеттерин көрсөтөт:**

**1. Заттын сын-сыпатын:** *жакшы, жаман, түзүк, начар, катуу, жумшак, борпоң.*

**2. Заттын өңү-түсүн:** *ак, көк, күрөң, сары, кара, кочкул кара.*

**3. Заттын жытын даамын:** *сасык, жыттуу, күлүмсү, ачуу, таттуу, ширин, кыйгыл.*

**4. Заттын абалын:** *суук, жылуу, ысык, салкын, мелүүн, капалуу, ойлуу, тунук, киргил.*

**5. Заттын көлөмүн, ченемин:** *бөксө, толтура, кең, тар, мелт-калт, кууш.*

**6. Заттын кебетесин, өлчөмүн:** *тоголок, жалпак, сүйрү, коюу, суюк, узун, ийри, кыска, терең, тайыз, арзан, кымбат, семиз, оор.*

**7. Заттын мүнөзүн жана белгилерин:** *жоош, тентек, шок, шайыр, март, шамдагай, ойлуу, өңдүү, шум.*

*393-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн арасынан сын атоочторду тап, аны кантип тапканыңды айтып бер.

**Жакшы бала тил алчаак болот, жаман бала уялчаак болот.**

*394-көнүгүү.* «Биздин аймактагы кооз жерлер» деген темада эссе жазгыла. Андан сын атоочторду таап, алар кандай маани берип жаткандыгын айтып бергиле.

## СЫН АТООЧТУН ЖАСАЛЫШЫНА КӨҢҮЛ БУР

*395-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн сын атоочторду тап, алардын кандай маанини билдирип турганын айт.

Алмалуу, бийик, тоолуу, көрк, алар, аппак, кар, жыш, жаңы, күн, чагылат, жарк-журк, кооз, кыш, алтын, керемет, мына, ушул, менен, чейин, жөө тумандар, тунук.

*396-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, сын атоочтун ар бир түрүнө мисал келтиргиле.

Сын атоочтор турпатына жараша *жөнөкөй сын* (ак, көк, боз), *татаал сын* (көпкөк, капкара, ачык-айрым) деп эки түргө бөлүнөт.

*Уңгу түрүндө:* ак, көк, сары, боз, сур, мала, кара, ала, кыска, курч.

*Тубаса сын:* ак, көк, таза, суюк, бөксө, жылуу, саргыч, ачуу, таттуу, узун, кыска, мокок, курч, чоң, кичине, жаш, картаң, бийик, жапыс.

*Туунду сын:* күчтүү, сүттүү, ишсиз, жолсуз, куйкумчул, терчил, сырдаш, курдаш, тоодой, ишмер, унутчаак, тырышчаак.

*Кошмок сын:* жыланбаш, кераяк, терсаяк, карамүртөз, аякооз, ачкөз.

*Кош сын:* улуу-кичүү, жоон-ичке, арык-семиз, ачык-айрым, жөө-жалаң, жоон-жолпу, майда-чүйдө, оңой-олтоң, самтыр-сумтур, узун-учук.



Урматтуу досум! Сын атоочтордун уңгусу сын атооч болсо *тубаса сын* дейбиз. Башка сөз түркүмдөрүнөн жасалса **туунду сын** болот. Сын атоочтор сүйлөмдө – аныктоочтук жана баяндоочтук милдетти аткарат.

## СЫН АТООЧТУ СИНТАКСИСТИК ЖАНА МОРФОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ТАЛДООНУН ЗАРЫЛДЫГЫ

*397-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн лексикалык маанисин таап, сын атоочтор кандай жолдор менен жасалгандыгын аныкта, эмне себептен мына ушундай пикирге келгениңди далилде.

Сүйүктүү татынакай, сулуу тилим,
Мээримдүү жүрөгүмө жылуу тилим.

Ширелген жакут менен көркү чексиз,
Тамшанткан, такылдаткан балдан ширин.

*А. Токтомушев*

*398-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



Сын атооч морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалат.

*Сөз жасоочу мүчөлөр* жалгануу менен жасалып, заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, жытын жана башка абалын билдирип *кандай? кайсы?* деген суроого жооп берген сын атооч сөздөр *морфологиялык* жол менен жасалган сын атоочтор болот.

Сын атоочтор айрым учурда эки же андан көп сөздөрдүн биригишинен жасалат. Мындай жол менен жасалган сын атоочторду синтаксистик жол менен жасалган сын атоочтор дейбиз. Мисалы, ***Аппак кардай таптаза сезим менен балдар Мекенин сүйүүгө тийиш.***

*399-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин сын атооч сөздөрдүн маанилик айырмачылыгын изилдеп, аны унгу, мүчөгө ажыратып талдачу белең?
2. Эми кыргыз тилиндеги сөздөрдүн арасынан сын атоочту билдирген сөздөрдү табууда, алардын кандай жол менен жасалганын аныктоодо кыйналбайсыңбы?
3. Сын атооч сөздөр турмушта колдонуунун зарылдыгы бар деп деп ойлойсунбу?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана унгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, сын атоочтор кандай жол менен жасалгандыгын мисалдар аныктагыла, сын атоочтун жасалышына мисалдар келтиргиле.

**2-топко:** Өзүнөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана унгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, сын атоочтор кандай жол менен жасалгандыгын аныктагыла, сын атоочтун жасалышын мисалдар келтиргиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан айрым сын атооч сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана унгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, сын атоочтор кандай жол менен жасалгандыгын аныктагыла, сын атоочтун жасалышына мисалдар келтиргиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Сын атооч сөздөр турмушта кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Сын атооч сөздөрдү маанилерине, унгу, мүчөгө ажыратып талдоону мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Сын атооч сөздөрдүн жасалышын билүүнүн сенин турмушуңда зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү сын атооч сөздөрдүн жасалышын толук өздөштүрүп, аны туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.



Урматтуу досум! **Сын атоочторду талдоонун** төмөнкүдөй тартиби бар:

1. Кайсы сөз түркүмү, мааниси. Кандай суроого жооп берет?
2. Белгилери: жөнөкөй же татаал.
3. Жасалуу жолдору.
4. Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү.

## ЗАТТЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТИН АТООГО БОЛОБУ? АНЫ АТАГАН СӨЗ ТҮРКҮМҮНҮН КУРАМЫН КАНДАЙ ЭЛЕСТЕТЕ АЛАСЫҢ?

*400-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап, алардын кандай маанини туюнтуп турганын айт.

Алыкул ата-энесинен эрте ажырады. Ошол себептен ал өтө жаш кезинен эле балдар үйүндө тарбияланып, билимди мына ушул жерден алды. Анын акындык шыгы да эрте биline баштады. Он төрт жашында алгачкы ырын жазып, аны бирге окуган балдарга тааныштырды. Бирок замандаштары анын бул ырларына анча маани беришкен эмес. Бирок ал талбай эмгектенип, таланттуу акын экендигин элге далилдей алды.

*401-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



Заттын кыймыл-аракетин жана анын абалын билдирген сөздөрдү **этиш** дейбиз. Ал **эмне болду? эмне болуп жатат? эмне болот? эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?** деген суроолорго жооп берет.

*402-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн арасынан этиштерди тап, алардын кантип аныктаганыңды айтып бер.

Жаз келди. Баары жаңылана түштү. Кыш бою жер бетин каптап жаткан кар кетип, ала шалбырт болду. Мына ушинтип жаз менен кошо тиричилик башталды. Жер айдоо иштерине карата даярдыктар көрүлүп, айыл жергеси шатыра-шатман. Мал төлдөп, ал да – өзүнчө түйшүк.



Урматтуу досум! Этиштер төмөнкүдөй касиетке ээ:

1. Этиш белгилүү бир жакта турат. **Мисалы,** *Жакшылык жерде калбайт.* (3-жак).
2. Этиш чакта аракетке келет. **Мисалы,** *Бизде сабак аяктап калган.* (Өткөн чак)
3. Этиш баяндоочтук милдет аткарат. **Мисалы,** *Келгин куштар келе баштады.*
4. Этиш сүйлөмдө ээ менен жак боюнча байланышат. **Мисалы,** *Айназик окуусуна эрте барат.* ( 3-жак)
5. Этиш сүйлөмдө ээ менен сан боюнча байланышат. **Мисалы,** *Мен айылдан бүгүн эле келдим.* (Жекелик сан)

*403-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн этиштерди тап, аларды кантип аныктаганыңды айтып бергиле.

**Биздин айылда бүгүн майрам болуп жатат. Анткени бизге биринчи жолу зоопарк келди. Зоопаркта биз атын угуп, өзүн көрө элек көптөгөн жаныбарлар бар экен. Тиги музда жашаган ак аюуну көрүп, абдан таң калдым.**

*404-көнүгүү.* «Биздин мектеп» деген темада эссе жазгыла. Андан этиштерди таап, алар кандай маани берип, кандай кызмат аткарып жаткандыгын айтып бергиле.

## ЭТИШТИН ЖАСАЛЫШЫНА КӨҢҮЛ БУР

*405-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн этиш сөздөрдү тап, алар сүйлөм ичинде кандай маанини билдирип турганын аныктагыла.

**Кыргыздардын ичинде биринчилерден болуп балдарга арнап китеп жазган К. Эсенкожоев экенин билесиңби? Ал ушунчалык чыгармачыл адам болгон. Ал кыргыз адабиятында фантастикалык чыгармаларды да биринчилерден болуп жазган. Торпоктун терисин ийлеп, шар жасап, асманга учууга аракеттенгендигин замандаштары айтып эскеришкен. Ал эми мына ошол аракетине таасирленип, «Үчүнчү шар» аттуу фантастикалык чыгармасын жазып балдарга тартуулаган.**

*406-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Грамматикалык түзүлүшү боюнча этиш сөздөр экиге бөлүнөт.**

**Жөнөкөй этиштер. Мисалы, *бас, тур, оку.***

**Уңгу этиштер: *бас, тур, отур, оку, жаз.***

**Туунду этиштер. Мисалы, *окуба, жазыш, орон, каттал, чачыра, күлүмсүрө.***

**Татаал этиштер. Мисалы, *бара жатат, окуп турат, көз сал, тарс эт, алып ал, бере бер, ала чык.***



Урматтуу досум! **Уңгу этиштер** турган турпаты менен кыймыл-аракетти билдирет. Ал эми башка сөз түркүмдөрүнөн жасалып, этишти билдирген сөздөрдү **туунду этиштер** деп айтабыз.

## ТАТААЛ ЭТИШТЕР, АЛАРДЫН ЖАСАЛУУ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*407-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн этиш сөздөрдү тап, алар сүйлөм ичинде кандай маанини билдирип, кандай түзүлүшкө ээ болуп турганын айт.

**Марал айылда жашаган ата-энесине кат жазып жатты. Анда алардын ден соолугун сурап, жакында бара тургандыгын билдирди. Шаарда окуган оор экендигин, мында өзүнүн күчүнө ишенген адамдар гана чыныгы билим ала тургандыгын айтып, ата-энесинин ишенимин толук аткарарын билдирди. Мына ушундай таланттуулардын мектебине киргизип, залкар музыка чеберлеринен сабак алып жатканына атасына абдан ыраазычылыгын айтты.**

*408-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

Грамматикалык түзүлүшү боюнча татаал этиштер негизги жана жардамчы этиштер деп экиге бөлүнөт:

*1. Негизги этиштер* кыймыл-аракеттин өзөгүн билдирип, негизги ойду ээлеп турат.

*2. Жардамчы этиштер* ал негизги кошумча маани берүү менен сүйлөмдө жардамчы кызматты аткарып турат.

Мисалы, *Айназик окуп отурат* деген сүйлөмдү алсак, анда ***окуп*** негизги этиш болуп саналат. Анткени кыймыл-аракеттеги негизги ой мына ушул окугандыгы жөнүндө болууда. Ал эми ***отурат*** де-

ген этиш негизги кыймыл-аракетке жардамчы гана маани берип тургандыктан, аны **жардамчы этиш** деп туюндурушат.



Урматтуу досум! *Негизги этиш* менен *жардамчы этишти* бөлүп кароого болбойт. Анткени сүйлөм ичинде экөө биригип келип бир маанини билдирет. Бир суроого жооп берет. Сүйлөм ичинде бир мүчө катары келет.

Негизги этишке **-ып, -а (-й)** мүчөлөрү уланат.

*409-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн татаал этиштерди көрсөткүлө. Алардын өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

Бүгүн 9-май. Аны мектеп окуучулары жакшылап майрамдоого даярданып келишти. Айылда бул согушту көргөн Ысак чоң ата гана калган экен. Балдар аны мектепке чакырып барышты. Ал согуш жөнүндө мектеп окуучуларына айтып берди. Бул күн жөн эле жеңиш майрамы болбой, көптөгөн кыйынчылыктар менен келгендигин балдар эми жакшы билишти.

## ЭТИШТИН ЖАКТАЛЫШЫ

*410-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн лексикалык маанисин таап, этиштер кандай жолдор менен жасалгандыгын айт, эмне себептен мына ушундай пикирге келгениңди далилде.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса, толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.

*А. Осмонов*

*411-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

Этишке улануучу жак мүчөлөр:

Жекелик түрү:

1-жак: *бара-**мын*** (толук түрү), *бара-**м*** (толук эмес түрү).

2-жак: бара-**сың** (толук түрү), *барса-**ң*** (толук эмес түрү).

2-жак (сылык түрү): *бара-**сыз*** (толук түрү), ***барсаңыз*** (толук эмес түрү).

3-жак: *бара-**т*** (толук түрү); толук эмес түрү жок.

**Көптүк түрү:**

1-жак: бара-**быз** (толук түрү) бар-**дык** (толук эмес түрү).

2-жак: *бара-**сыңар*** (толук түрү) барса-**ңар** (толук эмес түрү).

2-жак (сылык түрү): *бара-сыздар* (толук түрү), *барсаңыздар* (толук эмес түрү).

3-жак: *барыша-т* (толук түрү); толук эмес түрү жок.

*412-көнүгүү.*

**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин этиштин маанилик айырмачылыгын изилдеп, аны уңгу, мүчөгө ажыратып талдачу белең?

2. Эми кыргыз тилиндеги сөздөрдүн арасынан этишти билдирген сөздөрдү кандай жол менен жасалганын табууда кыйналбайсыңбы?

3. Этиш сөздөрдүн уңгу, мүчөгө ажырашы, алардын маанилик касиети турмушта кандай шартта колдонулат деп ойлойсуң?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Текст түзгүлө. Андан айрым этиш сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана уңгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, *этиш сөздөр кандай жол менен жасалганын, жак боюнча өзгөрүшүн* аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

**2-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан этиш сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана уңгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, *этиш сөздөр кандай жол менен жасалгандыгын, жак боюнча өзгөрүшүн* аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

**3-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан этиш сөздөрдү алып, мааниси боюнча жана уңгу, мүчөгө ажыратып талдагыла, *этиш сөздөр кандай жол менен жасалгандыгын, жак боюнча өзгөрүшүн* аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Этиш сөздөр турмушта кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Этиш сөздөрдү маанилерине, уңгу, мүчөгө ажыратып, талдай аларыңа, мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Этиш сөздөрдүн жасалышын билүүнүн сенин турмушуңда зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү этиш сөздөрдүн жасалышын толук өздөштүрүп, аны туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ЭТИШТИН МЕЗГИЛГЕ КӨЗ КАРАНДЫ БОЛУШУ МҮМКҮНБҮ?

*413-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдөн этиш сөздөрдү тап, алар сүйлөм ичинде кандай маанини билдирип турганын жана кайсы мезгилге таандык экендигин айтып бер.

**Акдила классташтарына эртең менин туулган күнүм деп койду. А чынында ал күн он күндөн кийин болмок. Классташтары ишеништи да, аны куттуктап коюу үчүн белек камдашты. Алардын алып келген белеги Акдилага жаккан жок. Дагы белек алуу үчүн ал туулган күнүн кийинкиге калтырууну чечти. Бирок ал күнү классташтары келбей тургандыгын билбеди. Классташтарды алдап коюу жаман экендигин кийин түшүндү.**

*414-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Этиш кыймыл-аракетти билдирген үчүн ал кандайдыр бир мезгилге көз каранды болуп саналат. Ал сүйлөм ичинде мезгилдик өзгөчөлүктү өзгөртүүчү учур менен аныкталат.**

**Ушуга байланыштуу этиштин чактары *үчкө* бөлүнөт:**

**1. Учур чак – кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурда болгондугун көрсөтөт. Мисалы, *Асан 5-класста окуйт.***

**2. Өткөн чак – кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгүн көрсөтөт. Мисалы, *Эсенбек шаарга которулуп кеткен.***

**3. Келер чак – кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин болорун келерин көрсөтөт. Мисалы, *Эртең мектепте кино болот.***

**Чак** өзгөчөлүгү этишке гана мүнөздүү, ошондуктан ал ушул касиети менен башка сөз түркүмдөрдөн айырмаланып турат.

## ЭТИШТИН УЧУР ЧАГЫ КАНТИП ЖАСАЛАТ?

*415-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн этиш сөздөрдү тап, алар сүйлөм ичинде кандай мезгилди билдирип турганын айтып бер.

**Мырзайым бүгүн мектепке эрте келе жатты. Ал азыр текшерүү иштин жыйынтыгын классташтарына айтып берет. Ал математикадан жакшы билгендиктен, мугалим эжейи аны өзүнө жардамчы кылып алган.**

*416-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Этиштин учур чагы сүйлөп жаткан мезгилдеги кыймыл-аракетти билдирет да: *эмне болуп жатат? эмне кылып жатат? кайда турат?* деген суроолорго жооп берет. Алар келер чактын -а, өткөн чактын -ып мүчөсүнүн жардамы менен жасалат.**

**Мисалы, Учур чак:**

| **Жөнөкөй түрү:** | ***Татаал түрү*** |
|---|---|
| ***Бала бешикте жатат.*** | ***Күн тийип турат.*** |
| ***Аюу чээнде жашайт.*** | ***Шамал келе жатат.*** |
| ***Чырак терезеде турат.*** | ***Аккан суу ага берет.*** |
| ***Асан шаарда окуйт.*** | ***Чөп чыгып жатат.*** |



**Урматтуу досум! Башталып, аяктала элек кыймыл-аракетти же үзгүлтүксүз, дайыма болуп туруучу кыймыл-аракетти билдирген этиштин чагын *учур чак* дейбиз.**

*417-көнүгүү.* Төмөнкү жакталышты окуп, кайсынысы туура экендигин аныкта.

1. Мен бара жатам.
Биз бара жатабыз.
Силер бара жатасыңар.

2. Сен бара жатасың.
Сиз бара жатасыз (сылык түрү).
Сиздер бара жатасыздар.

3. Ал бара жатат.
Алар бара жатышат.

## КЕЛЕР ЧАКТЫН ЭНЕ ТИЛДЕ МААНИСИ КАНДАЙ?

*418-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап, алардын кандай маанини билдирип турганын айт.

Апам эрке баласын аскерге жөнөтүп жатты.

– Сен бизди уятка калтырба, балам. Биз сага зор ишеним артып жөнөтүп жатабыз. Сен Ата Журттун сакчысы болууга тийишсиң. Сага ишенип, баары тынч уктасын десең, элдин милдетин толук аткарууга аракеттен, – деди.

*419-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.



**Келер чак кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин боло тургандыгын билдирет. Келер чак берген маанисине карай экиге бөлүнөт:**

1. Айкын келер чак. 2. Арсар келер чак.

**Айкын келер чакта** кыймыл-аракеттин келечекте боло тургандыгы же болбостугу ишенимдүү көрсөтүлөт. Мисалы, *Эртең бизге жыйналыш болот.*

**Арсар келер чак** кыймыл-аракеттин келечекте болору же болбосу арсар, күмөн экендигин билдирет. Мисалы, *Кол бошосо, силерге да жардам берип каларбыз.*

*420-көнүгүү.* Төмөнкү сөздөрдүн арасынан келер чакты билдирген этиштерди тап, аны кантип тапканыңды айтып бер.

Кулунумду кулпунтуп,
Өстүрөмүн, таптаймын.
Өзүм минип жулкунтуп,
Элдин чегин сактаймын.

*А. Токомбаев*



**Урматтуу досум! Келер чактагы этиштер дайыма сүйлөм ичиндеги маанисине карай айырмаланат. Айрым учурларда учур чак менен келер чакты уюштурган мүчөлөр окшош келет.**

*421-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн этиштерди тап, аны кантип тапканыңды айтып бер.

Айылда жазгы жумуштар башталат. Бүгүн жаз майрамы 8-мартка карата даярдыктар жүрө баштады. Биз күткөн ал майрам да келип калар. Бул майрамды мен энелердин майрамы катары жакшы көрөм.

*422-көнүгүү.* «Жазгы талаа жумуштары» деген темада эссе жазгыла. Андан этиштерди таап, алар кандай маани берип, кандай кызмат аткарып жаткандыгын айтып бергиле. Чактарын аныктагыла.

## ӨТКӨН МЕЗГИЛДИ БАШКАЛАРГА ТҮШҮНДҮРҮҮГӨ БОЛОБУ?

*423-көнүгүү.* Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап, алардын кандай маани билдирип турганын айт.

Кыш кетти. Жаз келди. Жаз менен кошо келгиндер келишти. Алар кубулжутуп сайрап, көңүлдү көтөрө баштады. Былтыр да жаз ушундай болгон. Бирок биз жазда быйылкыдай тоого барган эмеспиз.

*424-көнүгүү.* Төмөнкү эрежени окуп чыгып, ага мисал келтиргиле.

**Өткөн чак сүйлөп жаткан учурдан мурда болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет. Ал берген маанилерине карай өз ара төрткө бөлүнөт жана ар түрдүү жолдор менен жасалат.**



Урматтуу досум! Өткөн чактын өзүнө таандык мүчөлөрү бар, алар төмөнкүлөр:

1) Айкын өткөн чак **-ды** жана жак мүчөлөрү аркылуу жасалат.

2) Белгисиз өткөн чак **-ган** жана жак мүчөлөрү аркылуу жасалат.

3) Капыскы өткөн чак чакчыл**-ып, -ыптыр** жана жак мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат.

4) Адат өткөн чак **-чу; -чү** жана жак мүчөлөрү аркылуу уюшулат.

Өткөн чактын татаал түрлөрү негизги этиштен **жана, эле, экен, эмес** деген жардамчы сөздөрдөн турат. Мында жардамчы сөздөргө тиешелүү жак мүчөлөрү жалганат.

| | |
|---|---|
| 1. Мен бар+ган элем. | 1. Биз барган элек. |
| 2. Сен бар+ган элең. | 2. Силер барган элеңер. |
| Сиз бар+ган элеңиз. | Сиздер барган элеңиздер. |
| 3. Ал барган эле. | 3. Алар барышкан эле. |

*425-көнүгүү.*



**Жеке суроолор:**

1. Буга чейин турмушта этиштин чак боюнча айырмалана тургандыгын ажыратып талдаган учуруң болду беле?

2. Эми кыргыз тилиндеги сөздөрдүн арасынан этишти, чактарын кандай жол менен жасалганын аныктоодо кыйналбайсыңбы?

3. Этиштин чактарынын турмушта кандай шартта колдонула тургандыгын айтып бере аласыңбы?

**Топко карата тапшырмалар:**

**1-топко:** Өзүңөргө жакын теманы тандап алгыла да, текст түзгүлө. Андан чактарды билдирген айрым этиш сөздөрдү алып, *этиштин чактары кандай жол менен жасалгандыгын, жак боюнча өзгөрүшүн* көрсөткүлө, мисалдар келтиргиле.

**2-топко:** Бир көрүнүштү тандап алып, текст түзгүлө. Андан чактарды билдирген этиш сөздөрдү алып, *этиштин чактарын кандай жол менен жасалгандыгын, жак боюнча өзгөрүшүн* аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

**3-топко:** Каалаган темада текст түзгүлө. Андан чактарды билдирген этиш сөздөрдү алып, *этиштин чактарын кандай жол менен жасалгандыгын, жак боюнча өзгөрүшүн* аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

**Жалпы тапшырмалар:**

1. Чакты билдирген этиш сөздөр турмушта кандай учурларда колдонуларын айтып бере аласыңарбы?

2. Этиштин чактарын уңгу, мүчөгө ажыратып талдоону мындан ары туура колдоно аларыңа ишенесиңби?

3. Этиштин чактарын жана алардын жасалышын билүүнүн сен үчүн зарылдыгы барбы?

**Өз алдынча иштөө:**

Өзүңдү этиштин чактарын жана алардын жасалышын толук өздөштүрүп, аны туура колдонууга үйрөндүм деп эсептейсиңби? Аны сен канчалык өздөштүргөнүңдү далилде.

## ЭТИШТИ КАНТИП ТАЛДООГО БОЛОТ?

1. Сөздүн лексикалык маанисин кандай, ошол маанисине ылайык кандай сөз түркүмгө кире тургандыгын аныктоо.

2. Морфологиялык белгилери:

а) алгачкы түрү;
б) жагы;
в) саны (жекелик, көптүк);
г) чагы;
д) түзүлүшү;
е) синтаксистик кызматы.

## БАЛДАРДЫН БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИН ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН 5-КЛАССТА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

1. Сөздүн уңгу, мүчөсү жөнүндө эмнени үйрөндүң?
2. Сөз жасоочу мүчөлөр канчага бөлүнөт?
3. Сөз өзгөртүүчү мүчө жөнүндө эмне билесиң? Жообуңду мисал менен далилде.
4. Сөздүн курамы деп эмнени айтабыз? Ал канчага бөлүнөт?
5. Кош сөздөрдүн кошмок сөздөрдөн айырмасы кайсы?
6. Татаал сөздөр кандай жазылат?
7. Зат атоочтун кандай категориялары бар?
8. Конкреттүү зат атоочтон абстрактуу маанидеги зат атоочтун айырмасы кайсы?
9. Абстракттуу маанидеги зат атоочтор көбүнчө кайсы санда болушат?
10. Жалпы аттан энчилүү ат жасоого мүмкүнбү?
11. Жөндөмөлөр деп эмнени айтабыз?
12. Таандык мүчө уланган сөздөр кандай жөндөлөт?
13. Зат атоочтон этиш жасоого мүмкүнбү?
14. Жөндөлүштүн канча түрүн билесиң?
15. Сын атоочтун башка сөз түркүмүнөн айырмалап турган категориялары кайсылар?
16. Сын атоочтун салыштырма даражасын кайсыл мүчө уюштурат?
17. Күчөтмө даража кайсыл сөздөрдүн жардамы менен жасалат?
18. Катыштык сын деп эмнени айтабыз?
19. Этиштин учур чагы кандайча жасалат?
20. Этиштин өткөн чагы деген эмне?
21. Этиш сөздөр сүйлөм ичинде эмне милдет аткарат?
22. Этиш кандай жолдор менен жасалат?
23. Татаал этиштин жасалуу өзгөчөлүгүн билесинби?
24. Грамматикалык түзүлүшү боюнча этиш канчага бөлүнөт?

# МАЗМУНУ

Киришүү ........................................ 5
Тил – пикир алышууга зарыл болгон эң маанилүү курал ........................ 6
Тил жана кеп ........................................ 8
Текст жана анын мүнөздүү белгилери ........................ 11
Текст кантип түзүлөт? ........................................ 13
Текст кантип түзүлөт? Анын темасын ким коет? ........................ 14
Оозеки жана жазуу кеби. Аны колдонуу формалары ........................ 21
Оозеки тексттин өзгөчөлүгү эмнеде? ........................ 22
Жазуу тексти деген эмне, анын өзгөчөлүгү кайсы? ........................ 25
**Кеп жана аны колдонуу формалары (стилдер) ........................ 25**
Тил каражаттары кепте кандай колдонулат? ........................ 27
Кеп жана стиль ........................................ 33
Оозеки сүйлөшүүгө таандык стилдер ........................ 34
Жазуу текстинин уюшулушу жана ага карата стилдик түзүлүшү ........................ 38
Жазуу кебинин расмий колдонулушу ........................ 42
**Көркөм стиль жана ага карата муктаждыктар ........................ 43**
Ой жүгүртүү жана кеп ........................................ 49
Кепте ой жүгүртүү кандай болот? ........................ 51
Синтаксис жана пунктуация ........................ 53
Сөздөр кантип айкашат? ........................ 56
Сөз айкашында сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору ........................ 57
Сөз айкашы жана аны аныктоонун зарылдыгы кандай?. ........................ 58
Сүйлөм жана анын коомдогу орду ........................ 60
Жай сүйлөм жана анын турмуштук зарылдыгы ........................ 61
Суроолуу сүйлөм эмнеге керек? ........................ 63
Илептүү сүйлөм – өзгөчө сүйлөм ........................ 65
Сүйлөмдүн курамына жараша бөлүнүшү ........................ 68
Сүйлөмдүн майда бөлүктөргө ажырашы – сүйлөм мүчөлөрү ........................ 70
Сүйлөм жасоочу негизге курал – сүйлөмдүн баш мүчөлөрү ........................ 72
Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкчаны коюу – жазуудагы сабаттуулук ........................ 74
Сүйлөмдүн айкындоочу мүчөлөрү – ойду берүү чеберчилиги ........................ 76
Аныктооч ........................................ 78
Толуктооч ........................................ 80
Бышыктооч ........................................ 82
Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү – сүйлөөдөгү көркөм каражаттар ........................ 83
Бир өңчөй мүчөлөрдүн байланышуу жолдору ........................ 85
Бир өңчөй мүчөлөрдүн тыныш белгилери кандай коюлат? ........................ 87
Каратма сөз – сүйлөмгө кирген кошумча маани ........................ 89
Каратма сөзгө кандай белгилер коюлат? ........................ 90
Жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык курамын аныктоо ........................ 92
Татаал сүйлөм жана аны түзүү чеберчилиги ........................ 94
Тең байланыштагы татаал сүйлөм кантип түзүлөт? ........................ 95
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү куруунун зарылдыгы эмнеде? ... 98
Татаал сүйлөмдү талдоо зарылбы? ........................ 102
Сөз эмнеге төл жана бөтөн сөз болот? ........................ 104
Бөтөн сөздүн түрлөрү жана аларга коюлуучу тыныш белгилер ........................ 107
Фонетика деген эмне? ........................................ 109
Тыбыш жана тамганы кантип аныктоого болот? ........................ 111

Үндүү тыбыштар кантип айырмаланат? .......... 111
Үнсүз тыбыштардын санын кантип аныктайбыз? .......... 113
Графика, орфоэпия жана орфография дегенди билесиңби?
Графика жөнүндө түшүнүк .......... 115
Орфография жөнүндө түшүнүк .......... 116
Кыргыз алфавити кантип пайда болгон? .......... 116
Э, Е тамгаларынын жазылышы .......... 120
Я, Ю, Ё, Е тамгалары жана алардын тыбыштык маанилериндеги өзгөчөлүктөр .......... 121
К, Г, Ж тамгаларынын жазылышын байкачы .......... 123
**Ъ** (ажыратуу) жана **Ь** (ичкертүү) белгилеринин жазылышы .......... 124
Сөздү ташыбаса болбойбу? .......... 125
Кыргыз тилинде басым барбы? .......... 128
Тыбыш менен тамганы талдап түшүндүрүүгө болобу? .......... 129
Кыргызча сөздү кантип туура айтууга болот?
Орфоэпия деген эмне? .......... 130
Лексика, лексикология, семисология жөнүндө эмне билесиң? .......... 132
Семасиология .......... 134
Сөздүн тике жана өтмө маанилери .......... 138
Омоним сөздөр деп кайсы сөздөрдү айтабыз? .......... 139
Антонимдер жөнүндө эмне билесиң? .......... 141
Одоно жана орой сөздөрдү кантип айтуу керек?
(Табу жана эвфемизм) .......... 142
Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери .......... 144
Сөз кантип жасалат? .......... 145
Уңгу жана мүчө деген эмне? .......... 147
Мүчө уланганда уңгунун өзгөрүш себептери.
Мүчөнүн түрлөрү .......... 148
Морфология жана орфография. Сөздөрдү кантип түркүмдөргө бөлүүгө болот? .......... 149
Заттарды сөз түркүмү катары атоого болобу? .......... 150
Зат атооч сөздөр кантип жасалат? .......... 151
Энчилүү аттарды жаза аласыңбы? .......... 152
Зат атооч сөз көптүк санда өзгөрүшү .......... 154
Зат атоочтун таандык жана жак таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү .......... 155
Эмнеге таандык мүчө сылык түргө муктаж? .......... 157
Таандык жалпы болушу мүмкүнбү? .......... 158
Зат атоочту морфологиялык жактан кантип талдоого болот? .......... 159
Сын атоочту кантип аныктайбыз? .......... 159
Заттын сын-сыпатын атоого болобу? Аны атаган сөз түркүмүнүн курамын кандай элестете аласың? .......... 161
Этиштин жасалышына көңүл бур .......... 165
Татаал этиштер, алардын жасалуу өзгөчөлүгү .......... 166
Этиштин жакталышы .......... 167
Этиштин мезгилге көз каранды болушу мүмкүнбү? .......... 169
Этиштин учур чагы кантип жасалат? .......... 169
Келер чактын эне тилде мааниси кандай? .......... 170
Өткөн мезгилди башкаларга түшүндүрүүгө болобу? .......... 171
Балдардын билим деңгээлин текшерүү үчүн
5-класста өтүлгөндөрдү кайталоо .......... 173

| № | Фамилиясы, аты | Окуу жылы | Китептин абалы* | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жылдын башында | жылдын аягында |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

* 5 баллдык шкала менен китептин колдонулган баасы

*Окуу басылмасы*

Акматов Болотбек, Мукамбетова Айгүл

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Орто мектептин 5-классы үчүн окуу китеби

Башкы редактору *С. Дуулатова*
Адис редакторлору *С. Төлөгөнова, Ч. Исакова*
Редактору *Р. Бектурова*
Көркөм редактору *Б. Жайчыбеков*
Техредактору *В. Крутякова*
Корректору *Р. Сакелова*
Компьютердик калыпка салган *У. Дуулатова*

Терүүгө 10.08. 2008-ж. берилди. Басууга 22.06.2009-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Форматы 60х90 $^{1}/_{16}$. Мектеп ариби. Түстүү ыкма менен басылды. 11,0 басма табак. Нускасы 73 484. Заказдын № YD133

*«IMAK OFSET BASIM YAYIN TICARET ve SANAYI LTD. STI» басмаканасында басылды. Туркия Республикасы, Стамбул шаары, Йенибосна кичи району, Ата Турк проспектиси, Гөл көчөсү 1.*